КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Г.Ш. АБДРАЗАКОВА

ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТТУУ БИЛИМ» ЧЫГАРМАСЫНЫН СЕМАНТИКАСЫ ЖАНА ТЕКСТ КАТАРЫ УЮШУЛУШУ



Бишкек-2011

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Г.Ш. АБДРАЗАКОВА

ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТТУУ БИЛИМ» ЧЫГАРМАСЫНЫН СЕМАНТИКАСЫ ЖАНА ТЕКСТ КАТАРЫ УЮШУЛУШУ

Бишкек – 2011

УДК 81/821.0
ББК 83
А 13

Монография Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институнун окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага сунуш кылынган.

Жооптуу редактор:
филология илимдеринин доктору, профессор ***Т.С.Маразыков***

Рецензенттер:
филология илимдеринин доктору, профессор ***М.Ж.Тагаев***
филология илимдеринин кандидаты, доцент ***Т.А.Абдиев***

Абдразакова Г.Ш.

А13 Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасынын семантикасы жана текст катары уюшулушу. – Б., 2011. – 156 б.

ISBN 978-9967-12-179-9

Бул монографияда тексттин илимий-теориялык маселелерине, аны изилдөөнүн аспектилерине таянуу менен «Куттуу билим» чыгармасынын семантикасы жана тексттик уюшулушу когнитивдик аспектинин изилдөө обьектиси болуп эсептелеген көркөм концепттердин текстти уюштуруучу мүмкүнчүлүктөрүн териштирүү менен иликтенди.

Эмгек тилчи-адистерге, окутуучуларга, аспиранттарга, студенттерге жана тил илимине кызыккан жалпы эле окурмандарга арналат.

Китеп Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору А. Акматалиевдин демилгеси жана басма боюнча проектисинин негизинде жарык көрдү.

А 4603010000-11 УДК 81/821.0

ББК 83
ISBN 978-9967-12-179-9
© Абдразакова Г.Ш.

БАШ СӨЗ

Теориялык тил илиминин өкүлдөрүнүн изилдөөлөрүнө таянсак, тексттин семантикалык түзүлүшү аны уюштуруучу тилдик каражаттар – лексемалардын, синтаксемалардын семантикалык-функционалдык анализге алынып, маанилик жактан текстти бир бүтүндүккө, жумурулукка, чулулукка бириктирип турган касиетке ээ экендигин талдоого алуу менен байланышкандыгы белгиленип жүрөт (А.И. Новиков, 1983, 1988; Текст: семантика, структура, 1981, 1983; И.В. Попов, 1989 ж.б.). Ал эми кыргыз лингвистикасында көркөм текстке семантикалык талдоо жүргүзүү, бир жагынан, маани, маңыз, мазмун, синсемантика, автосемантика, информациянын түрлөрү, подтекст маселелеринин табиятын ачуу менен байланышса (102, 2002; 18, 2006), экинчи жагынан, тексттин семантикалык түзүлүшү прагматикалык аспектиге байланышкан маселелер аркылуу изилдөөгө алынат (87, 2000). Дагы бир учурда мындай изилдөө тексттин бүтүндүгү, интеграция маселелери менен байланыштырылып каралган (77, 78, 79, 2005). Тексттин семантикалык түзүлүшүн аныктоодо изилдөөчүлөр тарабынан ар кандай мүнөздөгү (көркөм жана көркөм эмес) тексттер иллюстративдик материал катары талдоого алынып келет.

Албетте, тексттин семантикасын жогорку окумуштуулар караган аспектилерде аныктоого да болот. Бирок бул изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, **биздин иликтөө конкреттүү бир көркөм чыгарманы бүтүн текст катары карап, мазмунуна, маанисине, уюшулушуна ылайык андагы бүтүндүктү түзүп турган семантиканы жана структураны когнитивдик-прагматикалык аспектиден талдоого алуу** менен шартталган. Көркөм чыгарманы бүтүн текст катары **аталган аспектиде анализдөө коммуникативдик лингвистиканын жаңы багыттарына таянуу менен ишке ашырылат.** Мында биз Ю.Д. Апресян, Н.Д. Арутюнова, А.Н. Баранов, В.З. Демьянков, О.Л. Каменская, Ю.Н. Караулов, А.Е. Кибрик, Е.С. Кубрякова, Р.И. Павилёнис, В.А. Пищальникова, Ю.А. Сорокин, Ю.С. Степанов, И.А. Стернин, В.А. Маслова, В.Н.

Телия ж.б. тарабынан негизделген тилди ой-жүгүртүү, аң-сезим менен байланыштыра карап, объектинин субъектиде чагылдырылышын, таанымды когнитивдик, прагматикалык аспектилерде изилдөөгө таяныч боло турган илимий методологиялык базаларды жетекчиликке алабыз.

Тилди система-структуралык түзүлүш катары изилдеп үйрөнүүдө азыркы учурда антропоцентристтик көз-караштарга таянууга көбүрөөк басым жасала баштады. Учурдагы лингвистикалык теория тилдин түзүлүшүн изилдөө менен чектелип, тил деген эмне деген суроого гана жооп бербестен, таанып билүү процесстеринде, дүйнөнү өздөштүрүү, дүйнө жөнүндөгү маалыматты кабылдоо, сактоо жана мындай маалыматты иштеп чыгууда анын аткарган кызматы кандай деген суроого да жооп издөөгө багыт алды. Буга чейин тил система-структуралык түзүлүш катары лингвистикалык изилдөөлөрдүн борборунда болуп келсе, азыр ал илимий билимдердин айкалыш чегинде, башкача айтканда, лингвистиканы когнитология, психология, культурология, этнография, антропология менен айкалыштырып изилдөөгө көбүрөөк басым коюулуп калды (33, 2001). Жалпы эле дүйнөлүк лингвистикада антропоцентристтик, когнитивдик, лингвокультурологиялык, этнолингвистикалык ж.б. парадигмалар жаралып, тил ушул багытта изилдөөгө алына баштады. Бул багыттардын ичинен эң алгылыктуусу антропоцентристтик парадигма болуп эсептелет. **Азыркы лингвистиканын максаттарынын бири антропоцентристтик көз карашка басым жасоо** аркылуу **"адамдын тилин жана тилдеги адамды" изилдөөгө** багытталып бара жатат. Ал объектинин субъектиге өтүшү, объектинин субъектиде чагылдырылышы менен мүнөздөлөт. Башкача айтканда, **мындай анализдин максаты тилди системалык түзүлүш катары ар тараптан изилдөө** гана эмес, **тилди адам аркылуу, адамды тили аркылуу иликтеп-изилдөө** менен байланышкан. Бул багыт жайдак жерден эле жарала калган жок. Буга окумуштуу-философтор, тилчилер мурдатан бери эле назар коюп келишкен. Маселен, В. Гумбольдттун берген аныктамасы боюнча "тил – бул сырткы нерселер менен, чындык менен адамдын ички дүйнөсүн

байланыштырып турган алардын ортосундагы өзүнчө дүйнө" (37, 1984:304). Тил мына ушуга ылайык изилдениши керек. Ошондуктан Э. Бенвенист: "**лингвистика** маңызында "**адамдын тили жана тилдеги адам" жөнүндөгү** гуманитардык **илим** болуп эсептелет", – деген пикирин бекер айтпаса керек. Тилди система катары изилдөөдө Э. Бенвенист дүйнөлүк тил илиминде биринчилерден болуп автор менен адресатты тиҝеден-тике компонент катары киргизген жана "Жалпы лингвистиканын" бир болүгүн "Тилдеги адам" деп атаган (20, 1974). Мындай мамиледен алып караганда, лингвистикада тилдик каражаттар аркылуу берилген референттер жөнүндө гана эмес, активдүү адресант, интерпретатор жөнүндө, адам жөнүндө да изилдөөлөр жүргүзүлүп, ой-пикир айтылышы керек. Эң башкысы, **адам белгилүү бир элдин дүйнө таанымындагы концептуалдык системаны алып жүрүүчү катары өзүнүн түшүнгөн тили аркылуу дүйнөнү таанып билет** жана башка тилди алып жүрүүчүлөрдүн дүйнө таанымдарына таянып, пикир алмашууну, баарлашууну ишке ашырат (110, 1983:259-260). Тилге карата мындай антропоцентристтик мамиледеги көз караштар лингвистикалык изилдөөлөрдүн тармактарын кеңейтүүгө алып келди. Башкача айтканда, психолингвистика, этнолингвистика, лингвокультурология, прагмалингвистика, когнитивдик лингвистика деген багыттардын айкалыш чегиндеги адамдын тилин жана тилдеги адамды лингвистикалык жактан изилдөө иштери кеңири жүрө баштады. Акыркы убактарда текстке карата когнитивдик мамиле актуалдуу болуп калды (82, 2008:23). Мындай мамиле текстти жаратууну жана кабылдоону ишке ашыруунун теориялык негизи катары адамдын таанымдары, билимдери менен байланышат. Маселен, З.Я. Тураева "Лингвистика текста" деген эмгегинде билимдердин ар кандай түрлөрүн тилдик каражаттар менен берүүнүн структурасын анализдөөгө алат. Автор: "текстти жаратуу, жеткирүү процесстери билимдерди иштеп чыгуу процесстеринде адамдын тажрыйбасына ылайык анын акыл-эси менен байланышат. Бул адамдын дүйнө жөнүндөгү билимдерин чагылдырат", - дейт (139, 1993). Мындай антропоцентристтик багыттагы анализдер пикир

алмашуунун, маалымат берүүнүн негизги бирдиги болгон **тексттн семантикалык жактан изилдөөлөрдө** ачык айкын көрүнөт. Анткени текстти адамдан сырткары, аны менен байланыштырбай изилдөөгө болбойт. Аны жаратуучу – автор, ал эми кабылдоочу – адресат. Эгерде **тил** бардык **ой-жүгүртүү процесстерине аралашпаса, менталдык көз караштарды чагылдырууга жөндөмсүз болсо, анда адам** тикеден-тике **таанымга, жалпы билимдерге ээ боло албайт** эле. Чындык алгач адам аркылуу, анын объектини түшүнүү шартына байланыштуу интерпретацияланат. Ошондуктан текст адамдын ой-жүгүртүү кыймылдарын тилдик каражаттардын жардамы менен чагылдырат. Мына ушундай түшүнүктөрдүн негизинде тексттик лингвистика жаралган (82, 2008:13).

Тексттик лингвистикадагы изилдөөлөрдө ар кандай стилдеги тексттердин ичинен өзгөчө көркөм стилдеги тексттерге анализ жүргүзүүгө көбүрөөк басым жасалат. Пикир алмашуунун өзгөчө түрү катары көркөм коммуникацияны белгилөөгө болот. Анткени көркөм тексттер адабий тилдин калыптанышында эң маанилүү роль ойноп, башка стилдерге караганда жалпы элге кеңири тараган өзгөчө түрү катары каралып келет. Бардык эле көркөм текст бир эле учурда искусствонун гана фактысы эмес, тилдик факты да болуп эсептелет (82, 2008:23). Демек, **тилдик факты катары көркөм тексттин семантикасын анын авторунун дүйнө таанымы, менталдык көз караштары, түшүнүк-туюму менен бирдикте изилдөө** бүгүнкү күндөгү теориялык тил илиминин **актуалдуу** маселелеринен болуп саналат. Бул маселе жалпы тил илиминде, өзгөчө, Европа тилдеринин материалдарынын негизинде белгилүү деңгээлде изилдөөгө алына баштагандыгына бир топ эле мезгил болду. Түрк тилдеринин материалдарын пайдалануу менен бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүүгө азербайжан, түрк, казак илимпоздору да азыркы учурларда көңүл буруп жатышат. Тилдик факты-материалга ушул өңүткө жакын мамиле кылуу кыргыз тил илиминде да акыркы учурда байкала баштады. Текстке прагматикалык аспектиден мамиле кылууда С. Ж. Мусаевдин эмгегинде алгач аракеттер жасалса, тилдик структурага

психолингвистикалык, этнолингвистикалык аспектилерден мамиле кылуу А. Өмүралиеванын, Г. Рыскулованын изилдөөлөрүндө (87, 2000; 106, 2008; 116, 2008) каралды. Ушуларга таянуу менен биз **өз изилдөөбүздө тексттик семантиканы (кеңири мааниде) антропоцентристтик планда когнитивдик мамиледен караштырып көрүүнү изилдөө максаты катары коюп отурабыз.**

Изилдөөгө алуу үчүн биз жалпы түрк элине, анын ичинен кыргыз элине таандык болгон Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" көркөм текстин иллюстративдик материал катары пайдаландык.

Жусуп Баласагын жана анын «Куттуу билим» көркөм чыгармасы илимдин башка тармактарында (адабият таануу, философия, тарых ж.б.) изилденгени менен, коммуникативдик ишмердикти ишке ашыруучу бирдик - текст катары анын семантикасы жана уюшулуш механизмдери тууралуу изилдөө иши жүргүзүлгөн эмес. Андан калса, **автордун дүйнө таанымынын бүтүн текст түрүндө чагылдырылышы, дүйнөнү кабылдоонун тилдик картинасы, аны чагылдыруунун мыйзамдары изилдөөгө алына элек. Жеке автордук дүйнө таанымдын текст катары берилишин изилдөө кыргыз тил илиминдеги алгачкы иштерден** болуп эсептелет. **Дүйнөнү бүтүндүктө кароо**, андагы жалпы жашоону туюндуруу жөнүндөгү ой **Жусуп Баласагындын менталдык позициясынын негизги бөлүгү** болуп саналат. Ошондуктан чыгарманын текст катары уюшулушун жана анын семантикасын анализдөө автордун философиялык дүйнө таанымына, жалпы билимине кайрылууга шарт түзөт. **Ушундан улам бул илимий изилдөөдө көркөм текстке анализ жүргүзүүдө** текстти уюштуруучу категориялар менен бирге ***когнитивдик система, дүйнөнүн тилдик картинасы, дүйнөнүн образы, концепт, концептуалдык система, көркөм концептуалдык система ж.б.*** **категориялар, аларды берүүнүн тилдик каражаттары чечмелөөгө алынат.** Көркөм чыгармада чындык жөнүндөгү бир нечелеген фрагменттердин семантика-структуралык

уюшулушунун негизинде бир бүтүндүктү түзгөн, тактап айтканда, Жусуп Баласагындын таанымындагы дүйнөнүн образын, жалпы жашоону, адамзат маданиятын көркөм концептуалдык система катары туюндурган бүтүн текстти тилдик каражаттар – ачкыч лексемалар (айрымдары когнитивдик аспектиде концепттер) жана айтымдар аркылуу анализдөө аракети жүргүзүлөт.

Албетте, бизге жеткен котормону изилдөөдө ар кандай талаш-тартышты туудурган маселелер бар экендигин белгилей кетүү керек. Анткени автордун информациялык ой-бүтүмүнүн лингвистикалык каражаттар аркылуу берилиши белгилүү деңгээлде өзгөрүп кетиши – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ар кандай мезгилде, ар кайсы элде, ар түрдүү котормочулардын чеберчилигинен жаралып отуруп, өз оригиналынан четтеп, лингвистикалык жактан бир топ айырмачылыктарды жаратышы мүмкүн. Мына ушуга байланыштуу маселелер, тактап айтканда, көркөм чыгармадагы бөлүмдөрдүн (баптардын) берилиш тартиби, айырмачылыктары, бөлүмдөрдүн жана бейттердин алмашып келиши, тигил же бул транскрипцияларда лексикалык каражаттардын же сөз айкаштарынын колдонулуш мүмкүнчүлүктөрү, кайсы бир бейттердин жок болушу жана башка ушул сыяктуу факты-материалдар биздин иликтөө ишибизге кирбейт. Биздин максат бир нечелеген котормолордун негизинде келип чыккан өзгөчөлүктөрүн, айырмачылыктарын териштирүү эмес, колдо турган белгилүү бир тексттин семантика-структуралык жагына анализ жүргүзүү. Кайсы гана котормону албайлы, ыр саптары сакталуу менен, негизги айтылуучу рационалдык жумуру өзөк маани бузулбай берилгендиги – чындык. Ошондуктан чыгарманы лингвистикалык нукура негиз деп эсептебегенде да, анын структуралык-семантикалык уюшулушуна басым жасоо аркылуу кыргызча уюшулган көркөм котормону тилдик факты катары карап, аны текст катары анализге алууну туура деп таптык. Анализ Т. Козубековдун Жусуп Баласагын "Куттуу билим" Москва НИК 1993- жылкы котормосу боюнча жүргүзүлдү.

Чыгармага текст катары лингвистикалык анализ жүргүзүүдөн мурда авторго тиешелүү болгон тарыхый жагдайларга бир аз кайрыла кетүү зарыл. Анткени Жусуп Баласагындын дүйнө таанымы өзү жашаган доор жана замандаштары менен, ошол мезгилдин тарыхый кырдаал-шарттары менен тыгыз байланышта болгон.

Жусуп Баласагын – XI кылымда жашаган улуу ойчул, акын, философ, энциклопедиялык билими бар илимпоз, түрк тилинин улуу устаты. Автордун өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө так маалыматтар жокко эсе. Ал Кыргыз Республикасынын аймагындагы азыркы Токмок шаарынын түндүк тарабында жайгашкан, ошол мезгилдеги Караханийлер мамлекетинин ордосу болуп эсептелген Баласагун шаарында туулган. Көркөм тексттеги автордун (Карып калды элүүдө менин жашым, 365-бейт) айтымына карап, түрк илимпозу А. Дилачар аны 1017-1018-жылдары туулган деп белгилейт (90, 2002).

"Куттуу билим" – орто кылымдын экинчи жарымында чыгыш Түркстанда жазылган адабий дидактикалык жана философиялык мазмунга ээ чыгарма. Ал, тарыхый маалыматтар боюнча, 1069-1070-жылдары 18 айдын ичинде Жусуп Баласагын тарабынан жазылып калтырылган. Автор бул эмгегин Чыгыш Түркстандагы "Карахандар империясы" деп аталган мамлекеттик түзүлүштүн Кашкар тарабында акимчилик кылган Табгач Кара Буура канга белек катары тартуу кылып, андан "Хасс-Хаджип" деген наам алган. Чыгыш Түркстанды мекендеп жашаган (карлук, уйгур, кыргыз, кыпчак, чигил, ягма, тукси) түрк калктарынын тарыхый-маданий мурасы болуп калган "Куттуу билим" чыгармасы ар кайсы элдерге тарагандыгын тексттеги айтымдар аркылуу баамдоого болот. Ошондуктан бул чыгарманы ирандыктар "Шах китеби", Араб өлкөсүндө "Өкүмдарлардын зыйнаты", Кытайда "Мамлекет түркүгү", турандыктар "Куттуу билим", ал эми айрым жерлерде "Өкүмдарлардын осуят китеби" деп аташкан (90, 1993).

"Куттуу билимдин" түп нускасы тарыхый себептерге байланыштуу сакталып калган эмес, бирок андан көчүрүлүп калган ар түрдүү тилдеги үч нускасы ар кайсы жерден табылгандыгы белгилүү. Биринчиси Вена шаарында, экинчиси

Каир шаарында, ал эми үчүнчүсү Ферганада сакталгандыгы тууралуу маалыматтар бар (75, 1951). Бул көчүрмөлөрдү транскрипциялоодо В.В. Радлов (1910), С.Малов, Р Арат (1942-1943), К. Каримов (1970) жана башкалар алгач иштешкен. Андан кийин толук котормосун 1983-жылы С.Н. Иванов орус тилинде ишке ашырган. 1986-жылы А. Егеубаев казак тилине, ал эми 1988-жылы кыргыз тилине Төлөгөн Козубеков "Кут алчу билим" деген ат менен которуп, ал эми 1993-жылы Москвадан "Куттуу билим" деген ат менен чыгарган. Мындан башка дагы уйгур тилине, Кытай тилине ж.б. тилдерге да которулган. Чыгарманы изилдеп үйрөнүү ишине жогорудагы окумуштуулардан башка дагы бир катар изилдөөчүлөр өз салымдарын кошушкан жана кошуп жатышат (47, 2004).

XI кылымдан тартып бүгүнкү күнгө жеткен Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" чыгармасы тарыхчылар, философтор, адабиятчылар тарабынан ар тараптуу изилдөөгө алынып жаткандыгы азыр да анын актуалдуу экендигин көрсөтүп турат. Тил илиминде да аталган чыгарманын текст катары семантика-структуралык жактан талдоого алынышын алгачкы саамалык деп айтууга болот. Анткени буга чейин "Куттуу билим" чыгармасын мындай багытта иликтөө иши жүргүзүлө элек.

Ар бир ойдун жаралышына илимий же турмуштук тажрыйбалар түрткү болгон сыяктуу, **тексттин уюшулушун изилдөөдө таанып-билүүнүн башаттары, негиздери автор аркылуу берилгенин, ал кайсы бир доор, белгилүү бир чөйрө жана белгилүү бир элдин дүйнө таанымы, дүйнөнүн тилдик картинасы менен байланышта караларын талдоого алуу антропоцентристтик багыттагы когнитивдик-прагматикалык аспекти**ге таянууга, ошондой эле этномаданий маселелерге кайрылууга мажбурлайт. **Ошол себептен** аталган **текстти иликтөөдө орто кылымдардагы түрк элинин, анын ичинен кыргыз элинин менталдык психологиясы жана философиясы менен байланышкан этнолингвистикалык маселелер да камтылган**дыгын белгилей кетмекчибиз.

Бул изилдөөнүн объектиси болуп тилдик бирдиктер жана айтымдардын органикалык тутуму аркылуу көркөм

концептуалдык системаны түзгөн «Куттуу билим» чыгармасынын тексти эсептелет.

Ошондой эле изилдөөдө дүйнөдөгү жашоонун негизи жана анын динамикалык процесстеринин автордук көз караш аркылуу берилишиндеги, окурман аркылуу кабылданышындагы маалыматтык негизги бирдик – текст семантика-структуралык жактан талдоого алынат. Автордук көз карашты чагылдыруучу тилдик каражат катары **ачкыч лексемалар (концепттер) жана алар аркылуу уюшулган айтымдардын текст куроочулук мүмкүнчүлүктөрү териштирилет.**

"Куттуу билим" чыгармасынын текстинин семантикалык чулулугун, бүтүндүгүн, структуралык уюшулушун талдоо, чындыктын ар түрдүү фрагменттери жөнүндөгү концепттер аркылуу тексттик бир базаны, жалпылыкты аныктоо, Жусуп Баласагындын дүйнөнүн картинасын бүтүндөй текст катары беришин иликтөөгө алуу бул изилдөөдө ишке ашкан.

Изилдөөбүздө текст жөнүндөгү буга чейин жүргүзүлгөн теориялык изилдөөлөргө кайрылуу менен, изилдөөнүн максатына ылайык андагы илимий жоболор кеңири колдонулду. Дүйнөнү бүтүндүктө кароонун когнитивдик моделин анализдеп чыгууга, дүйнөнүн тилдик картинасы жөнүндө түшүнүктү аныктоого, анын түзүлүшүн ачып көрсөтүүгө аракеттер жасалды. Ошондой эле дүйнөнүн тилдик картинасынын негизинде түзүлгөн көркөм концептуалдык системанын текст аркылуу берилишине аныктамалар берилди. Дүйнө жөнүндөгү билимдердин жана таанымдардын концептуалдык система катары туюндурулушун түшүндүрүүгө жана изилдөөгө да аракеттер жасалды. Бул үчүн концептуалдык системаны түзгөн концептердин текстти уюштуруучу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо, пикирлешүүгө катышып жаткан автордун жана окурмандын прагматикалык шарттарын аныктоо маселелерине да изилдөө жүргүзүлдү.

Жалпы адамзаттык, улуттук менталитеттик жана автордук көз караш аркылуу жалпы жана жеке таанымдык, эстетикалык, этикалык маанилерди туюндурган концепттерди анализдөөгө жана автор тарабынан актуалдаштырылган лексемаларды бөлүп көрсөтүүгө да бул изилдөөдө орун берилди.

Биздин оюбузча, бир нечелеген тексттердин тутумунан турган көлөмдүү чыгарманы бүтүн текст катары кароо, автордук көз карашты «дүйнөнүн тилдик картинасы» түшүнүгү менен бирдикте анализге алуу гана тексттин семантикасын кеңири көлөмдө ачып берүү менен анын куралуу механизмдерин көрсөтө алат.

Бул изилдөөдө бир гана лингвистиканын өзүнө тиешелүү маалыматтарга, тилдик каражаттарга таянылбайт. Предметке карата мамиле жөнөкөйдөн татаалга карай багыт алуу менен, интегралдык анализ жүргүзүүнү талап кылат. Башкача айтканда, бул бир бүтүндүккө биригип турган бөлүктөрдү жана элементтерди интралингвистикалык параметрлер менен гана иликтеп чектебестен, илимий-билимдердин айкалыш чегинде аларды анализдөөгө алуу дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан **бүтүндөй текстке анализ жүргүзүүдө антропологиянын, прагматиканын, психологиянын, когнитологиянын маалыматтары бул иште камтылды.**

Изилдөө ишинде лингвистиканы **бир нече илимдердин айкалыш чегинде** иликтөө аркылуу **дүйнөнү таануу, дүйнөнү кабылдоо, сактоо, өздөштүрүүдө тилдин аткарган кызматы аң-сезим, ой-жүгүртүү процесстери менен байланышта каралып, көркөм тексте дүйнөнү аңдап билүүнүн концепттеринин диалектикалык карым-катышын семантика-структуралык жактан аныктоого ар тараптан аракет жасалды.**

Көркөм тексттеги жеке автордук концепт маселеси жана **аны декодировкалоонун ык-амалдары конкретүү чыгарманын факт-материалдарынын негизинде түшүндүрүлдү. Көркөм тексте адресант менен адресаттын прагматикалык багыттарын** жана **алардын шарт-жагдайларын когнитивдик теориянын негизинде аныктоо зарыл экендиги** илимий проблема катары бул монографияда **көрсөтүлдү**. Чындыгында бул изилдөөдө дүйнөнүн **тилдик картинасы, анын негизин түзгөн концептуалдык жана көркөм концептуалдык система маселелеринин жалпы адамзаттык, улуттук-менталитеттик** жана **индивидуалдуу,**

көркөм-эстетикалык функцияларга ээ экендигин анализдөөгө биринчи жолу аракеттер жасалды. Ошондой эле, изилдөөдө көркөм тексттеги сөздүн функционалдык негиздери жана поэтикалуу көркөм текстти семантикалык жактан уюштурууга катышышы көрсөтүлдү.

Көркөм тексттин семантикасын **антропоцентристтик планда изилдөө** адамдын таанымдары жана билимдери менен байланышып, андагы **тилдик каражаттардын түшүнүктүн (концепттин) мазмунуна ылайык колдонулушун, ролун изилдөө практикалык жактан да чоң мааниге ээ деп ойлойбуз. Коомдук маданий, саясий, этика-эстетикалык маселелерди туюндурган түшүнүктөр тилде ар бир концепттин түзүлүшүнө өбөлгө болуп, тилдин аткарган кызматы адамдын өзүн, жүрүм-турумун, коомдогу ордун иликтеп-изилдөө менен байланышта каралары** мүмкүн экендиги **келечектеги илимий изилдөөгө** башкача кароого **шарт түзөт** деген үмүттөбүз.

Биздин оюбузча, тилдик бирдиктердин сырткы (формалык) жана ички (семантикалык) жагы ой-жүгүртүү менен байланышта болуп, таанып-билүү аркылуу дүйнөнүн картинасын түзөт. Текст - белгилүү бир пикир алмашуу чегинде ишке ашкан дүйнөнүн тилдик картинасынын фрагменттерин же алардын бирин концептуалдуу чагылдырган кептик ой жүгүртүү ишмердиги болуп саналат. Ар бир концепт дүйнөнүн тилдик картинасынын фрагменти. Бир нече концепттердин жыйындысынан уюшулган көркөм концептуалдык система автордук дүйнө тааным менен түзүлүп, бүтүн текстти уюштурат. Ачкыч сөздөр аркылуу уюшулган айтымдардын семантикалык байланыштары текстти түзүп, тексттин мазмунун аныктоодо концепт негизги роль ойнойт. Тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган концепттер чындык жөнүндө маалыматты этникалык көз караштар менен байланыштырат. Ушул сыяктуу илимий-теориялык маселелер бул монографиянын мазмундук өзөгүн түзөт.

Изилдөө ишинде жалпы методикалык негизде тилге система-структуралык, семантикалык, антропологиялык жактан мамиле кылган лингвисттердин тил илиминдеги методологиялык

жоболору, жыйынтыктары, тыянактары, кыргыз тил илиминдеги текстти изилдөөчүлөрдүн колдонгон методологиялык ыкамалдары негизги жобо катары таяныч болду.

Көркөм тексттеги дүйнөнүн картинасын чагылдырган тилдин система-структуралык, семантикалык түзүлүшүн философия, психология, этика, эстетика, этнография ж.б. илимдердин айкалыш чегинде чечмелөөгө аракет жасалды. Текстке карата структура-семантикалык талдоолордо изилдөөнүн теориялык жана эмпирикалык методдору, байкоо, сыпаттоо, анализ жана синтез жалпылоо жана жеке абстракциялоо, индукция жана дедукция ыкмалары кеңири колдонулду.

Монографиянын структурасы баш сөздөн, эки главадан, корутунду бөлүмдөн, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Монографияда текстти изилдөөнүн когнитивдик аспектисине басым жасалып, ар кылдуу, көп жактуу, татаал мүнөзгө ээ маселелер камтылгандыктан, Сиздердин сын-пикир, каалоо-тилек, ой бөлүшүүлөрүңүздөр биз үчүн абдан керек жана баалуу. Билдирүүлөрүңүздөр биздин мындан аркы изилдөөлөрүбүзгө чоң салым кошот деп ишенебиз.

1-БӨЛҮМ. ТЕКСТ ЖАНА АНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

1.1.Текст – изилдөөнүн объектиси

Бүгүнкү күндө жалпы тил илимининн актуалдуу жана теориялык маселелеринин бири болгон текстти ар тараптан иликтөөгө окумуштуулар тарабынан олуттуу көңүл бурулуп, ал тууралуу жеке жана жалпы теориялардын келип чыгышына көптөгөн шарттар түзүлүүдө.

Жалпы эле дүйнөлүк лингвист-окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянганда, тилдин "анатомиясын" изилдөө өзүнүн жаралуу жана өнүгүү жолунда бир нечелеген кылымдарды басып отсө, тексттин лингвистикалык талдоого алынышы, ага ар түрдүү оңуттөн изилдөөлөрдүн жүргүзүлүп жатышы аз гана убакытты ичине камтып турат. XX кылымдын II жарымына чейин тилдик система статикалык мүнөздө талдоого алынып келсе, XX кылымдын 60-70-жылдарынан тартып аны "кыймыл аракеттеги тил" деп кароо менен динамикалык мүнөздө талдоого өзгөчө маани бериле баштады. (46, 1978; 87, 2000). Тактап айтканда, тилге коммуникативдик-функционалдык аспектиден изилдөө иштери жүргүзүлө баштады. Мындай изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшүнөн улам текст өз алдынча илимий объект, предмет катары бөлүнүп чыгып, тексттик лингвистиканын жаралышын жана өнүгүшүн шарттады. Тексттин теориясы – кеп ишмердиги жана анын процесстери жөнүндө изилдеп үйрөтүүчү тармактар: коммуникативдик лингвистикада, социолингвистикада, психолингвистикада, когнитивдик лингвистикада, информатикада, этнолингвистикада, функционалдык лингвистикада, котормо теориясында ж.б. алкагында аныкталуучу илимий тармак катары изилдөөгө алына баштады. Тилди изилдеп үйрөнүүнүн функционалдык аспектиси коммуникативдик процессти (пикир алышууну) аныктоого багыт алды.

Арийне, кеп ишмердиги процесси жана анын бирдигин тилдин эң жогорку чегиндеги бирдик катары кароо илимде калыптанып калды. Мындай кеп бирдиги текст деп аталып, аны

интралингвистикалык жана экстралигвистикалык параметрлер менен иликтөө иштери жүргүзүлө баштады (26, 2004). Тил илиминде текстти мындай изилдөөгө алуу "тексттин теориясы" деген илимий тармакты пайда кылды. Текст – эң жогорку чектеги коммуникативдик бирдик катары көптөгөн белгилери жана мүнөздөмөлөрү (ишке ашырылышында жана түзүлүшүндө) бар структура – семантикалык бүтүндүк катары бул илимдин объектисине айланды.

Текстти изилдеп үйрөнүү "тексттин теориясы" деген аталыштан башка дагы ар түрдүү атоолор менен, мисалы, «тексттин лингвистикасы» «тексттин структурасы», «герменевтика», «тексттин грамматикасы» "дискурс", "нарратология" ж.б. ишке ашырыла баштады (145, 2007). Мындай ар түрдүү атоолор, негизинен, бир эле мааниге ээ. Тактап айтканда, бул аталыштын баары текстти тилдик аспектиден системалуу түрдө изилдөөгө алуу дегенди эле түшүндүрөт. Тексттик лингвистика – кеп ишмердиги процессинде кызмат аткарган текстти кептик чулу бүтүндүк катары ар тараптан изилдөөгө алган лингвистиканын жаңы тармагы. Ал тексттин уюшулушун, түзүлүшүн, андагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү, алардын лингвистикалык негиздерин изилдөөгө багытталат. Мындай тексттер жөнүндөгү изилдөөчү илимди Л.М.Лосева текстология деп атайт да, текстология кептин ар түрдүү стилдеги жана жанрдагы функционалдуулугун изилдеген бүтүндөй тексттер жөнүндөгү өзгөчө илим деп белгилейт (71, 1974).

Демек, текст - татаал жана көп кырдуу мүнөзгө ээ, кеп ишмердигинин негизин түзгөн, лингвистикалык изилдөөлөрдүн эң жогорку чегиндеги обьект. Аны ар тараптан изилдөө көптөгөн мезгилдерди жана терең изденүүлөрдү талап кылат. Азыркы учурда тексттерди изилдөө тынымсыз түрдө өнүгүү жолунда. Ал ар түрдүү баскычта: теориялык жана практикалык планда, ар түрдүү багытта жана өңүттө, ар кыл аспектиде, жаңы-жаңы принциптердин негизинде, ар тараптуу мамиле (подход) аркылуу бир нечелеген маселелерди чечүүнү иш жүзүнө ашырууда изилденүүдө. **Текст бир гана илимдин чегинде эмес, илимдин**

ар түрдүү тармактарында, алардын айкалыш чегинде изилденет. Аны лингвисттер гана эмес, психолог, философ, социолог, педагог, методисттер ж.б. изилдешет. Ал илимий изилдөө мекемелеринде, жогорку окуу жайларында, мектептерде ж.б. изилденип окутулат. Мындай иш-аракеттерден улам **текст бир гана** илимдин – **лингвистиканын изилдөө объектиси эмес, гуманитардык жана так илимдердин да изилдөө объектиси** экендигин билебиз. Аны кайсы гана илимдин изилдөө объектиси деп карабайлы, **өзүнүн негизги аткарган кызматы – кеп ишмердигин, маалымат берүүнү ишке ашыруу.**

Кандай болбосун **вербалдык текст тилдик каражаттар аркылуу түзүлөт**. Ал ар кандай тилдик бирдиктерден түзүлгөн баш аламандык эмес, бардыгы бири-бири менен байланышкан тилдик бирдиктердин иреттелген системасынан уюшулат. Мындай системанын иерархиялык катнашы – тыбыш, сөз, сөз айкашы, сүйлөм, акыркы баскычта гана толугу менен айтымды уюштуруп, булардын негизинде уюшулган текст коммуникативдик бирдикти түзөт. Бул бирдиктин уюшулушу андагы элементтердин улам татаалданып отуруп, бир деңгээлден экинчи бир деңгээлге, коммуникациялык баскычка өтүүнүн жыйындысы болуп эсептелет. Тил мына ушундай ар түрдүү баскычтагы бөлүктөрдөн (фонологиялык, лексикалык, грамматикалык, тексттик) турган бүтүн система катары өзүнүн функционалдуулугун теориялык маселелер аркылуу изилдөөгө алат. Ошол эле учурда кептин бирдиги болгон текстти система-структуралык түзүлүш катары прагматикалык, семантика-информативдик, когнитивдик, ж.б. функционалдуулугунун методологиялык маселелерин чечүүгө байланышат (67, 1974).

Демек, тил илиминде текстти мындай системалуу түрдө изилдөөчү жаңы тармак жөн эле жерден жарала калган жок. Анын жаралышын жана өнүгүшүн шарттай турган көптөгөн себептери бар. Бул жагдай шарттардын себебин аныктап-тактоодо биз орус тилчи-окумуштууларынын жана кыргыз тил илиминдеги текстти изилдөөнүн баштоочулары Т. С. Маразыковдун (1996), С.Ж. Мусаевдин (2000) эмгектерине

көбүрөөк таяндык. Анткени алар чет элдик жана орус окумуштууларынын изилдөөлөрүнө таянуу менен, кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде бул себептерди кылдат изилдеп чыгышкан. Мисалы, Т. С. Маразыков тексттин илим катары жаралышына негиз болгон себептерди изилдөөнү антикалык доордогу атактуу философ Аристотелдин "Риторика" аттуу эмгегинен баштайт. Ошондо эле көлөмү жагынан сүйлөмдөн чоң семантика-структуралык бирдиктер бар экендигин Аристотель баамдап, аны "период" деп атагандыгын айтат. Андан кийин период жөнүндөгү түшүнүктөрдү орус окумуштуулары М.В. Ломоносов, А.Х. Востоков, Ф.И. Буслаевдер өнүктүргөндүгүн билдирет.

А. А. Потебня сүйлөмдөн чоң бирдикти "речь" деп атаган. Ал эми Д. Н. Овсянико-Куликовский аны татаал сүйлөмдүн бир түрү катары караган. Анын пикирин А.М.Пешковский сынга алуу менен, сүйлөмдөн чоң бирдикти татаал сүйлөм менен чаташтырбоону эскертет да, аны "татаал бүтүндүк" деп атайт. Ал татаал бүтүндүк эки же андан ашык сүйлөмдөн биригип түзүлөрүн байкаган. А.М. Пешковский сүйлөмдөн чоң бирдиктердин маселесин коюу менен гана чектелген (76, 1996).

Мындай байкоолор бирин-экин айтылганы менен, Т.С. Маразыков советтик тил илиминде тексттик лингвистика 1930-40 - жылдардан баштап колго алына баштагандыгын С.И. Гиндиндин, О.И. Москальскаянын эмгектерине таянуу менен көрсөткөн.

40-50-жылдарда сүйлөмдөн чоң бирдиктерди иликтөө максатында Г.О.Винокур (1948), Н.С Поспелов (1948), А.И.Белич (1947), А.И.Фигуровский (1948), Л.А.Булаховский (1952), И.И.Жинкин (1958) ж.б. эмгектери жарыялагандыгын санап өтөт.

Ушул эле жылдары чет өлкөдө да тексттик лингвистика боюнча эмгектер жарык көрө баштаган. Маселен, О.И. Москальскаянын билдирүүсүнө караганда, немец окумуштуусу Карл Боост сүйлөмдөн чоң бирдиктерди "сүйлөмдөрдүн тилектештиги" деп атап, андагы сүйлөмдөрдүн байланышын камсыз кылып турган бир катар каражаттарды көрсөткөн.

Жогорудагыдай изилдөөлөрдөн улам Т.С. Маразыков бул жаңы тармактын жаралышына өбөлгө болгон алгачкы себеп катары маанилик жана структуралык жактан сүйлөм деп атоого мүмкүн болбогон, сүйлөмдөн чоң бирдиктердин ("синтаксистик татаал бүтүндүк","жогорку фразалык бирдик", "татаал бүтүндүк", "речь", "кеп", "абзац", "айтым" ж.б.) бар экендигин баамдап, аларга талдоо жүргүзө баштоонун зарылдыгын эсептейт. Ошондой эле ал тексттик лингвистиканын илимий тармак катары бөлүнүп чыгышына төмөндөгүдөй теориялык үч себепти корсөткөн:

1. Ф.де Соссюрдун теориясынын негизинде тил менен кепти бири-биринен айырмалап түшүнүү, алардын биримдиги жана айырмачылыктарынын такталышы.
2. Тилдик норма жөнүндөгү түшүнүктүн пайда болушу жана анын ар тараптуу изилдениши. Кептик норма жөнүндөгү ой пикирдин калыптанышы.
3. Тилдин стили жана кептин стили жөнүндөгү илимий көз караштардын пайда болушу.

Т.С.Маразыков бул теориялык үч себептин ар бирине токтолуп, чечмелеп берет (76, 1996).

Ал эми ушул эле максаттагы иликтөөлөрүндө С.Ж. Мусаев (2000) тил менен кепти бири-биринен принциптүү түрдө айырмалап кароонун зарылдыгын тексттик лингвистиканын жаралышына негиз болгон башкы идея катары эсептейт. Бул ойлорун бекемдөө үчүн ал дүйнөлүк окумуштуулар Ф де Соссюрдан баштап, Х.Вейнрих, Э. Бенвенист, В.Дресслер, М.А.Хеллидей, Т.ван Дейк, Б.Хартман жана башкалардын изилдөөлөрүнө таянган. С. Ж. Мусаев: "тил – кеп агымынын структуралык элементтери катары гана биздин сезүү органдарыбыз – көрүү, угуу аркылуу бизге белгилүү болгон модель, схема, реляциялык структура. Ал эми кеп болсо, түздөн-түз сезүү органдарыбыз аркылуу белгилүү болгон лингвистикалык реалдуулук катары тилдик система аркылуу

аныкталат да, ошол эле учурда кайра тилдик системанын өнүгүшүн шарттайт. Анткени кепте колдонулган каражат бирдиктердин баары тилден алынат да, прагматикалык талапка, коммуникативдик максаттуулукка жараша милдет аткаруу менен кайра тилдик системага кошулат. Тилди биз кеп түрүндө гана көрө алабыз, тил кеп түрүндө гана, кеп текст түрүндө гана бизге жетет", – дейт (87, 2000:53). Ал экинчи бир себеп катары сүйлөмдүү кеп бирдиги катары кароону, б.а. актуалдуу жиктештирүү идеясын В.Матезиустун оюна кошулуу менен белгилейт. Актуалдуу жиктештирүүнүн бир нече мүмкүнчүлүктөрүн санап көрсөтүү менен, аны тексттик лингвистиканын жаралышынын бир өбөлгөсү катары көрсөтөт. Тексттик лингвистиканын жаралышына өбөлгө болгон үчүнчү жагдай катары "сверхфразалык кеп айтымы", "синтаксистик татаал бүтүндүк" проблемасынын коюлушун көрсөтөт. Орус окумуштуусу Н.С.Поспеловдун " синтаксистик татаал бүтүндүк" жөнүндөгү пикирлерин кылдат талдоого алуу менен, анын сүйлөмдөн чоң синтаксистик бирдикти лингвистикалык анализге алуунун зарылдыгын көрсөткөндүгүн жана ошондой анализди жүргүзүүгө аракеттенгендигин баса белгилейт. Ошондой эле Л.А.Булаховскийдин сүйлөмдөн чоң синтаксистик бирдикти "сверхфразалык биримдик" деп атап, анын структуралык чегин абазацтан абзацка чейинки түзүлүш катары аныктагандыгын анализге алат (87, 2000).

Ал тексттик лингвистиканын пайда болушуна карата баштапкы ой-пикирди Ломоносовдун "период" жөнүндөгү окуусу менен байланыштырат. Ал эми 40-50-жылдары тексттин жаралышына өбөлгө болуучу гана ой-пикирлердин, көз караштардын айтыла баштагандыгын, тексттик лингвистиканын жаралышына себеп болуучу грамматикалык, тагыраак айтканда, синтаксистик окуунун гана кийинки этабы экендигин көрсөтөт.

С.Ж. Мусаев тексттик лингвистиканын жаралышы жана өнүгүшү 60-70- жылдарга таандык экендигин белгилейт. Анткени ушул мезгилде көркөм кептин тилин жана жазуучунун жеке стилин изилдөөдө синтаксистик татаал бүтүндүк жана абзац таза лингвистикалык аспектиден каралып, текстке карата таза

лингвистикалык, тагыраак айтканда, грамматикалык мамиле кылуу ачык көрүнө баштайт (87, 2000).

Тексттик лингвистиканын жаралышына жана жаңы тармак катары өнүгүшүнө өбөлгө болгон жагдай шарттарды жогорудагы изилдөөлөрдөн учкай гана санап өткөнүбүз менен, бул эмгектерде авторлор тарабынан факты-материалдардын негизинде кеңирирээк изилденгенин көрөбүз. Андан кийин орустун көптөгөн тилчи окумуштууларынын, мисалы, И.П.Сусов, Н.С. Валгина, А.А. Акишкина, И.В. Арнольд, И.Р.Гальперин, В.А.Кухаренко, Т.М.Николаев, З.Я.Тураева жана башкалардын эмгектеринде да тексттик лингвистиканын илим катары жаралуу мезгилин 1960-жылдар менен, ал эми өнүгүү мезгилин 80-жылдар менен байланыштырганына күбө болобуз. Ошентип, 1960-жылдары тилдик каражаттар статикалык система эмес, динамикалык система катары каралып, кептик бирдик деп аталган текстке лингвистикалык аспектиден анын предметин, уюшулуш мыйзам ченемдүүлүктөрүн тактап белгилөө максатында изилдөөлөр жүргүзүлүп, бир нече адабияттар, эмгектер жарык көрө баштаган. Тексттин лингвистиканын изилдөө объектиси катары алынышын аныктап тактоо максатында өткөрүлгөн 1970-жылдагы Бүткүл Союздук илимий конференция текстти биротоло лингвистиканын изилдөө объектисине алына турган маселе экендигин белгилеген. Мына ушундан тартып текст лингвистиканын изилдөө объектиси катары толук укукка ээ болуу менен, тексттик лингвистика өзүнчө илимий тармак катары тынымсыз өнүгүүгө өттү. Лингвистиканын объектиси катары анын уюшулуш мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктап тактоо максатында көптөгөн эмгектер жарыялана баштады. И.Р. Гальперин (1981), А.И.Новиков (1983), Г.В.Колшанский (1980), Е.С.Кубрякова (1986) В.А.Кухаренко (1988), О.М.Москальская (1981), Ю.Л.Лотман (1970), Л.М.Лосева (1989), З.Я.Тураева (1985), Е.А.Реферовская (1983) ж.б. көптөгөн окумуштуулардын бир канча илимий эмгектери жарык көрдү.

Алгач текст тилдик бирдиктерди изилдөөнүн материалдык булагы катары каралып келсе, 60-80-жылдардан тартып бүгүнкү

күнгө чейин тексттин өзүн лингвистикалык объект катары иликтеп үйрөнүүгө карата лингвистикалык изилдөөлөрдүн багыттары кеңейип келет. Азыркы учурдагы тексттик лингвистиканы З.Я. Тураева: "XX кылымдын аягындагы тексттик лингвистиканын өнүгүшү – бул "**бир нече илимдердин айкашы, байланышы",** ("встреча разных наук") "**бардык биримдикти бүтүндөй билүүгө умтулуу"** ("сремление к цельному знанию всеединства"), – деп мүнөздөйт (139, 1999). Ошентип, алгач тексттик лингвистиканын изилдөө объектисин "тексттин байланыш эрежелери жана бул эрежелер аркылуу анын мазмундук категориялары" (91, 1990) түзүп келсе, азыр алар менен бирге акырындык менен изилдөөнүн объектилери кеңейүүдө. Текст – коомдук-кептик чыгарма (социально-речевое произведение) катары изилдөөгө алына баштады. Текстти анализдөөгө семантиканын, функционалдык стилистиканын, кеп ишмердигинин теориялары, маалыматтары менен бирге, бир катар илимдердин: семиотика, информатика, логика, психология, когнитология ж.б. айкалышындагы маалыматтар да тартыла баштады. Ошондуктан тексттик лингвистиканын чеги жөнүндөгү маселелер бүгүнкү күнгө чейин талаш-тартышты туудуруп келет. Бул маселелер ачык бойдон калып, аны чечүүгө бүгүнкү күндө конкреттүү мамилелердин чегинде көптөгөн аракеттер жасалууда (5, 1998).

Кыргыз тил илиминде да тексттин ар түрдүү маселелерин, берилиш, кабыл алыныш, түшүнүктүү болуш өзгөчөлүктөрүн, мыйзам ченемдерин изилдөөгө алуу максатында бир нече докторлук, кандидаттык диссертациялар, макалалар, монографиялар жарыкка чыгууда. Текстти уюштуруучу каражаттардын семантика-структуралык жана коммуникативдик табиятын изилдөөгө алган Т.С. Маразыковдун "Кыргыз тилинде текстти уюштуруучу каражаттар" (1996) аттуу кандидаттык диссертациясын, көркөм чыгарманын тилин көркөм кеп катары кадыресе кептен айырмалап кароо аркылуу лингвостилистикалык илик жүргүзгөн Б.Ж.Усубалиевдин эмгегин (1994), Ч.Айтматовдун чыгармаларынын жалпы семантикасы аркылуу көркөм тексттин семантикасын, структурасын анализге алган С

Омуралиеванын Текст: семантика, структура (2002) аттуу монографиясын, ал эми тексттин коммуникативдик түзүлүшүн анын прагматикалык аспектиси менен байланышта карап иликтөөгө алган

С.Ж. Мусаевдин "Текст: прагматика, структура (2000) аттуу монографиясын, Т. С. Маразыковдун «Текст тааануу жана анын айрым маселелери», Б., 2005, «Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы», Б., 2005, «Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар» Б., 2005, деген үч китептен турган эмгегин, Т. И. Баястановanын кыргыз табышмактарын тексттин чегинде карап, анализге алган «Кыргыз табышмактарындагы тексттик кыйытма ой (подтекст)», Б., 2006 аттуу кандидаттык диссертациясын ж.б. кыргыз лингвистикасында тексттин изилденишиндеги алгачкы саамалыктар, башаттар деп атоого болот. Бул эмгектер бүгүнкү күндө тексттин лингвистикасы боюнча ургаалдуу багытты түптөп келе жаткандыгынан кабар берет. Ошондой эле, бул изилдөөлөр кыргыз лингвистикасынын мезгилдин талабына ылайык илимий жаңылануусуна, келечекке багыт алышына зор салым кошот.

1.2. Текст жана ага мүнөздүү белгилер

Адам баласы объективдүү дүйнөдөгү бардык нерселерди, кубулуштарды, окуяларды, процесстерди ж.б. практикалык муктаждыктардан улам таанып-билет. Аталган нерселерди таанып-билүүдө "кабылдоо" жана "түшүнүү" деген эки аталышты синоним катары карап, аларга токтоло кетүүгө туура келет.

Адам аң-сезимине предметтин же окуянын өзү берилбестен, алардын маанилери берилет. Мындан "маанилик кабылдоо"(122, 1976) келип чыгат.

Нерсени, окуяны, процессти ж.б. таанып-билүүдө алар жонүндөгү информация алгач сезүү органдарына таасир этилет да, кабылдоо аркылуу аң-сезимге өтөт. Аң-сезимде ой-

жүгүртүүнүн бир нече структураларынын негизинде түшүнүк пайда болот, маанилештирилет.

Ошентип, алар жөнүндөгү түшүнүктөр, маанилештирилген ой- бүтүмдөр аң-сезимде гана болбостон, башка бирөөгө жеткирүү мүмкүнчүлүгүн туудурат. Мына ушул жагдайда адамдарды бири-бири менен байланыштыруу, пикир алмаштыруу милдетин аткаруу үчүн *кеп айтуу, сүйлөшүү* зарылдыгы келип чыгат.

Кеп ишмердиги тил аркылуу жүзөгө ашат. Философтун кызыкчылыгы менен караганда: Тилдеги сөздөр менен биз эмне кылабыз? Алар эмне кызмат аткарышат? Сөздөрдү адамдар эмне үчүн колдонушат? - деген эң жөнөкөй суроолорго жооп издейбиз. Сөздөрдү угабыз, жазабыз, сүйлөйбүз, окуйбуз. Бул эң алгач кепте берилет. Сөздөр аркылуу кеп жаратабыз, пикир алмашабыз. Бизди курчап турган чөйрөдөгү предметтерди, процесстерди атабай туруп биз кеп ишмердигин жүзөгө ашыра албайбыз. Окумуштуулар бекеринен тилди сөздөрдүн тили деп аташпайт. Сөздүн эң негизги мааниси - объективдүү дүйнө жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүргөн, аны адамдын аң-сезимине сактаган, кайрадан иштеп чыккан тилдин негизги бирдиги экендиги. Курчап турган чөйрөдөгү бардык кубулуш, процесс, абал, ж.б. сөздөр аркылуу түшүндүрүлөт. Сөздөрсүз кеп ишмердиги түзүлбөйт. Кенен маанисинде, ар кандай жагдайларда, бейтерминдик мааниде алып караганда, сөз кеп дегенди түшүндүрөт (108, 1983). Ал эми кеп аркылуу пикир алмашабыз, оюбузду угуучуга жеткиребиз. Мына ушундай жагдайларда кептик бирдик – ***текст*** түзүлөт.

"**Текст**" деген сөздүн өзү - **лат.** (textus-ткань, сплетение, соединение (124, 1997; 26, 2003) – **"материал", "чырмалышуу", "биригүү" дегенди түшүндүрөт**. Ошондуктан текстти тилдик аспектиден изилдөөдө эмнелер биригет, эмне үчүн биригет, эмне максат менен биригет, кантип биригет деген суроолорду аныктоо максатында аны теориялык жактан да, практикалык жактан да изилдөө керек экендиги белгилүү. **Кандай гана текст болбосун**, ал **маанилик жактан бириккен тилдик бирдиктердин ырааттуулугунан жана шарттуу белгилерден**

турат. Текстти окумуштуулар маалыматтардын жыйындысы, кептик чыгарма, белгилик система катары аныктап келишет (26, 2003). Семиотикада текст ой-бүтүмүн жараткан ар түрдүү белгилер менен коммуникациянын башка формаларында (анын ичинде бий, ритуал, мимика, жест ж. б.), вербалдык эмес түрүндө жаралат. Филологияда, тактап айтканда, тил илиминде текст вербалдык белгилер – тилдик каражаттар аркылуу берилет. Ал кандайдыр бир ойду жаратуу үчүн түзүлөт. Ошондуктан **текст пикир алмашуунун бирдиги, адамдардын бири-бири менен байланышуусун тейлөөдө кызмат аткаруучу кептин материалдык каражаты** болуп эсептелет. **Текстти** андагы **бүткөн, жыйынтыкталган информация катары караш керек. Текст** – бул баарынан мурун информациялык бүтүндүк, ал эми **психологиялык көз караш менен караганда, автордун кандайдыр бир максаттагы чыгармачылык актысы,** субъекттин **кептик ой-жүгүртүү ишмердигинин натыйжасы**, ал эми **прагматикалык позициядан алганда**, текст – **бул кабыл алуу үчүн, интерпретация үчүн түзүлгөн материал.**

Текст - автордун кептик ой-жүгүртүү чыгармачылыгынын натыйжасы жана адресаттын (окурман) кептик ой-жүгүртүү чыгармачылыгына материал катары уюшулган өзгөчө үлгүдөгү бүтүндүк. **Демек, мындан автор-текст- интерпретатор деген үчилтик (триада) келип чыгат.**

Текст татаал, көп баскычтуу түзүлүш болгондуктан, азыркы учурда текст деп атоого мүмкүн болгон белгилерди, критерийлерди аныктоо максатында текстке бир маанилүү аныктама берилбей, ар түрдүү пикирлер, көз караштар айтылып, изилдөөлөр жүргүзүлүп келе жатат (82, 2008: 21). Тилдик каражаттар аркылуу уюшулган, семантикалык, логикалык жактан салыштырмалуу аяктаган, мазмундуулукка ээ, бир сүйлөмдүн чегине дал келген айтымдардан тартып (мисалы, макал-лакаптар, табышмак ж.б.), бир нече айтымдардан түзүлгөн микротемалары бар структуралар да, макала, аңгеме, повесть, роман, томдорго чейинки структуралар да тексттик лингвистиканын изилдөө объектиси катары анализге алынып келет. Текст деп атоо үчүн анын уюшулушуна тиешелүү болгон

мүнөздүү белгилер кандайдыр бир деңгээлде аныкталып келе жаткандыгын байкоого болот. Мисалы, тексттин негизги параметрлери – текстте кандайдыр бир теманын жана маанилик-структуралык биримдиктин болушу. Тексттин темасы – тексттин мазмунун жалпылаштырып, андагы негизги ойду концентрациялап турган маанилик борбор. Ошондой эле текст берилген информация менен, пикир алышуунун шарт-кырдаалы, белгилүү маанилик бүтүндүк, тандалып алынган стиль жана пикир алышуунун карым-катышы ж.б. менен аныкталат. Кепте тексттин уюшулушу үчүн сырткы коммуникативдик факторлор болуш керек, башкача айтканда, **текст белгилүү бир максатта, белгилүү бир коммуникативдик шартта, философиялык, психологиялык, логикалык, этика-эстетикалык ж.б. талап-мүдөөлөрдүн чегинде түзүлөт.** Ал эң алгач нерсе, окуя же процесс жөнүндөгү түшүнүктү, ой-пикирди жеткирүү үчүн түзүлгөн информациялардан турат да, вербалдык системанын элементтери аркылуу ишке ашат. Бул боюнча С. Ж. Мусаевдин: "тилдик каражат бирдиктер качан гана тигил же бул ой-пикирди, аң-сезимди сыртка чыгаруу зарылчылыгы болгондо аракетке келип, тигил же бул бирдик катары маанилүүлүккө ээ болот. Ой-пикирди сыртка чыгаруу зарылчылыгы болбосо, тилдик каражаттар деле реализацияланбай жата берет. Демек, тилдик системанын структуралык бирдиктери ой-пикирдин сыртка чыгышына материалдык форма катары колдонулуу менен, ага карата экинчи кубулуш болуп эсептелет" – деген пикирине таянууга туура келет (87, 2000).

Лингвист-окумуштуулар тексттин уюшулушуна, түзүлүшүнө, аткарган кызматына ылайык мүнөздүү болгон белгилерди, категорияларды, критерийлерди аныктап-тактоо максатында ага ар түрдүү мамилелерден жана көз караштардан көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, ар кандай пикирлерди, аныктамаларды айтып келишет. Алардын айрымдарын гана мисалга алсак:

- Текст (лат.тилинен которгондо textus – материал, чырмалышуу, биригүү) – маанилик жана грамматикалык жактан байланышкан кептик бирдиктердин: айтымдардын, жогорку

фразалык бирдиктердин, фрагменттердин, бөлүмдөрдүн ж.б. бириккен ырааттуулугу (124, 1997:16).

- Текст – дүйнөнүн фрагменти жөнүндөгү маалыматты мазмундаштырган, автордун ой-бүтүмү менен жаралган, композициялык, семантикалык, прагматикалык биримдикке ээ, стилдик нормаларга жана тилдик функцияларга ылайык иштелип чыккан системалык уюшулуштун эң жогорку формасы (82, 2008:27).

- Текст – семантика-информативдик, структуралык жана коммуникативдик планда уюшулган, байланыштуулук жана бүтүндүк белгилерине ээ кеп чыгармачылыгы катары тилдик ярустун эң жогорку чегинде турган динамикалык бирдик (26, 2003).

- Текстти сырткы (формалык) жана ички (семантикалык) структуралары аркылуу татаал түзүлүшкө ээ, кептик ой-жүгүртүү ишмердигинин натыйжасы деп атоого болот (52, 2007).

- Текст – бул функционалдык жана структуралык уюшулушунда бүтүндүктү түзүп турган система. Негизги системалык принципке кирген: структуралуулук, иерархиялуулук, бүтүндүк, функционалдуулук, объективдүүлүк, ар түрдүү баяндоолор, системаны түзүп турган элементтердин өз ара карым-катыштары биригип текстти түзөт (136, 1989).

- Текст - бул автордун оюна ылайык коммуникативдик функциянын аткарылышын камсыз кылган белгилүү бир структуралык мүнөзгө ээ белгилик объект (48, 1990).

- Текст – белгилүү бир темага байланышкан семантика-информативдик мазмундун аяктагандыгын, салыштырмалуу олчөмдө жыйынтыктуу бүткөндүгүн туюнтуп, коммуникация ишмердигин тейлеп, жөнгө салып, маалымат берүү, түшүнүктүү боло алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ синтактика-грамматикалык структура аркылуу берилген, прагматикалык мүнөздөгү коммуникативдик-когнитивдик, функционалдык чулу бүтүндүк (87, 2000).

- Маанилүү бир бүтүндүктү туюндурган, аталышы, башталышы жана аякталышы бар жумурулукка ээ болуп

турган, жогорку фразалык маанилүү бирдиктерден түзүлгөн, лексикалык, грамматикалык өз ара байланыштарга ээ, стилистикалык жанрдын бирине тиешелүү, максаттуу жана прагматикалык мүнөзгө ээ жазуу түрүндө ишке ашырылган чыгарма текст болот (102, 2002).

- Текст – коммуникативдик кызмат аткаруу үчүн түзүлгөн өзүнчө темасы, максаты, семантика-структуралык бүтүндүгү бар коммуникативдик бирдик. Бардык эле текст: 1) кандайдыр бир коммуникативдик максатты көздөйт; 2) Кандайдыр бир информация берет; 3) Салыштырмалуу аякталган түргө, маанилик бүтүндүккө ээ болот; 4) Конкреттүү бир темага багышталат; 5) Семантика-структуралык бирдиктерге бөлүнөт; 6) Структуралык жактан уюшулуп биригип турат; 7) Кайсы бир функционалдык стилдин түрүнө кирет (76, 1996).
- Кандай гана текст болбосун, белгилүү бир туруктуу мыйзам ченемдүүлүктөрдүн чегинде уюшулат да, кандайдыр бир ойду, маалыматты туюндуруу үчүн түзүлгөн, белгилүү бир темага багытталган семантикалык-коммуникативдик, структуралык жана функционалдык бүтүндүк иретинде каралат (1, 2008).

Жогорудагы аныктамалар жана пикирлер текстке карата ар кандай позициядагы, ар түрдүү аспектидеги изилдөөлөрдөн улам келип чыккандыгы айгиненип турат. **Ал эми биздин пикирибизче, антропоцентристтик багытта алып караганда, текст - автордук көз караш (позиция) аркылуу белгилүү бир максатка багытталган, конкреттүү бир теманын негизинде уюшулган информациялардын жыйындысынан туруп, семантика-структуралык жактан байланыштуулук жана бүтүндүк белгилерине ээ, тандалып алынган стиль аркылуу тилдик системанын элементтери менен уюшулган функционалдык, когнитивдик, прагматикалык мүнөздөгү бүтүн чыгарма.**

Лингвистикалык категориялардын системасында **текст аны уюштуруп турган бирдиктердин, тилдик каражаттардын семантика-структуралык карым-катышынан, байланышынан түзүлгөн бүтүндүк.** Кандай гана текстти

албайлы, тексттин бардык элементтерин өзүнө багындырып турган мазмун категориясы өзгөчө мааниге ээ. Мазмун категориясын изилдөөгө алуу менен, И.Р. Гальперин аны мазмундук-фактуалдык, мазмундук-концептуалдык, мазмундук-подтекстик деген түрлөргө бөлүштүрөт (35, 1981: 18-27). Бул мамиленин чегинде аталган негизги категориялар аркылуу тексттин маанилик бүтүндүгү, интегративдүүлүгү каралат. Бардык эле тексттер, өзгөчө жазуу түрүндөгү тексттер белгилүү бир мүнөзгө ээ уюшкандык менен аныкталат. Башкача айтканда, мазмундук түзүлүштүн адресатка багытталгандыгы менен, негизги, кошумча жана башка даражадагы информацияларды алып жүргөн башкы ой жана ага ылайык предикаттардын иерархиясы менен, фраза аралык байланыш каражаттары, лексикалык кайталоолор, тематикалык жактан бири-бирине жакын лексемалардын катары менен мүнөздөлөт.

Текст - семантика-структуралык жактан *байланыштуулук* жана *бүтүндүк* категорияларына ээ, информациялардын жыйындысынан турган кептик бүтүндүк. Ал автордун тандоосу менен системага келтирилип, пикир алмашуунун шартына, максатына ылайыкталып түзүлөт. **Текст** өзү **структуралуулукту** алып жүрөт. Ал эми **структураны автор** жана **предмет, процесс, максат, каражат** жана **жыйынтык** түзөт. "**Байланыштуулук тексттин сырткы структуралык корсөткүчтөрүнөн**, компоненттеринин формалык көз карандылыгынан улам **пайда болот. Бүтүндүк тексттин концептуалдык, тематикалык жагы менен байланышта** каралат. Демек, тексттин бүтүндүгү деген түшүнүк анын мазмундук жана коммуникативдик уюшулушун, ал эми байланыштуулук деген түшүнүк анын структурасын, формасын анализдөөгө алат" (26, 2003:43). Аталган эки категория тексттин эң негизги белгилери катары мазмунун жана структурасын чагылдырып берет. Ал эми чыгарманын **бүтүндүгү анын жалпы мазмуну менен аныкталат. Жалпы мазмун тексттик семантиканы түзөт. Тексттин семантикасы дегенде бүтүндөй чыгармадагы берилген маанилүү ойду, анын тутумун түзүп турган чындыктын ар түрдүү фрагменттерин чагылдырган**

маанилүү бөлүкчөлөрдү түшүнөбүз. Тил илиминде тексттин семантикасы, баарынан мурда, тилдик структуралардын маанилик байланышын жана алар аркылуу берилген мазмундук байланыштарды изилдөөгө алат (44, 1982).

"**Байланыштуулук**" жана "**бүтүндүк**" (26, 2003), "**жумурулук**" (141, 1994, 102, 2002) "**интеграция**" (35, 1981; 76, 1996), "**чулу бүтүндүк**" (87, 2000) категегориялары текстти уюштурган тилдик бирдиктердин жана башка экстралингвистикалык элементтердин маанилик жана структуралык жактан биригишин аныктайт. Мындай белгилердин ырааттуулугу жогорку чектеги коммуникативдик бирдикти уюштурат. Ал кептик бирдик – текст ойдун бүтүндүгүн билдирет.

Бүтүндүк - бул бөлүктөрдүн семантика-структуралык жактан байланышы, бир бүтүндүккө биригиши. Демек, текст семантика-информативдик, структуралык-грамматикалык жактан бир бүтүндүктү түзгөн микро жана макросемантикадан, микро жана макроструктурадан турат. Тексттин семантикалык структурасы информацияны жеткирүүдөгү коммуникативдик тапшырмаларга багытталат. Тексттин структурасы текстти түзүп турган тилдик бирдиктердин уюшулуш өзгөчөлүктөрүн жана бул бирдиктердин текстти бүтүндүк катары кароодо маанилик жана грамматикалык жактан бири-бири менен болгон карым-катышын, байланышын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктайт. «Текст - бул аны түзгөн компоненттердин кошулмасы гана эмес, бүтүн бир кептик чыгарма». (26, 2003:42). Демек, так ушул касиетин аныктоодо **бүтүндүк жана байланыштуулук тексттин уюшулушундагы закон ченемдүүлүктөрдү** жеткиликтүү аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Аталган категориялар текстти түзүүчү негизги касиет катары тексттин мазмунун жана түзүлүшүн аныктоого шарт түзүп турат. Текст функционалдык, семантикалык-структуралык бүтүндүк катары түзүлүштүн белгилүү бир эреже мыйзамдарына ээ болуу менен, аны түзүп турган бирдиктердин маанилик жана формалык биригүүлөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого алат. Ушундан улам изилдөөчүлөр тексттеги

байланышты локалдык байланыш (же когезия, Дресслердин термини) жана глобалдык байланыш деп экиге бөлүшөт (26, 2003; 95, 1978).

Текстти жаратууда же кабылдоодо ***локалдык байланыштын*** өзүнө тиешелүү бир нече: **пресуппозиция, импликация, тема-рема, индекстик сөздөр ж.б.** белгилери бар.

Текстте ачык айтылбаган маалыматты жеткирүүдө жана түшүнүүдө презуппозиция менен импликация маанилүү ролдорду ойнойт. **Текстти туура жана так кабылдоо** тилдик жана графикалык бирдик, каражаттар менен гана чектелбестен, түшүнүүнүн жалпы фонунда, б.а., **тексттик** түзүлүштү ишке ашыруучу **коммуникативдик фонддо аныкталат**. Ошондуктан кабылдоо **пресуппозиция** (пре - лат. prae – **алдын ала**, алды; suppositio **божомолдоо,** презумпция) - деген термин менен байланыштуу. Пресуппозиция – бул тексттин маанисинин компоненти, тексттик бирдик - айтымдарга, метатексттерге, жогорку фразалык бирдиктерге да тиешелүү. Текстте **сөз менен айтылбаган нерселерди болжолдоп билүү текстти адекваттуу, контексттин алкагында түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай божомолдоп билүүнү фондук билимдер** деп да атоого болот. Бул түшүнүктү көптөгөн окумуштуулар "подтекст", "интенция", "иллокуция", "имплиция", "эллипсис", "аллюзия" деген тексттик кубулуштар менен маанилеш карашат. (35, 1981; 6, 1974; 42, 1980 ж.б.). **Пресуппозиция** – тигил же бул информативдик **мазмунду билдире турган** айтымдын жаралышына өбөлгө болгон **кырдаал, шарт, башат материал, прагматикалык өбөлгө, көмүскөдөгү ой.** Маселен, "Сизге мен муну айтпайм" деген сүйлөмдүн пресуппозициясы "Биз жакшы тааныштардан эмеспиз", "Сиз баары бир түшүнбөйсүз" ж.б.у.с. пресуппозиция аркылуу туюнтулушу мүмкүн (87, 2000:318). Ошондой эле **пресуппозиция айтымды уюштуруп турган создөр менен конструкциялардын түзүлүшүнөн суурулуп чыккан семантикадан улам пайда болгон кошумча маанини** билдирет. Мындай маани окурмандын логика-интуитивдик билими менен айкындалат.

Мисалы,

Орундуу сөз акыл эстен от алат,
Орунсуз сөз ийиниңден баш алат.

Биринчи саптагы пресуппозициялык бөлүктө *"ачык айкын так, жеткиликтүү, таасирдүү, ойлонуп сүйлөө ж.б. адамдын интеллектуалдык деңгээлин билдирет. Мындай сүйлөгөн адамдын кеби башкаларга да таасир берип, анын негизинде кадыр-баркка, сый-урматка ээ болот"* деген сыяктуу божомолдоолор окурмандын оюнда болот. Ал эми экинчи сапта *"көп сүйлөө, жаңылуу, ойлонбой сүйлөө, ойду так эмес жеткирүү ж.б. бардык учурда зыян алып келет. Көп сүйлөгөн адамдын сөзү маанисиз, мазмунсуз, тажатма, укккулуксуз да болот, сый-урматтан кетет"* деген сыяктуу пресуппозициялык болжолдуу маани окурмандын логика-интуитивдик кабылдоосу менен айкындалат.

Импликация – (лат. Implicatio- вплетение) **кошулуп чыгуу, сызылып чыгуу дегенди билдирет.** "Бул текст жана анын компоненттеринин мазмунунан улам окурман аркылуу суурулуп чыккан маалымат" (142, 1988:78). Импликация көлөмдүү бөлүктөрдөн кийин ага тексттен сырткаркы жана тилдик бирдиктерден сырткаркы билимдер менен жыйынтыктоону билдирет (73, 1999:89). **Имплициттүү байланыш** – бул тилдик бирдиктердин жардамы менен аныкталбайт. Ал **кептик бирдиктерге ылайык маанилерден улам аныкталат.** Бул мазмунга таянуу менен автордун же окурмандын аң-сезиминде оюнда болот. Импликация пресуппозициядан айырмаланып, тексттин тутумундагы айтымдан суурулуп чыкпастан, ал көп түрдүү маанилердин тутумунда пайда болот. Т.а., ал тилдик когнитивдик, семантикалык мейкиндикте жаралат. Дүйнө, абал, нерсе, жүрүм-турум ж.б. жөнүндөгү жалпы билимдер менен коштолот.

Мисалы,

Мен мында көп нерсени айтып бүттүм,
Билим акыл негизи бардык иштин.

Окуу – түндө алдыңдагы шам чырак,
Билим алсаң маңдай ачык жаркырап.

Сокур дешет билимсизди - жөн дебе
Окуу гана жарык чачат дүйнөгө.

Билим байлык, четин эмес, кыпынын,
Эң айлакер ууру алалбайт мунум чын.

Билимдүүгө окуу – кийим, аш болот,
Билимсиздер ушак менен дос болот.

Жогорудагы айтымдардын семантикасын кабыл алуу менен, адресат адамдын алдыдагы бардык максатына **билим** аркылуу гана жете ала турганын, ал бардык нерселерден айырмаланган өзгөчө байлык экендигин, түгөнгүс, уурдалгыс рухий кенч экендигин баамдайт. Канчалык билим алып, көп окусаң, жашоо-турмуш жолун өздөштүрө аласың, бактылуу жашоого умтуласың. **Билим** адам баласынын акыл-эсин, жан дүйнөсүн байытып, турмуш-жашоодо өз ордун табууга, табигый, коомдук кубулуштарды туура аңдай билүүгө мүмкүндүк берет. "Куттуу билим" көркөм чыгармасындагы көптөгөн тексттик тутумдарды түзүп турган чындыктын ар түрдүү фрагменттери жөнүндөгү оюн автор **билим** менен, **билимдин** мааниси менен бекемдеп, **билим** гана адамды бийик даражага жеткирерин айтып, ар бир тексттин динамикалык өнүгүүсүндө семантикалык аяктоого алып келип турат. Бул көркөм текст акылдууларга арналгандыгын, окуучуларынын билимдүү болушун шарттап, аларды илим-билимге жетсе экен деген оюн билдирет. Ал өзүнүн акылдуу, ширек ойлорун баалай алган, түшүнө алган окуучулар болгондо гана, эмгеги даңазаланарын билет. Ошондуктан айланасындагылардын акыл-эстүү, билимдүү болушун тилейт. Тексттин тутумун түзүп турган маани-мазмун, ой-пикирлерге түркөй адам түшүнбөйт. Бул анын текстиндеги баштан аяк берилүүчү семантиканын имплициясы, подтексти, жалпы

тексттин мазмунунан суурулуп чыккан өзөк мааниси деп айтууга болот.

Подтекстке деле "текст алдындагы текст", "көмүскө маани", "айтылбай туруп айтылган маани", "автор тарабынан мурдатан даярдалган жашыруун информация", "текст алдындагы көмүскө калган жашыруун линия" ж.б. деген аныктамалар берилип келет. "Подтексттик семантика көркөм чыгармаларга мүнөздүү, анткени айтылуучу ойду автор дайыма таңуулабастан, окуучунун түшүнүүсүнө калтырат" (102, 2002). Жогорудагы аталган кубулуштардын жалпылыгы – кошумча маани, көмүскө маани камтылгандыгында. Булар тексттерди жана тексттик бирдик айтымдарды кабылдоо, түшүнүү менен пайда болот.

Текст аны түзүп турган бирдиктер аркылуу уюшулат. Тексттин эң кичине бирдиги – айтым. Структуралык жана мазмундук байланыштардын негизинде топтолгон бир нече айтымдардын жыйындысынан текст куралат. Айтымдар тексттин бирдиктерине: фраза аралык бирдиктерге, тексттин фрагменттерине, аягында кептик бүтүн чыгармага биригишет.

Айтым – бул сүйлөмдүн, сүйлөмдөрдүн реализацияланышы. Лексемалардан түзүлгөн, кандайдыр бир маалыматы бар, белгилүү бир максатка багытталган кептик бирдик (26, 2003). Текстте биз сүйлөмгө эмес (терминологиялык мааниде), айтымга анализ жүргүзөбүз, башкача айтканда, текстте өзүнүн мааниси менен кызмат аткарган кептик бирдик – айтымды иликтөөгө алабыз. "Айтым – бул семантика-информативдик мазмундун белгилүү өлчөмдө аяктагандыгына, бүтүндүгүнө ээ синтактика-грамматикалык, коммуникативдик эң кичине бирдик. Ал сүйлөм менен дал келет, көпчүлүк учурда ага дал келбейт, сүйлөмдүк так рамкага, схемага батпайт" (87, 2000). 1980-жылы жарыкка чыккан «Русская грамматикада» айтым кептик кырдаалдарда коммуникативдик милдет аткарган кептин кандайдыр бир нерсе жөнүндө маалымат бере алган үзүндүсү деп берилет. Ал эми А.А.Леонтьевдин пикири боюнча, айтым деп мааниликструктуралык жана грамматикалык мүнөзгө ээ, мазмундук жана интонациялык жактан жыйынтыкталган эң кичине

коммуникативдик бирдикти түшүнүүгө болот (66, 1979: 30). Ал эми Т. Маразыковдун пикири боюнча, тексттин эң кичине бирдиги метатекст деп аталат. Метатекст – бир нече сүйлөмдөрдүн органикалык тутумунан турган, салыштырмалуу түрдө өз алдынча мааниге ээ, өзүнчө микротемасы, семантика-структуралык бүтүндүгү, коммуникативдик багыты бар сүйлөмдөн чоң бирдик. "Метатекст" деген терминдин лексикалык мааниси " тексттин бөлүгү" деген маанини туюндурат. (76, 1996). Биздин пикирибизче, белгилүү бир маанилик бүтүндүктүн, тексттин бөлүгү катары семантикалык-грамматикалык-структуралык жактан салыштырмалуу аяктагандыкка жана маалымат бере алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кептик эң кичине бирдикти айтым деп атоого болот. Айтым бир нече сүйлөмдөрдүн тутумунан турат. Кээ бир учурларда бир эле сүйлөм бир айтымды билдирип калышы мүмкүн. Айтым сүйлөмдүн компоненттеринен айырмаланып (баш жана айкындооч мүчөлөр, бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөр) эки гана компоненттен турат. Алар тема жана рема (тема – маалымат, баштапкы, рема-жаңы, белгиленген (искомое) деп аталышат. Тема жана ремалык милдетти ар кайсы сүйлөм мүчөлөрү жалгыз же айкашып, же бир нече сүйлөм мүчөлөрү биригип аткара берет. Ээ жана анын топтору темалык, кээ бир учурда ремалык, кайсы бир учурда тема-ремалык милдет аткарышы мүмкүн. Баяндооч деле ошондой функцияны аткарат.

***Тема* жана *рема* айтымдагы ойдун кийинки айтымга карата кыймылын билдирген тексттик байланышты аныктоочу башкы белгилерден болуп эсептелет.** Г.А.Золотова тексттик түзүлүштөгү реманын ролун изилдөө менен, мындай жыйынтыкка келет: көркөм жана көркөм эмес тексттердин фрагменттери ар кандай уюшулат. Бир нечелеген айтымдарда ремалык басымды маалыматтагы логикалык басымды, логикалык кыймылды билдирген каражат жана анын ылайыкташкан орду көрсөтөт (43, 1979).

Мисалы,

Айкөл бол, бакыт деген айныма азап,
549 Бүгүн турса жанында эртең качат.

Ишенбе өз бактыңа болбо ынак,
Эшиктен өзү кирген өзү чыгат.

Берилген фрагменттин тутумунда Бакыт (Т) негизги маалыматка ээ болуп темалык милдетти аткарды. Бүгүн турса, эртең качат (Р1). Айкөл бол, Ишенбе болбо ынак (Р2), Эшиктен өзү кирген өзү чыгат (Р3).

Айтымдан айтымдарга карата ойлордун (же көз караштардын) кыймылы бир нече ремалар менен берилет. Мындай учурда ээ менен баяндоочтун ишке ашыш кыймылдары ар түрдүү. Теманын функциясын көбүнчө ээ аткарат. Ал эми ремалык функцияны ээ кээ бир учурда гана аткарат. Баяндооч көп учурда ремалык функцияны же сүйлөм мүчөлөрү менен синтаксистик жана семантикалык байланыштар сакталган комплекстүү реманы аткарат. **Кептик айтымдагы тема-ремалык катыш анын грамматикалык структурасына эмес, мазмундук уюшулушуна, логиканын закондоруна байланыштуу каралат.** Демек, семантикалык субъект үчүн тема функциясы мүнөздүү, семантикалык предикат үчүн ремалык функция мүнөздүү. Тема-ремалык катыш кептин актуалдуу жиктелишин, башкача айтканда, коммуникативдик максатын, милдетин, кызматын, ошондой эле тексттин семантикалык-структуралык бүтүндүгүн аныктоодо чоң роль ойнойт.

Тема – баяндамадагы маанилик негиз, ядро, референт. Рема – теманын улам жаңы жагы дегенди билдирет. Биздин байкоолорубуз боюнча, тема-ремалык катнаш тексттин деңгээлинде бир башка, метатексттин деңгээлинде бир башка мүнөздө болот. **Бул көркөм чыгармада информациянын берилиш өзгөчөлүгүнө байланыштуу.** Көпчүлүк учурларда тексттин биринчи же экинчи метатекстинде тема номинацияланат да, тексттин калган метатексттериндеги информациялар ал темага рема болуп түшөт. Информациянын улам кеңейишине байланыштуу тема-ремалык катнаштын мүнөзү өзгөрүлүп турат. Ошондуктан тексттеги тема-ремалык катнаштын табияты жөнүндө көп ойлор, байкоолор айтылып жүрөт. Текст адам

баласынын аң-сезиминин, ой-жүгүртүүсүнүн продуктысы катары ого татаал процесс аркылуу уюшулат. Андыктан аны бардык эле учурда тема-ремалык катнаштын тигил же бул моделине кандайдыр так эсеп-чотко тууралап, далма-дал салууга мүмкүн эмес (76, 1996:39).

Айтымдар өз учурунда текстти бүтүндүк катары уюштуруу үчүн түзүлгөн маанилик жана грамматикалык байланыштар аркылуу андан чоңураак блок-фрагменттерге биригет. Композициялык деңгээлде бул бирдиктер абзац, параграф, бөлүм ж.б. болуп бөлүнүшөт. Эң кичине блоктун темасы – бул айтымдын темасы. Ал адаттагыдай айтымдын биринчи фразасында эле берилет. Бир темадан экинчи темага өтүүнү айтымдык чектин белгиси деп түшүнүүгө болот.

Мисалы,

T1 **R 1**

Сөз тазасы акылдуулук белгиси,

T2 **R2**

Акылсыз жан айбан менен тең киши.

T3 **R3**

Бул тууралуу ыр жазып мыкты акын

585 Айтыптыр «Токтоо болгун, шашылбагын.

Бул айтымдын тема-ремалык структурасы схема түрүндө төмөндөгүдөй болот:

T1 → **R 1**

↓

T2 → **R2**

T3 → **R3**

Аталган айтымдын жалпы темасы «Акылдуулук» жана «акылсыз». Бул айтымдагы жалпы тема туунду тема болуп саналат. Ал эми мындан кийинки фрагмент, айтымдын жалпы, туунду темасы «токтоолук жана чыдамкайлык»

Мисалы,

T1 **R 1**

Шашпай иште иштей турган ишинди,

T2 **R2**

Шашмалыктын арты кырсык, өкүнүү.

T3 **R3**

Чыдамкай бол ак иш менен аракет

585 Кулду дагы даражага жеткирет.

Бул айтымдын тема-ремалык структурасы схема түрүндө төмөндөгүдөй:

T1 → **R 1**

↓ ↓

T2 → **R2**

↓

T3 → **R3**

Жогоруда көрүнүп тургандай, поэтикалык тексттеги мисалга алынган эки айтымдын чеги мааниси боюнча так аныкталып турат. Поэтикалык текстте тема-ремалык конструкциялар өзүнчө блок-блок түрүндө бири-бири менен чиркелишип байланышат.

Мисалга алынган эки айтым өзүнчө семантика-структуралык жактан бекем чырмалышкан эки блокту түзүп турат. Мындагы ар бир блоктун ичинде жайгашкан тема-ремалык конструкция өз ара бири-бири менен семантикалык жактан айкашып, байланышкан.

Мисалы, I блокту түзгөн айтымда **T1** семантикалык жактан салыштырмалуу өз алдынча, жаңы маанини туюндурду. Ал эми **R 1** менен **T2**

бири-бири менен антонимдик негизде («акылдуулук» - «акылсыз») семантикалык карым-катнаш түзүп турат. **T3** өз алдынча жаңы маани сунуштабай, мурда белгиленген **T2** нин семантикалык уландысы болуп саналат. Ошентип, **T3** менен **T2** өз ара анафоралык ыкма менен айкалышты. **R3 T2** менен **T3** төгү көркөм информациянын жаңы багытын туюндурду.

Ал эми II блокту түзгөн айтымдагы тема-ремалык конструкциясы көркөм поэтикалуу тексттин өзгөчөлүгүнө

ылайык I блоктогу тема-ремалык конструкциядан бир кыйла айырмаланып, аны кайталабай турат. Мисалы, II блокту түзгөн айтымдагы **T1** өз алдынча жаңы идеяны туюндурган мүмкүнчүлүккө ээ. **R2 T1** ди тактап, толуктап туруучу касиетте, мааниде колдонулган. Ал эми **T2** менен **T1** өз ара антонимдик катышта байланышып, көркөм поэтикалуу тексттеги контрастык идеяны андан ары улады. **R2** менен **T2** өз ара себеп натыйжалык мааниде бири-бири менен айкашкан. («шашмалык» - бул себеп, «кырсык», «өкүнүү» - бул натыйжа). Иликтөөгө алынып жаткан бул айтымдагы **T3 T2** менен өз ара антонимдик катышты түзүп, аталган баяндоонун жаңы жагын түзө алды. **R3 T3** төгү идеянын уландысын, натыйжасын туюндуруп, **T3** түн жаңы багытын, анын жаңы семантикалык жагын ачып берди.

Демек, көркөм поэтикалуу тексттерде тема-ремалык конструкциялар бир түрдүү болбостон, ар түрдүү мүнөздө болуп, бир түзүлүшүнүн ар кылдуулугун, кайталангыстыгын жаратат. Ошондой эле тема-ремалык конструкциялар жана алардын бири-бирине болгон карым-катышынан айтымдардын чегин аныктап билүүгө болот.

Текст чындыгында ушул ырааттуулуктардан турат. Айтымдар аралык тема-ремалар андан чоң блокторду, семантикалык-структуралык мазмунга ээ блоктор белгилүү бир текстти жаратат. Бир нече тексттин тутуму жалпы тексттик глобалдуулук менен байланышта болуп, бир бүтүндүккө ээ көлөмдүү текстти түзүүгө катышат.

Индекстик сөздөр сөз түркүмдүк жактан бирдей эмес. Ага ат атоочтор, бөлүкчөлөр, тактоочтор, этиштин чак формалары, кээ бир атоочтуктар жана башка сөздөр **тексттин бөлүгүн көрсөтүү үчүн же тексттин кийинки бөлүгүнө өтүш үчүн** (мисалы, ал, бул, ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн, жогоруда айтылган, ушундан улам, ушинтип, демек, ж.б.) **колдонулат**. Мындай **индекстик** маанилери менен бириккен ар түрдүү сөз **референтти атабай туруп, аны мүнөздөп көрсөтөт**. Индекстик сөздөр улам бир жаңы айтымда жаңы референт менен байланышат. **Мындай сөздөр тексттин структурасын уюштурганга жардам берет.** Алар тексттин эң кичине бирдиги болгон айтымдардын

(С.Ж.Мусаев), метатексттердин (Т.С.Маразыков), жогорку фразалык бирдиктердин (С.Өмүралиева), фраза аралык бирдиктердин түз сызыктуу ырааттуулукта байланышынан улам аныкталат. Булар **ар дайым эксплициттүү болушат**.

Тексттин структуралык бүтүндүгү теманын бирдейлигинен, тексттеги баяндын белгилүү бир мезгилдик жана мейкиндик алкакта сүрөттөлүшүнөн, ошого байланыштуу шарттык, максаттык ж.б. маанилердин бирдейлигинен, тилдик каражаттардан, лексемалык кайталамалардан, темага мааниси боюнча жакын лексемалардын жана синтаксемалардын шыгырап келишинен, ж.б. билинет.

Мисалы,

Төрдөн орун тийген болсо нааданга,
Улагада калганыңа арданба.

А акылман улагада калса эгер,
Анда ал жер ардактуу деп биле бер.

Акылына жараша да сый урмат,
Ага төр да, улага да жарашат.

Аталган чакан фрагменттеги структуралык байланыш бир моделдин кайталанышы аркылуу уюшулган. Бирдей сөздөрдүн катары («төр», «улага» деген антонимдердин эки жолу кайталанышы), этиштин бирдей жактык, сандык формасы (“арданба”, “биле бер”, “жарашат”) колдонулган. Аталган фрагментте бири-бирине карама-каршы түшүнүктөр, белгилер, кыймыл аракеттер орун алып, антонимдик катыштар аркылуу контекстке ылайык семантикалык бүтүндүк түзүлгөн.

Адамдардын дүйнө таанымындагы адеп-ахлактык, ыймандык карама-каршылыктар туюндурулуп, алардын көркөм чагылдырылышы тексттин семантикалык жана структуралык элементтери аркылуу берилген. “Акылман” деген ачкыч сөзгө “акылына жараша да сый-урмат”, “төр да улага да жарашат”, “улаганы ардактуу деп биле бер” деген синтаксемалар логикалык-грамматикалык жактан биригип, бир маанилик блокту

түзүп турат. Ал эми "наадан" деген лексема акылманга карата антонимдик катышты түзүп, өзүнөн кийинки "акылман" деген лексеманын семантикалык жактан динамикалык өнүгүүсүнө шарт түзөт. Структуралык жактан да кыймыл аракет сол тараптуу байланышты көрсөтүп турат. **Мындай сол тараптуу байланыш мурун айтылганга көрсөтмө катары берилип, анафора, ал эми оң тараптуу байланыш кийинки боло турганга көрсөтмө катары берилип, катафора деп аталат.** Анафоралык жана катафоралык көрсөткүчтөр айтымдар аралык, ошондой эле тексттер аралык байланыштарда болот.

Ал эми ***глобалдык байланыш*** - бул тексттин ички маанилик жана мазмундук байланыштары аркылуу тексттин бүтүндүгүн камсыз кылат (26, 2003). Тексттин мазмундук бүтүндүгүн аныктоодо ачкыч сөздөрдү анализге алуу ыңгайлуу. **Ачкыч сөздөр – (айрым бир ачкыч сөздөр когнитивдик мамиленин мыйзамдарына ылайык концепттик милдетти аткарышат) бул текстти түшүнүү түйүнү. Алар аркылуу тематикалык** жана **концептуалдык жактан тексттин** жана анын фрагменттеринин **биригиши аныкталат**. Ошондой эле өзүлөрүнүн түзүлүшү менен алар тексттин мазмундук системасын уюштуруп, текстти кабылдоо менен түшүнүүнү аныктайт. **Темалардын биримдиги ачкыч сөздөрдүн ырааттуу түрдө** (синонимдер жана кайталанган аталыштар (номинация) аркылуу) **кайталанышынан келип чыгат**. Ар бир ачкыч сөз контексттин чегиндеги семантикалык мааниге ээ болуп турат, ошондой эле өз алдынча турганда да кандайдыр бир маанини алып жүрөт. Темалардын биримдиги референттердин бирдейлигинен, окшоштугунан келип чыгат, башкача айтканда, бир эле предметтин ар түрдүү сөздөрдүн өз ара байланышы аркылуу сүрөттөлүшүнөн жана мааниси жагынан бири-бирине жакын лексемалардын бир маанилик блокко биригишинен билинет.

Мисалы,

Билим берди адамзат улуу болду,
Окуу менен көп ачты сырдуу жолду.
Билим бийик түгөнбөс окуу –улук,

152 Адамда ушул эки артыкчылык.

Окугандар акылдуу улук болор,
155 Билимдүүгө түгөнбөс байлык конор.

Берилген чакан текстти семантикалык жактан кабылдоодо **“билим”** менен **“окуу”** деген борбордук маанини туюндурган лексемалар биздин ой-жүгүртүүбүздүн элегинен өтөт. Негизги маалыматты алып жүргөн ***“билим”***, ***“окуу”*** деген ачкыч сөздөр тексттин бүт фрагменттерин өзүнө камтып турат. Алар фраза аралык бирдиктерден турган (*“адамзат улуу болду”, “ачты сырдуу жолду”, “адамдын артыкчылыгы”, “акылдуу улук болор”, “байлык конор” деген*) тексттин фрагменттерин өзүнө камтыйт. Билим, окуу жөнүндө теманын кеңейтилиши, жайылтылышы үзүндүнүн башка тереңдикте жаткан маанисин, башкача айтканда, билимдин маанисин байкоочунун жан дүйнөсү жана ага болгон мамилеси, көз карашы жөнүндө терең түшүнүүгө жардам берет. Билим менен окуу адамдардын артыкчылык белгиси экендигин баяндоо менен, билимдүү болуу, көп окуу адамга кандай улуулукту, байлыкты, акылмандыкты алып келе тургандыгын кыйытып айтуу менен, окурмандын кабылдоо реакциясын ойготот, аны да ошондой болууга үндөйт. Автордун буга карата жеке көз карашы да көрүнүп турат. **Ошентип, ачкыч сөздөр жөн гана тексттик түзүлүштүн фону катары берилбестен, тексттин терең маанисин, автордук көз карашты да түшүнүүгө шарт түзөт. Ачкыч сөздөр тексттин семантикалык талаасын түзөт. Бул - маанилик лейтмотив.** Эреже катары ачкыч сөздөр айтым менен, тексттин фрагменти менен жана тексттин темасы менен тыгыз байланыштуу. “Эгерде бир айтым болсо, анда ачкыч сөз, сөзсүз түрдө, анын борбордук маанисин ээлейт. Аны тема-ремалык катыштын шартында тема деп атоого болот. Так ушул сөз татаал бүтүндүктүн бөлүгүндө жайгашкан микротеманы ачып берүүчү сөздөрдү өзүнө тартып семантикалык бүтүндүктү жаратат. Ачкыч сөздөр тексттин семантикалык негизги элементи катары сөздүн сүрөтчүсүнүн тигил же бул образдык системасынын борборунда орун ээлеп

турат. Алар аркылуу тексттин негизги маанисн гана берилбестен, автордук жеке стиль да эске алынышы керек». (26, 2003). Айрым бир ачкыч сөздөр когнитивдик мамиленин мыйзамдарына ылайык концепттик милдетти да аткарышат. Биз "Куттуу билим" көркөм текстине анализ жүргүзүүдө көбүнчө маанилик бүтүндүктү уюштурууга катышкан ачкыч лексемаларды, концепттерди анализдөөгө басым жасайбыз.

Ошентип, текст кептик чыгарма катары байланыштуулук жана бүтүндүк категорияларына ээ. Бул негизги категорияларды аныктоодо биз тексттин эң кичине бирдиги айтымдарга, айтымдар аркылуу уюшулган андан чоң блокторго, белгилүү тексттерге анализ жүргүзөбүз. Ал эми бир канча тексттердин тутуму семантикалык-структуралык жактан биригип жалпы тексттик глобалдуулукту, бүтүн кептик чыгарманы уюштурууга катышат. Мындай бир канча тексттердин тутуму аркылуу уюшулган көлөмдүү текст бир бүтүндүктү түзгөн кептик чыгарма деп аталат (26, 2003). **Демек, текст – семантикалык-структуралык бүтүндүк. Ал бүтүн кептик чыгарма катары эң жогорку чектеги коммуникативдик бирдик, пикир алмашуу процессиндеги кепти ишке ашыруудагы эң жогорку форма болуп эсептелет. Текст функционалдык, семантикалык-структуралык бүтүндүк катары курулуштун белгилүү бир өрөзелерине ээ болуп, аны түзүп турган бирдиктердин маанилик жана структуралык жактан биригишинин мыйзамдарын аныктоого алат.**

1.3. Тексттин прагматикалык, когнитивдик аспектилери

Текст – кептик кубулуш катары ар түрдүү аспектидеги изилдөөлөрдүн негизин түзгөн объект. Анын бир канча аспектиде изилденээрин кийинки мисалдардан көрүүгө болот. Мисалы, ***онтологиялык аспект*** – тексттин лингвистикалык структура катары жашоо мүнөзүн, статусун жана анын функциясын, структуралык башка бирдиктерден болгон өзгөчөлүгүн изилдейт; ***когнитивдик аспект*** – тексте объективдүү чындыктын

субъективдүү чагылыш мүнөзүн, таанымдарды жана билимдерди изилдейт; ***нукура лингвистикалык аспект*** – тексттин тилдик каражаттар менен жабдылыш мүнөзүн изилдейт; ***психологиялык аспект*** – тексттин кабылданыш мүнөзүн карайт; ***прагматикалык аспект*** – тексттин авторунун материалга жана объективдүү турмушка карата мамилелеринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн изилдейт ж.б. Булардын ичинен текстти эң жогорку чектеги коммуникативдик, динамикалык бирдик, кептик бүтүн структура катары антропоцентристтик багытта мүнөздөө прагматикалык, когнитивдик аспектилер менен тыгыз байланышта болгондуктан, бул аспектилер жөнүндө маалыматтарды берүү ашыкча болбос деп эсептейбиз.

Текстти кыймыл-аракеттеги тил катары түшүнүү, эң алды, анын функционалдык аспектисин аныктоого, ошондой эле пикир алмашууну ишке ашыруучу каражат катары кызмат аткаруусуна көңүл бурууга алып келет. **Пикир алмашууну ишке ашыруу тексттин прагматикалык аспектисин** аныктоо менен байланышат. Ал эми **текст таанып-билүүдөн сырткары түзүлбөйт.** Ошондуктан **мындай түшүнүктү чечмелөө үчүн анын когнитивдик аспектисине кайрылууга туура келет**.

Кандай гана **текст**ти албайлы, ал ар кандай кырдаалды, жагдайды, кандайдыр бир окуяны **маалымат** катары угуучуга же окуучуга **жеткирүү максатында жаралат**. **Анын түпкү мааниси прагматикалуу**лукту пайда кылып, экинчи тараптын кызыкчылыгына жараша кызмат өтөйт. Текстти прагматикалык жактан анализдөө функционалдуулуктан келип чыгат. Башкача айтканда, тексттин функционалдуулугун логикалык жактан кеңейтет жана өнүктүрөт. **Прагматика - (грек. pragmatos** - дело, действие) "иш", "таасир этүү" дегенди түшүндүрүп (26, 2003), тил илиминин, семиотиканын тармагы катары тилдик бирдиктерди жана кептин функционалдуулугун изилдөөгө алат. Кепти анализге алууда **лингвистикалык прагматикага текстти жаратуучуга (адресант), текстти кабыл алуучуга (адресат) тиешелүү маселелер кирип, эң негизгиси, алардын бири-бирине таасир этүүсүнө, бирин-бири түшүнүүсүнө байланышкан суроолорду чечмелөөгө алат.** Кепти жаратуучу

(тексттин автору, адресант) төмөндөгүлөрдү: информациянын максаты жана милдети; кепти жеткирүүнүн түрү, маалымдоочуга карата мамиле, анын баасы ж.б. аныктайт. Ал эми кабыл алуучу (окурман, адресат) тексттин түз жана кыйытылган, купуя маанисин кабылдайт; интеллектуалдык, эмоционалдык, эстетикалык таасир этүүлөрдү башынан өткөрөт. (26, 2003). **Прагматикалык анализ автор менен окурмандын бири-бири менен болгон карым-катышын ачып берет.** Кандай гана текст болбосун, анын негизги милдети - маалымат берүү, маалымат алмашуу, баарлашууну тескеп, жөнгө салуу жана ал аркылуу кабыл алуучуга (адресат, реципиент) таасир этип, анын реакциясын жаратуу. А буга качан жетишебиз? Качан гана сунушталып жаткан текст кабыл алуучуга толук түшүнүктүү болгондо. Ал эми тексттин түшүнүктүү болушу, баарынан мурда, коммуникативдик бирдик катары семантика-информативдик толук мазмунга ээ болуп, ал мазмун өзүнө адекваттуу синтактика-грамматикалык структура аркылуу берилип, белгилүү бир коммуникативдик конкреттүү кырдаал, жагдай-шарт, прагматикалык талапка ылайык келип турушу аркылуу аныкталат (87, 2000:80). **Текст аркылуу кабыл алуучунун интеллектуалдык, эмоционалдык психикасына таасир этип, кыймыл аракетин өзгөртүп, реакциясын жаратуу кеп ишмердигинин, коммуникация процессинин бирден бир белгиси болуп эсептелет.** Тексттин уюшулуш механизмдерин аныктоо үчүн баарынан мурда "тексттин прагматикалык багыты" жана "автордун прагматикалык багыты" деген түшүнүктөрдү аныктап алуу керек. Текст бүтүн чыгарма катары түзүлүшүндө өзүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ээ. **Тексттин уюшулушу өзүнүн кандайдыр бир максатка багытталгандыгынын жана конкреттүү тексттин авторунун белгилүү бир максатты көздөшүнүн таасиринде иш жүзүнө ашат.** Биринчиси тексттин өзү, анын мүнөзү, тапшырмалары аркылуу берилет. Экинчиси бүтүндөй автордук модалдуулук менен байланыштуу. **Кандай гана билдирүү болбосун, информацияны гана алып жүрбөстөн, берилип жаткан информацияга карата автордун мамилесин да билдирет.** Акырында тексттин прагматикалык

шартында эң негизгиси тексттин кабылданыш мүнөздөр менен болгон байланышы аныкталат.

Тексттин прагматикалык багыты тексттин өзүнөн жана текст жаратуучудан чыгат (анын багытталышынан, түрүнөн, жанрынан). Мисалы, тексте кандай суроолор жана кандай маселелер козголот, тексттин структурасы кандай болот, кандай жанрда, кайсы стилде түзүлөт, кайсы окурмандарга арналат, кандай каражат-бирдиктерди колдонот ж.б. деген жагдайлар текстти жазып чыгаруунун алдында эле болжолдуу түрдө автордун аң-сезиминде сакталган болот. Иштин алдында эле тексттин жалпы максаттык багыты - информациялуулугу, түзүлүшү болжолдуу түрдө белгилүү болуп калат. Ошондуктан **кандай гана текст болбосун, ал прагматикалык багытка ээ. Прагматикалык багыт тексттин жалпы стилистикасын**, материалдарынын топтолушун, тексттин **жалпы формасын** жана башкаларды **аныктайт.** Ошондой эле автор тексттин түзүлүшүнүн жалпы эрежелерин сактоо менен, өзүнүн автордук прагматикалык багытын иш жүзүнө ашырат, башкача айтканда, өзүнүн жеке коррективаларын киргизет. Текстти бир нече жолу оңдоп, андагы колдонулган тилдик каражаттарды дагы бир башка тилдик каражаттар менен алмаштырып, кайра-кайра структурага түздөөлөрдү киргизет. **Тексттин прагматикалык багыты менен автордун прагматикалык багыты** аралашып, **бири - бири менен карым катнашта болот.** Эң негизгиси, автор тексттин жанрын тандап алат. Мисалы, Жусуп Баласагын "Куттуу билим" чыгармасын жазууда дидактикалык мүнөзгө ээ ыр түрүндөгү көркөм текстти жаратууну тандап алды. Ал эми Т. Сыдыкбеков, Т. Касымбеков монументалдык көлөмдүү романдарды жаратууну тандап алат ж.б. ж.б. Тексттин кичине фрагменти болгон абзацтык түзүлүштө да тексттик жана автордук максатка багытталуунун ар түрдүүлүгүн көрүүгө болот.

Текст – таанып билүүдөн сырткары түзүлбөйт. Ошондуктан **тексттин семантикасы когнитивдик мүнөзгө ээ.** Латын тилинен которгондо «cognitio» - когниция дегенди билдирет (82, 2008:89). **Когниция - адамдын ой-жүгүртүүсү, акыл-эси** жана алар менен байланышкан ал-абалы, **менталдык процесстери,**

адамдын дүйнөнү кабылдоосу, билимдери жана таанымдары жөнүндөгү илим. Демек, билимдер, таанымдар менен байланышкан процесстер «когнитивдик» же «когниция» деп аталат. Интеллектуалдуу, менталдык, ой-жүгүртүүчү, ойлоп иш кылуучу (рассудочный) деген түшүнүктөрдү анын синонимдери катары кароого болот. Бул **когнитивдик жаңы багыттын негизги борборунда адамдын таанымы турат.** Мындай маселени чечүү, кандай болгон күндө да, символдорду, тактап айтканда, тилди колдонуу менен ишке ашат. Ошондуктан тил толук кандуу түрдө когнитологиянын көңүл борборунда болууга тийиш (40, 1994:17-33). Натыйжада, когнитивдик ишмердиктин жыйынтыгында адамдын чындык, дүйнө жөнүндөгү ойлогон, билген ойлорунун системасы түзүлөт. Мындай системаны түзүүдө ал символдорго таянат деген изилдөөлөр лингвистиканы адам жана коомду изилдеген башка илимий тармактар менен бириктирди да, лингвистикалык изилдөөлөрдүн тармактарын кеңейтти, б.а. когнитивдик лингвистика жаралды. **Когнитивдик аспектинин максаты – дүйнөнүн картинасын жана тилдик аң-сезимдин орношун моделдештирүүгө багытталган. Азыркы учурда текстке карата когнитивдик мамиледен изилдөө жүргүзүү актуалдуу болуп калды** (82, 2008:86). Текстти кептик кубулуш катары когнитивдик аспектиден изилдөөгө алуу – бул тилди, маанини, ой-пикирди ж.б. түшүнүүнүн гана бир аракети, жолу эмес, чындыкты кабылдоо, аны түшүнүү, тилдик каражаттардын жардамы менен түшүнүктөрдү чогуу иштеп чыгуу дегенди билдирет. Когнитивдик лингвистикада изилдөөлөрдүн борборунда маалыматты кабылдоо, сактоо, иштеп чыгуу процесстери негизги ролду ойнойт. Адам маалыматты кабылдоо менен, аны аң-сезиминде ой-жүгүртүү кыймылдары менен байланыштырат да, андан жаңы ойлорду жаратат. **Тилге кайрылбай туруп, адам маалыматты өздөштүрүп, жаңы ойлорду жарата албайт.** Ошондуктан **тил когнитивдик лингвистиканын негизги каражаты, объектиси болуп эсептелет** (59, 1997:14). Дүйнө жөнүндөгү белгилүү бир ой-жүгүртүүлөрдүн калыптанышы – психологиялык жактан чагылдыруунун үч баскычынын карым-

катышынын жыйындысы болуп эсептелет. Алар **сезимдик кабылдоо, элестөөлөрдүн калыптанышы, кептик ой-жүгүртүү ишмердиктери** менен аныкталат. Бул ишмердиктер маалыматтын же бир нече маалыматтардын кошулмасы аркылуу **мазмундуу түшүнүктү** пайда кылат. Мындай процесс **когнитивдик багыттагы изилдөөлөрдүн негизи** болуп эсептелген **концептти** жана **концептуалдык системаны анализдөө** менен байланышкан (56, 1996:53). **Когнитивдик лингвистиканын көз карашы менен караганда, таанып билүү – бул концепттерди жаратуу жана алардан жаңы ойлорду иштеп чыгуу процесси** дегенди билдирет. Ошондуктан **концепт тилди когнитивдик аспектиде изилдөөнүн эң негизги объектиси болуп эсептелет. Концепт** – (лат. conceptus) "**мазмундуу түшүнүк**" дегенди билдирет. Бул термин буга чейин математика, логикада колдонулса, азыр культурология менен лингвистикада да колдонула баштады (128, 1997). **Концепт объект, нерсе, кубулуш жөнүндөгү сөздүн лексикалык мааниси гана эмес, бир нече лексемалар аркылуу уюшулган түшүнүктүн мазмуну дегенди түшүндүрөт** (21, 2000). **Концепт түпкү мазмун (смысл) менен синоним** термин болсо, ал эми түшүнүк маани (значение) менен синоним термин. Сөздүн мааниси тигил же бул процесс, объект, предмет жөнүндө түшүнүктү билдирет, б.а. ал – белгилүү бир тилдин нормаларына ылайык кабыл алынып, туура деп эсептелген лексикалык бирдик. Ал эми **концепт** ошол предмет, процесс, **объект жөнүндөгү түшүнүктүн мазмунун туюндурат.** Мисалы, "**адамзат**" деген сөздүн мааниси 1. Киши, адам баласы, ***Адамзат*** *көзү барда көп байкалбай, Жок болсо «кайран ай» деп сагындырар* (Осмонов). 2. Эл-журт, бүткүл адам баласы. ***Адамзат*** *пендеси сүйгөн нуру не болот?... (Б.Алыкулов)* (63, 1984). Ал эми сөздүн лексикалык мааниси гана эмес, **адамдын (автордун) таанымдары, билимдери аркылуу объект менен тикеден-тике байланышкан мазмундуу түшүнүктү концепт деп атоого болот:**

Мисалы,

Адамзатты жаратты жандан артык,

148 Акыл, билим, өнөрдү берди калпып,

Ак пейил, тилди ойду кошо берди,
149 Жаркын жүз, жакшынакай келбет өңдүү.

Фрагменттеги *«жандан артык», «акыл», «билим», «өнөрдү», «ак пейил», «тилди», «ойду», «жаркын жүз», «жакшынакай келбет»* деген лексемалар жана алардын айкашуусу "калпып берди", "кошо берди" деген этиштик баяндоочтор аркылуу маанилик борборду түзүп турган ***адамзат*** деген ачкыч лексемага биригип семантикалык талааны уюштурду. Адамзат маанилик борборду түзүп, чакан фрагменттин темасы катары милдет аткарды. Ал эми «жаратты жандан артык» (Р1) «акыл, билим, онөрдү берди калпып» (Р2) «ак пейил, тилди ойду кошо берди» (Р3), «жаркын жүз, жакшынакай келбет өңдүү» (Р4) деген ремалык катыштар теманын маанисин ачып берүү үчүн предикативдүүлүктө болуп, тема-ремалык катыштар аркылуу семантика-структуралык бүтүндүк түзүлдү.

Муну схема түрүндө төмөндөгүдөй элестетүүгө болот:

- жандан артык
- акыл
- билим
- өнөр

АДАМЗАТ

- ак пейил
- тил
- ой
- жаркын жүз
- жакшынакай келбет

Объект жөнүндөгү мазмундуу түшүнүк бир нече лексемалар аркылуу автордук түшүнүк, эмоция менен уюшулду. Объект жөнүндөгү бир нече лексемалардын маанилик байланыштары аркылуу уюшулган мазмундук түшүнүктөн төмөндөгүдөй: адамдан башка касиеттүү нерсе жаратылышта да, коомдо да жок. Анткени адам жаратылыштагы айбанаттардан айырмаланып, акыл-эстүү, өз алдынча ойлоно алат. Логикалык жактан бир бүтүнгө, корутунду, жыйынтыкка келүү менен сүйлөп, өз

пикирин тил аркылуу башкаларга жеткирүүгө жөндөмдүү. Тил – адам баласынын эң маанилүү жана алмашылгыс өз ара катнаш куралы. Ал адамдардын ой-пикирин жана сезимдерин билдирүүчү рухий өнүгүүнүн натыйжасы катары баалуу. Ал эми акыл-эс айлана чөйрөнү үйрөнүүдө, таанып-билүүдө субъектинин активдүүлүгүнө чоң роль ойногон эң негизги белгиси. Мээнин функциясы, адамдын табигый касиети катары аталган жөндөмдүн адамга гана тиешелүү экендигин белгилейт. Анткени бардык жандыктардан айырмаланып адам гана акыл-эске, ой жүгүртө алуу, сүйлөө, билим алуу ж.б. мүмкүнчүлүктөрүнө ээ деген имплициттүү маанини кабылдоого болот. Демек, жогорудагы **адамзат** жөнүндөгү мисал автордук көркөм концептти туюндурат.

С.А. Аскольдов концепттерди эки топко: таанып билүүчү жана көркөм концепттер деп бөлүштүрөт (10, 1997). Азыркы учурда да концепттер **таанып билүүчү концепттер** жана **көркөм концепттер** деген эки багытта изилденүүдө. Эгерде **таанып билүүчү концепттер жалпы**лыкка ээ болсо, ал эми **көркөм концепттер индивидуалдуу мүнөзгө ээ** (82, 2008:122). Индивидуалдуулук адресанттын (автордун) ички дүйнөсүн, үмүт-тилегин, максатын, жеке таанымын билдирет.

Кандай гана концепт болбосун, белгилүү бир тилдеги көптөгөн формада баяндап берүүнүн жалпыланган мазмунун, ошондой эле адам жашоосун, маданиятын тилсиз аныктоого, ойлоого болбогон кайсы бир тармактарындагы, мисалы, адабияттагы, поэзиядагы **жалпыланган мазмунду өзүнө сиңирип алат.** Ушундан улам кайсы бир жазуучунун баяндоосундагы дүйнө түзүүсүн, аң-сезимин баяндоодо белгилүү бир элдин маданиятын чагылдырып турган концептуалдык системасын билүү зарыл. Ошондуктан сөздү тандаган белгилүү автордун көркөм концетуалдык системасын түзгөн индивидуалдуу концепттерди изилдөө актуалдуу болуп эсептелет. Жалпыланган таанып билүүчү концепттерден айырмаланып **көркөм концепттер индивидуалдуу, психологиялык жактан татаал, белгилүү бир авторго таандык түшүнүктөрдү, элестөөлөрдү, эмоцияларды, кайсы**

бир учурда көркөм ассоциацияны көрсөткөн мүнөздөргө ээ. Көркөм концептти таанып билүүчү концепттердин уландысы катары эсептөөгө болот. Көркөм концепттин таанып билүүчү концепттен айырмасы, биринчиден, **ассоциацияга,** экинчиден **образдарды ачуу менен**, ар түрдүү эмотивдик маанилерди да ачууга, үчүнчүдөн, көркөм концепт **образдарга багытталган өзгөчөлүктөргө ээ. Көркөм концепттер бири-бири менен карым-катышта, бирин-бири шарттоочу мамилелерде болуу менен,** жыйынтыгында **автордук дүйнөнүн көркөм картинасын түзөт. Автор эмоционалдык, маданий тажрыйбаларга канчалык бай болсо, анын концепттери ошончолук арбын жана мазмундуу болот.** Тилдеги кадыресе сөздөр белгилүү бир жазуучу тарабынан эстетикалык маселелерди чечүү үчүн зарыл болуп, негизги концепттерди-символдорду түзүшөт. **Ар бир концепт дүйнөнүн тилдик картинасынын фрагменти болуп эсептелет. Ар кандай тилде сүйлөгөн адамдар белгилүү бир шартта бири-бирине жакын дүйнөнүн концептуалдык картинасына ээ болушат**, ал эми бир тилде сүйлөгөн адамдар ар түрдүү. **Ошентип, дүйнөнүн концептуалдык картинасы жалпы адамзаттык, улуттук жана жеке мүнөздөргө ээ** (128, 1997).

Белгилүү бир **концепт бир эле сөздүн лексикалык мааниси аркылуу аныкталбайт**, бир нече сөздөрдүн тобу аркылуу жана макал-ылакаптар, жаңылмачтар, ошондой эле **бүтүндөй текст аркылуу да берилет**. Мисалы, **уят** концепти ар кандай сөздөр, алардын маанилери менен, мисалы, «мыйзам», «чындык», «адилеттүүлүк» ж.б. менен түшүндүрүлүшү мүмкүн (82, 2008:102). Бирок бир нече лексемалардын семантикалык байланыштарынан турган бардык эле мазмундуу түшүнүктөрдү концепт деп атоого болбойт. **Концепт – белгилүү бир учурдагы маданиятты ансыз элестетүүгө мүмкүн болбогон, актуалдуу** жана **баалуу деп эсептелеген чындыктагы кубулуш, объект, процесс** ж.б. Ал көптөгөн тилдик каражаттар аркылуу түшүндүрүлөт, макал-ылакаптардын, жаңылмачтардын, ыр түрүндөгү жана кара сөз түрүндөгү көркөм тексттердин темалары

да болушат. Ошондой эле белгилүү бир элдин маданиятын чагылдырат (82, 2008:104).

Жыйынтыгында, **концепт сөздүн лексикалык маанисинен кенен түшүнүк. Ал эми сөз концепттин бөлүгү гана болуп эсептелет. Концептти түшүнүү сөз, сүйлөм, текстти анализдөөдө ачык-айкын көрүнөт.** (Степанов, Карасик, Аскальдов ж.б.). Мына ушундай изилдөөлөрдөн улам орустун лингвист-окумуштуулары **"концепт – бул түшүнүктүн мазмуну, смысл менен синоним катары каралат"**, - деген жалпы жобого ылайык, ага төмөндөгүдөй аныктама-пикирлерди айтышат:

- Тилдик бирдиктердин семантикалык жагы концепттин мазмундук түзүлүшүн аныктоодо негизги каражат болуп эсептелет деген божомолдоолор Н.А. Арутюнова, Т.В. Булыгина, А.Д.Шмелев ж.б. тарабынан айтылат. Мындай көз карашты Н.Ф. Алефиренко да колдоого алып, концептке карата семантикалык мамилени когнитивдик семантиканын бирдиги катары карайт (2, 2001).

- Концепт – бул ой-жүгүртүү кыймылдарында бир же бир нече предметтердин катышынан турган **мазмундук түзүлүш** (10, 1997: 267).

- Концепт – бул дүйнөнүн картинасын адамдын психикасына чагылдырган, акыл-эстин менталдык лексиконундагы, концептуалдык системасындагы **мазмундук бирдик**. (56, 1996:90).

- Концепт – этникалык дүйнө таанымды чагылдырган, **этникалык дүйнөнүн тилдик картинасын аныктаган семантикалык түзүлүш.** Ошол эле учурда адамдык ишмердиктин мазмунун чагылдырган бир нече билимдерди жана маалыматтарды туюндурат (28, 1999).

- Концепт – бардык эле ар кандай түшүнүктөр эмес, ары татаал, **өзгөчө мааниге ээ, улуттук спецификалык мүнөздү туюндурган, ансыз белгилүү бир учурдагы маданиятты элестетүүгө мүмкүн болбогон түшүнүк** (128, 1997).

- Концепт тикеден-тике сөздүн маанисинен улам жаралат жана сөздүн лексикалык мааниси менен адамдын өздүк жана улуттук тажрыйбаларынын кагылышууларынын жыйындысы

болуп эсептелет. **Ал эмоционалдык, экспрессивдик мүнөзгө ээ** (82, 2008:110).

Концептке карата берилген ар кандай аныктамалардан кийин, ага мүнөздүү болгон төмөндөгүдөй өзгөчө белгилерди бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) **Адамдын ойлорунун, элестөөлөрүнүн минималдык бирдиги.** Ал сөздөрдүн жардамы менен ишке ашырылат жана семантикалык талааны, структураны уюштурат; 2) **Билимдерди сактоонун, иштеп чыгуунун, жеткирүүнүн негизги бирдиги;** 3) **Концепт – кыймылдуу мүнөзгө жана конкреттүү функцияга ээ;** 4) **Концепт – коомдук мүнөзгө ээ**, анын ассоциациативдик талаасы прагматикага шартташкан; 5) Бул – **маданияттын негизги борбору.**

Ошентип, көптөгөн концепттердин жыйындысы адамдын аңсезиминде дүйнөнү түзүү менен концептуалдык системаны уюштуруп, ал эми анын мазмуну сөздөр аркылуу берилет. Орустун тилчи окумуштуулары бул изилдөөлөрүндө бир нече концепттерди бөлүп көрсөтүшөт: "Түбөлүктүүлүк", "Мыйзам", "Билим", "Тил", "Чындык", "Мейкиндик", "Сүйүү". "Эркиндик" ж.б. (56, 1996, 4, 1976). Орустун лингвист-окумуштууларынын пикирлерине таянганда, концепттердин саны бир нече жүздөп, миңдеп саналат.

Ошентип, **концепт деп белгилүү бир элдин маданиятын, билимдерин, чагылдыруудагы** нерсе, кубулуш, объект жөнүндөгү денотативдик, коннотативдик маанилерге ээ бир нече лексикалык бирдиктерден уюшулган **мазмундуу түшүнүктү атайбыз**. Концепттер белгилүү бир элдин тилдик системасындагы лексемалар аркылуу гана ишке ашпастан, ошол лексемалардын семантикалык талаалары аркылуу уюшулган **айтымдарда, тексттерде ишке ашат.**

Адамдын акыл-эсиндеги бардык концепттердин жыйындысынан турган менталдык деңгээл же менталдык уюшулуш **концептуалдык системаны** түзөт. Ал эми менталдуулук – дүйнөнүн картинасын өзгөчөлөнтүп курууга кирген ой-жүгүртүү процесстеринин жыйындысы. **Концептуалдык система – адамдын тажрыйбасын, ишмердигин чагылдырган дүйнө жөнүндөгү билимдеринин**

жана ой-пикирлеринин системасы. Ал эми **концептуалдык системанын негизинен көркөм концептуалдык система** жаралат. **Көркөм концептуалдык система индивидуалдуу мүнөзгө ээ.** Анткени ал белгилүү бир элдин өкүлү болуп эсептелген адамдын (автордун) таанымындагы текст аркылуу берилет. Ушундан улам **текстти түзүү, түшүнүү дүйнөнү аңдап билүү маселелеринен сырткары болбойт. Дүйнөнүн** түзүлүшүн жана обьектилердин ар түрдүүлүгүн, процесстерди **кабыл алуубуз** жана **аны кайрадан иштеп чыгуубуз текст аркылуу гана ишке ашат**. Адамдын аң-сезими – чындыкты чагылдыруунун эң жогорку формасы, ал эми ой-жүгүртүүнүн структуралары объективдүүлүктү маани-мазмундаштырат. Мээде ой-жүгүртүү процесси жүрөт. **Таанып билүү - нерсенин** же болуп жаткан **процесстин образын өз ара тыгыз байланышкан абстракциялык тепкичтер аркылуу ой-жүгүртүүдөн алып өтүү** болуп эсептелет. Анын натыйжасында субъекттин аң-сезиминде нерсенин, окуянын маңызын жана өзгөчөлүгүн билдирген түшүнүк – денотат калыптанат. Бул жөнүндө атактуу ойчул, философ Ибн-Сина **таанып-билүүнүн эң негизги эки түрүн белгилеп, биринчиси – түшүнүк, экинчиси – пикир алмашуу** деген жыйынтыкка келген. Ал: "түшүнүктүн негизги милдети – нерсенин маңызын аң-сезим аркылуу ачып берүү. Ал эми пикир алмашуу аркылуу нерселердеги мамилелерди, процесстерди ачууга, алар тууралуу маалыматтарды алмашууга болот" – дейт (69, 1967:85). Натыйжада, **түшүнүк пикир алмашуу зарылдыгын туудурат, пикир алмашуунун бирдиги – кеп, ал эми кептик процесс – мээдеги ой-жүгүртүү процессинин туундусу, текст - аны чагылдыруудагы материалдык форма. Ал эми тил – пикир алмашуу, маалымат жеткирүү үчүн** текстти **түзүп турган каражаттар болуп эсептелет. Таанып-билүү психологиялык, философиялык, логикалык, коммуникативдик, ж.б. закон ченемдүүлүктөрдүн катышы менен түзүлөт.** Ал эми тил система-структуралык түзүлүш катары пикир алмашууда гана реалдуу колдонулуп, реалдуу функцияланат да, тексттик формада жашайт. Пикир алмашуу, сүйлөшүү, таасир этүү текст аркылуу гана ишке ашат.

Адам баласы **текст аркылуу гана дүйнө таанымга, таанып-билүүчүлүккө ээ болот.** Себеби ар бир текст реалдуулукту **обьективдүү жана субьективдүү** чагылдыруу менен, предмет, нерселер, окуя, кубулуш-көрүнүштөр, аң-сезим, ой-пикир көз караш, идеялар жөнүндө маалымат берет, алар жөнүндө түшүнүктү калыптандырат да, адам баласынын материалдык руханий жана жан дүйнө, талап-мүдөөсүн канаатандырууга багытталат (87, 2000).

Ар бир **нерсенин, окуянын маниси пикир алмашууда текст аркылуу иштелип чыгат.** Башкача айтканда, тексте **чындыктын образы**, экинчилиги жаралат. Адресанттан адресатка бардык нерсенин өзү берилбейт. **Тилдик каражаттардын жана экстралингвистикалык каражаттардын системасы аркылуу нерсенин, окуянын, ойлордун, процесстердин маанилери берилет.** Тексттин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – анын маанилүүлүгүндө. Ал адресанттын оюн объективдештирүү үчүн гана кызмат аткарат. **Таанып-билүүдөн сырткары текст түзүлүшү мүнкүн эмес.** Ал дүйнөнү адам жеке аң-сезиминде кандай кабыл алат жана элестетет, аны башка адамдарга кандай ой-пикирде жеткирет? - деген жагдайларда түзүлөт. Бардык эле нерсе адам аң-сезимине бирдей эле чагылдырылат. Бирок ар бир адамдын ой-бүтүмү ар түрдүү, текст жаратуу өзгөчөлүгү ар башкача болот. Анткени аны кабылдоодо, кайра чагылдырууда таанып-билүүлөр, менталдык көз караштар ар башкача болот. **Ар бир адам дүйнө жөнүндөгү түшүнүгүн улуттук аң-сезиминин чегинде, өз эне тилинде берет**. «Ар түрдүү тилде сүйлөөчүлөр космосту ар башкача баалашат жана көрүшөт»-деп билдирет С.Чейз. Ал эми Л.Вайсгербердин ою боюнча, объективдүү дүйнө «вещью в себе» бойдон кала берет. **Адам жеке рухий дүйнөсү, менталдык аң-сезими менен өз тилинде чындыктын ар түрдүү жактарын таанып-билет»** (55, 1975).

Ошентип, таанып-билүүнүн негизинде тилдик, кептик, логикалык, философиялык, интеллектуалдык, менталдык факторлордун өз ара карым-катышынан бүтүн **текст жаралат.** Жеке адамдын таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнүн негизинде өздүк

тажрыйбалары топтолот. Ал тексттин жардамы менен башка адамдарга тарайт. Ушундан улам коомдук тажрыйбалар иштелип чыгып отуруп, адамдар жашоосу өзүнчө бир бүтүндүктү түзөт. Ал эми адамдар жашоосун кеп ишмердигисиз элестетүүгө мүмкүн эмес.

Тил – ошол коомдук аң-сезимдин формаларынын бири катары чындыкты теориялык жана практикалык жактан өздөштүрүүдө кызмат аткарган универсалдык каражат. "Тил – аны түзүп турган бирдиктердин жөн гана системасы эмес, көптөгөн айтымдар түрүндөгү кептик систама. Башкача айтканда, тил, баарынан мурда, пикир алмашуу процесси, чексиз фразалык түзүлүш процесси түрүндө жашайт" (55, 1975). **Тилдик каражаттар аркылуу уюшулган текст таанып-билүүнүн негизинде түзүлөт. Жалпы эле дүйнөлүк картина, алгач, адам аң-сезими аркылуу концептуалдаштырылат, бүтүн кеп катары, аны ишке ашырууда текст катары каралат. Ал эми тексттин жаралышында тилдик система материалдык каражат катары кызмат кылат. Тилдин сырткы (формалык) жана ички (семантикалык) жагы ой-жүгүртүү менен байланышта болуп, таанып-билүү аркылуу дүйнөнүн картинасын түзөт. Текстти тилдик системанын катышы менен түзүлгөн кептик натыйжа деп кароого болот. Анын негизинде кепти ишке ашыруу максаты гана эмес, автордун жеке өзүнүн тандоосу менен алынган (лексикону, семантикону, прагматикону) тили, тилдик картинасы да чагылдырылат. Автордун көз карашы менен алганда, текст - белгилүү бир пикир алмашуу чегинде ишке ашкан дүйнөнүн тилдик картинасынын фрагменттерин же алардын бирин концептуалдуу чагылдырган кептик ой жүгүртүү ишмердиги.** Ал эми окурмандын көз карашы менен караганда, текст – бул тилдик каражаттар менен ишке ашкан, коммуникативдик концептуалдык мааниге ээ информацияны таанытуучу объект. Пикир алмашуунун эки аспектиси тең (тексттин жаралышы жана кабылданышы) тилдик жөндөмдүүлүктөргө, жоболорго, компетенцияларга негизделет. Ошентип, текст маалымат берүү багытын көздөгөн белгилүү бир чөйрөдөгү пикир алмашууну

тилдик системанын элементтери менен ишке ашыруучу, информативдик-маанилик жана прагматикалык негиздерге ээ объект болуп эсептелет. Пикир алмашуу текст катары ар түрдүү формада жана ар кандай толуктоолор менен ишке ашат. Кандай гана текст болбосун, ал анын темасын жана түзүлүшүн мүнөздөп турган объективдүү жана субъективдүү факторлордун карым-катыштарынын негизинде түзүлөт. Объективдүү факторлорду негизги үч бөлүккө бөлүүгө болот:

1. Кандай гана текст болбосун, жалпы адабий тилдик (жалпы улуттук) нормага негизделип түзүлөт.
2. Текст жаралышында белгилүү бир максатка жана шартка ылайык кайсы бир функционалдык стилдин негизинде түзүлөт.
3. Текст андагы мазмунга жана мааниге ылайык түзүлөт.

Ал эми субъективдүү фактор текстти жаратуучу адресант менен байланыштуу болот. Адресант (автор) маалыматтын темасын, анын функционалдык шартын (романбы, гезиттик макалабы, илимий макалабы ж.б.) жана текстти уюштурууда тилдик каражаттарды, конкреттүү лексикалык бирдиктерди өзү тандайт (61, 1988). Өзгөчө көркөм стилдеги тексттер адамга таанып билүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк, эстетикалык таасир берүүсү менен башка стилдеги тексттерден айырмаланып турат.

Көркөм стилдеги текстти анализдөөдө **анын категориялары когнитивдик мүнөзгө ээ болуп, таанып-билүү менен ишке ашат. Алар окурманга көркөм коммуникация процессинде дүйнөнү таануу жаратат.** Көркөм тексттеги дүйнөнүн картинасы жаратуучунун (автордун) жеке аң-сезими аркылуу адам жана анын дүйнө менен болгон байланышын ачып берет. Автор аны өзүнүн жеке көркөм кабылдоосу аркылуу баяндайт. Ошону менен бирге дүйнөнү көркөмдөп түзүү үчүн лингвистикалык каражаттарды колдонот. Ал белгилүү бир доордогу, белгилүү бир элдин тилине же тилдик системасына таянат. Демек, белгилүү бир элдин тилдик системасындагы каражаттар аркылуу уюшулган мазмундуу түшүнүктөр же концепттер дүйнөнүн тилдик картинасын туюндурат. Ошондой

эле концепттер көркөм чыгармада көптөгөн темалардын милдетин аткарат. Мисалы, Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасында бактылуу жашоо, ал эми ага жетүүнүн сыналган ишенимдүү жолу **билим** (концепти) экендиги жөнүндөгү ой негизги борбордук маанини түзсө, ошол негизги маанини ачып берүү үчүн автор адам баласына тиешелүү болгон коомдук жашоодогу ар түрдүү маселелер (мисалы, социалдык категорияларга кирген «эркиндик», «адилет», «акыл-эс», «тил», «мамлекет», «мамиле», «адеп» ж.б. ж.б. концепттер), анын манызын түшүнүү, ал үчүн адегенде **аалам картинасын** түзүүгө аракеттенүү (мисалы, универсалдык категорияларга кирген «аалам», «планета», «өзгөрүү», «кыймыл», «убакыт», «мезгил» ж.б. ж.б. концепттер) сыяктуу түрдүү темаларды ошол доордун шартына ылайык чечмелеп берет. Адам баласын, коомдук жашоону жаратылыш, табияттын мыйзамдары менен карым-катышта кароо аркылуу жалпы жашоонун мыйзамдарын ачып берүүгө аракет кылуу **автордук модалдуулук** менен бекемделет. Жусуп Баласагындын «Куттуу билим чыгармасындагы **чындыктын ар түрдүү фрагменттери өз-өзүнчө текст же тексттин сериялары түрүндө берилген. Ал эми дүйнөнүн тилдик картинасынынын фрагменттерин түзгөн концепттер айтымдар аркылуу, андан чоң маанилик блоктор жана белгилүү тексттер аркылуу түшүндүрүлгөн.**

Демек, жогоруда көрүнүп тургандай, кандай гана текст болбосун, анын прагматикалык, когнитивдик негиздери олуттуу мааниге ээ. Аталган маселелер көркөм тексте спецификалык табият-белгилерге ээ болуп өзгөчөлөнүшөт.

1.4. Дүйнөнүн тилдик картинасынын текст аркылуу чагылдырылышы

Арийне, азыркы учурларда жалпы эле лингвистикада тилге карата антропоцентристтик көз караштан мамиле жасоого өзгөчө көңүл бурулууда. Пикир алмашуунун, маалымат берүүнүн ар кандай кырдаалдарында адамдын жаратылышына тиешелүү болгон бардык факторлорду кеңири аныктоо үчүн текстке

комплекстүү мамиле кылуу алдыңкы планга чыкты. Тексттин уюшулушун аныктоодо маалымат берүүчү жана маалымат алуучунун жалпы билимдерине таянуу, анын уюшулушунун лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорун иликтөө күч алды. Тилдин өзүнө гана эмес, тилдеги адам факторуна өзгөчө көңүл бурула баштады (5, 1998; 58, 1991 ж.б.) жана жалпы тил илиминде **"дүйнөнүн тилдик картинасы"** деген түшүнүк кеңири колдонууга ээ болуп жаткандыгы көрүндү. Жалпы мааниден караганда, бул түшүнүк адамдын чындыкты кабылдоосу, ой-жүгүртүүсү, сезүүсү менен байланышкан таанымдарына, билимдерине ылайык дүйнө жөнүндөгү түшүнүгүнүн интерпретацияланышы менен байланышкан. **Дүйнөнүн картинасы – объективдүү чындык, жашоо жөнүндөгү ой-бүтүмдөрдүн жалпы системасы.** Эгерде дүйнө бул адам жана чөйрө, чындык, алардын бири-бири менен болгон карым-катнашы болсо, дүйнөнүн картинасы адам жана чөйрө жөнүндөгү маалыматтарды иштеп чыгуунун жыйынтыгы болуп эсептелет. Дүйнөнүн картинасы бул анын күзгүдөй чагылдырылышы эмес, бири-биринен айырмаланган субъекттер аркылуу ишке ашкан дүйнө жөнүндөгү бир канча түшүндүрүүлөр. М. Хайдеггер мындай деп жазат: "картина" деген сөздү баарынан мурда кандайдыр бир нерсенин чагылдырылышы деп ойлойбуз, ал эми дүйнөнүн картинасы деген негизги түшүнүк дүйнөнү чагылдырган сүрөт эмес, анын өзүн бүтүндөй картина катары кабылдай турган түшүнүк" (143, 1991). Дүйнөнүн картинасы мейкиндиктик, сандык, этикалык ж.б. параметрлердин жардамы менен берилиши мүмкүн. Анын калыптанышына тил, үрп адаттар, жаратылыш жана ландшафт, тарбия берүү, окутуу ж.б. коомдук факторлор таасир берет" (83, 2004)

«Дүйнөнү тааануу», «дүйнөнү кабылдоо», «дүйнөнү түзүү», «дүйнөнү түшүнүү» терминдери аң-сезимдештирүү менен байланышкан. Тагыраак айтканда, адамдын чындыкты кабылдоосу, элестөөлөрү жана эмоциялары анын аң-сезими аркылуу ишке ашат. Бул аталган бардык терминдер автордун чындыкка, дүйнө таанымга болгон көз карашын билдирет. Ал

эми "дүйнөнүн картинасы" термини аталган терминдерге синоним катары колдонулат. Ошондуктан көптөгөн изилдөөчүлөр, лингвисттер «**дүйнөнүн автордук модели» же «дүйнөнүн картинасы**» деп атап келишет. Алар бул терминди төмөндөгүдөй түшүнүшөт: а) **модель, курчап турган дүйнө жөнүндөгү адамдардын тажрыйбасынан улам жыйналган жалпы билимдердин жыйындысы. б) Интерпретациянын механизмдери жана ыктары** (153, 2000: 46-47).

А.Г. Спиркин: «**Дүйнөнүн бүтүн картинасы - бул адамдардын жаратылыш жөнүндөгү, коомдук жашоо жөнүндөгү билимдеринин жалпы жыйындысы**» - дейт. Ал эми Е. Н.Нурхаметов Спиркиндин оюна кошулуу менен, "дүйнөнүн картинасы - бул адам баласынын реалдуу дүйнөдөгү предметтерге жана кубулуштарга болгон мамилеси, аларды өздөштүрүүсү, курчап турган чөйрөдөгү жаратылыштын жана коомдун мыйзамдары тууралуу билимдери жөнүндө жалпыланган дискреттүү түшүнүк", - дейт (99, 1989:81).

А.Б.Мигдал: «Дүйнөнүн картинасы бүтүндүктү түзөт. Ал адам маданияты ээлеп турган жашоону, турмушту бардык ык-чаралар менен таанып-билүүнүн жыйынтыгы катары өнүгөт", - дейт да, "**дүйнөнүн картинасы тууралуу илимий иштер бар, бирок дүйнөнүн көркөм картинасы жөнүндө маселе иштелбей келет**", - деп белгилейт. Анын аныктоосу боюнча, дүйнөнүн көркөм картинасы искусствонун ар түрдүү тармактары аркылуу түзүлгөн белгилүү бүтүндүк (84, 1986: 18-23).

Дүйнөнүн көркөм картинасын түзүүчү искусство тармагынын бири – бул **көркөм адабият**. Дүйнөнүн көркөм картинасы көркөм чыгарма аркылуу чагылдырылат. Көркөм текст тилдик каражаттар менен түзүлөт. Ошондуктан ал – лингвистиканын изилдөө обьектиси. Демек, дүйнөнүн көркөм картинасын аныктоодо лингвистикалык анализдөөнүн методдорун кабыл алууга туура келет (129, 1980:28, 131, 1983:300).

А.Б.Мигдал белгилеп кеткендей, дүйнөнүн көркөм картинасы бүтүндүктү түзөт. Ал эми дүйнөнү бүтүндүктө кабылдоо – автордук баамга байланышкан абстрактуу түшүнүк. Адегенде

шын аң-сезиминде дүйнөнү бүтүндүктө кароочу абстрактуу ой, идея пайда болот. Бүтүндүктү түзүүчү бөлүктөр же чындыктын ар түрдүү фрагменттери ошол ойду мазмундаштырат. Андан кийин мазмундаштырылган чыгарманы жаратат. Автор белгилүү бир адабий тилдик нормадагы тилдик каражаттарды колдонот. Тил – бул адамдын дүйнө жөнүндөгү билиминин жаралышындагы жана калыптанышындагы эң негизги каражат, курал болуп эсептелет. **Объективдүү дүйнөнү чагылдырууда адам таанып-билүүнүн жыйынтыктарын тилдик каражаттар аркылуу берет. Тилдик форма аркылуу берилген мындай билимдердин жыйындысы дүйнөнүн тилдик картинасын билдирет.** Дүйнөнүн тилдик картинасында тил аркылуу адамдын дүйнөнү кабылдоосу келип чыгат. **Дүйнөнүн тилдик картинасы деп адамдын дүйнө жөнүндөгү элестөөлөрүн түшүнүүгө болот.** Дүйнөнүн тилдик картинасынын структуралык бөлүгүндөгү негизги орунду жалпы маданияттын негизги концепттери ээлейт. Маданияттын негизги концептерине төмөндөгүдөй түшүнүктөр тиешелүү: уят, тагдыр, эрк, карыз, күнөө, мыйзам, эркиндик, интеллигенттүүлүк, мекен ж.б. ж.б. кирет. Концептти эки топко бөлүүгө болот, ал маданияттын универсалдык категориялары деп аталган космикалык, философиялык категориялар: убакыт, мейкиндик, себеп, өзгөрүү, кыймыл, планета ж.б жана маданияттын социалдык категориялары деп аталган эркиндик, укук, адилеттүүлүк, эмгек, байлык, өзүмчүлдүк ж.б. (29, 2001). Булардын бардыгы биригип дүйнөнүн жалпы концептуалдык моделин түзүшөт. **Дүйнөнүн тилдик картинасы – дүйнөнүн жалпы концептуалдык моделинин эң негизги бөлүгү болуп эсептелет.** (58, 1991:139) Ал адам аң-сезими аркылуу кабылданган концепттин тил каражаттарынын, ой-жүгүртүүнүн семантикалык категориялары аркылуу берилишин билдирет, ошондой эле ал ой-жүгүртүү ишмердигинин жана тилдик системанын нормаларынын негизинде ишке ашат. Дүйнөнүн тилдик картинасы тилдик белгилерге, билимдерге, анын бирдиктерине жана эрежелерине таянып, ошондой эле, эң негизгиси алардын белгилүү бир түшүнүктүн мазмунун ачып берүүсүн билдирет (58, 1991:144). Дүйнөнүн тилдик картинасы

Ю.Д. Апресяндын баяндамасында төмөндөгүдөй берилет: "Коомдогу кандай гана тилди албайлы, ал дүйнөнү кабылдоо жана түзүү жолдорун чагылдырат. Андагы негизги маанилер көз караштардын бүтүн системасынан келип чыгат. **Чындыкты таанып билүү - улуттук менталитетке мүнөздүү** көрүнүш. Ошондуктан өзүнүн тилине ээ ар бир улут дүйнөнү өз тили аркылуу ар кандай таанып билет. Ал эми **текстти анализдөө ар бир доордогу белгилүү бир элдин коомдук-маданий, практикалык ишмердигинин натыйжасында дүйнөнүн картинасы жөнүндөгү** ар тараптуу **ишмердиктерин түшүнүүгө жардам берет**. Бирок дүйнөнүн картинасы деген термин белгилүү бир маанилүү түшүнүккө жаңыдан гана ээ боло баштады" (3, 1995).

Лингвистикада тилдик аспектиден дүйнөгө болгон көз-караштар жөнүндөгү ойлор XIX кылымдын башында В. Гумбольдттон башталса, XX кылымдан баштап дүйнөнү тилдик аспектиден изилдөө (языковая картина мира) бир нече гипотезалардын рамкасында (Л.Вайсгербер, Э.Сепир, Б.Уорф ж.б.) иш жүзүнө ашырылып, жакынкы убактардан тартып тил илиминде «дүйнөнүн картинасы» деген термин колдонула баштады. (132, 1989). Европалык лингвисттердин эмгектеринде: Дүйнөнүн картинасы жана тил; Адам факторунун тилдеги ролу; Дүйнөнүн концептуалдык жана тилдик картинасынын өз ара мамилелери, жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү, анда тилдик каражаттардын, лексикалык, грамматикалык каражаттардын ролу каралат. Дүйнөнүн картинасына тиешелүү маселелерге авторлор: 1. Дүйнөнүн концептуалдык картинасынын элементтерин тилдик каражаттар менен маанилештирүү; 2.Кептин жаралышы; 3. Коммуникация процессиндеги адам факторунун ролу деген маселелерди киргизишет.

Дүйнөнүн тилдик картинасы – бул белгилүү бир **элдин дүйнөнү чагылдыруусу менен байланышкан тилдик каражаттардын системасы**, белгилүү доордогу белгилүү бир **элдин чындык жөнүндөгү таанып- билүүлөрүнүн, алардын тилдик бирдиктер аркылуу берилишинин жыйындысы. Тилдик каражаттардын аткарган кызматы, бардыгынан**

мурда, **чындык жөнүндө маалыматты этникалык көз караштар менен байланыштырат.** Ошондуктан чындык бардык эле адамдарга бирдей таасир этет. Ал эми аны **кабылдоо, өздөштүрүү ар бир элдин өзгөчөлүгү, жашоо шарты, жөндөмдүүлүгү, тили менен шартташкан.** Коомдогу **ар бир тил дүйнөнү өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша бөлүштүрөт.** Белгилүү бир тилдин өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. **Башкача айтканда, белгилүү бир тилдин негизинде дүйнөнүн картинасы же модели жатат жана баяндоочу айтымдын мазмунун ушул моделге ылайык уюштурууга милдеттүү. Ошондой эле белгилүү бир элдин өзүнө мүнөздүү болгон дүйнөнүн модели жалпы, универсалдуу мүнөздөргө да баш иет.**

Конкретүү текст белгилүү бир **автордун дүйнө таанымын** көркөм же илимий ж.б. түрдө чагылдырат. Мисалы, Ж.Баласагын өзүнүн дүйнө таанымында «Куттуу билим» көркөм тексти аркылуу адам жана аны курчап турган аалам чөйрөсү бүтүндүктү түзөт, жер планетасынын болушу башкалардан айырмаланып адамга жашоо берет, кенен маанисинде от, аба жана суу жашоонун негизи болуп эсептелет деген ойду жөнөкөй эле айткандай сезилгени менен, анын маанисинде терең философиялык да, таанып-билүүчүлүк, концептуалдуу система жаткандыгын көрөбүз.

Дүйнөнүн картинасы жөнүндөгү ойлордун бүтүндүгү таанып-билүүдө бир нече варианттар менен: илимий, көркөм, диний этникалык ж.б. түрдөгү тексттер аркылуу берилет. Бул варианттардагы тексттер жалпы дүйнөнүн картинасын ар биринин өзгөчөлүктөрүнө жараша түзүшөт. Мисалы, илим ар түрдүү тармактагы илимдерге (физика, химия, биология ж.б) тиешелүү болгон дүйнөнүн жалпы картинасынын жеке илимий фрагменттерин өзүнө камтуу менен дүйнөнүн илимий картинасын түзөт. Бирок дүйнөнүн жеке илимий картинасы реалдуу чындыктын бардык жактарын чагылдыра албайт. Илимий ой-жүгүртүүлөр көркөм ой-жүгүртүүлөр менен толукталат. Алар бирдиктүү түрдө дүйнөнүн картинасын түзүшөт.

Академик Б.М.Кедров: "Муну менен дүйнөнүн илимий, социалдык, диний ж.б. картинасын гана эмес, дүйнөнүн көркөм картинасын изилдөө .актуалдуу жана баалуу экендигин түшүндүрүүгө болот", – деп баса белгилейт. (132, 1989:22).

Орустун лингвист-окумуштууларынын эмгектерине карасак, дүйнөнүн картинасын таанып-билүүдө көркөм тексттерге көбүрөөк анализ жүргүзүшөт. Т.М.Родина: «Дүйнөнүн көркөм картинасы, негизинен, эстетикалык категориялардын белгилерин алып жүрөт, аларсыз көркөм чыгармага толук, системалуу, жеткиликтүү анализ жүргүзүлбөйт», - деген оюн айтат. «Дүйнөнүн көркөм картинасы дайыма объективдүү чындык менен белгилүү деңгээлде карым-катнашта болгон көркөм чыгарма аркылуу баяндалат. Чыгарма өзү – кадр. Жалпы дүйнөнүн картинасынын же анын фрагментинин кадры. Кадр - турмуштагы ар кыл көрүнүштөрдү текст түзүүчү аркылуу сууруп чыгуу. Автор аны өзүнүн жеке көркөм кабылдоосу аркылуу баяндайт. Ошону менен бирге дүйнөнү көркөмдөп түзүү үчүн лингвистикалык каражаттарды колдонот» (114, 1986:57-68).

П. В. Соболев: «Дүйнөнүн көркөм картинасы андагы көп жактуулугу, көп түрдүүлүгү менен сакталган кубулуштарды чагылдыруунун жыйынтыгы. Ар бир доордо дүйнөнү түшүнүп баа берүү менен ал таанып-билүүдө көптөгөн татаал варианттар аркылуу өнүгүп турат. Адам аң-сезиминде дүйнөнүн картинасынын бүтүндүк катары чагылдырылышын «интегралдык натыйжа» деп атоого болот», - дейт (123, 1986:32-36).

Жогорудагылардан улам төмөндөгүдөй **жыйынтык**ка келүүгө болот:

Дүйнөнүн тилдик картинасы универсалдуу, анткени **аны жаратуучу жалпы эл болот.** Ал эми **дүйнөнүн көркөм картинасы индивидуалдуу**, анткени ал ошол элдин өкүлү болуп эсептелген **белгилүү адамдын (автордун) тексти аркылуу жаралат**. Белгилүү бир автордук дүйнөнүн картинасы нерселердин, кубулуштардын, окуялардын объективдүү берилишинен жана алар жөнүндөгү илимий ой-жүгүртүүлөрдөн айырмаланып турат. Башкача айтканда, **автор «объективдүү**

дүйнөнүн субъективдүү образы» болуп эсептелет. Объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы жалпы элдин тили аркылуу эмес, ошол элдин өкүлү болуп эсептелген автордун тили аркылуу жаралат. Дүйнөнүн көркөм картинасы жеке автор аркылуу жаралгандыктан белгилүү бир деңгээлде ага тиешелүү болгон тилдик өзгөчөлүктөрү да бар. Ошентип, белгилүү бир элдин таанымы, аң-сезими, маданияты гана эмес, автордук концептуалдык дүйнөнүн өзгочолуктөрү да тил аркылуу берилет. Автордун тилдик байлыгы белгилүү бир элдин тилинин лексикалык, грамматикалык байлыгын гана билдирбестен, ошол элдин концептуалдуу дүйнөгө бай экендигин, автордук концептуалдык дүйнөнүн деңгээлин да көрсөтүп турат (82, 2008).

Белгилүү бир автор аркылуу жаралган **көркөм текст** коомго багытталат. Ал **жалпы адамдык баалуулуктарды**, **маданий түшүнүктөрдү** гана эмес, **коомдун дүйнө таануусун** да чагылдырат. Дүйнөнүн картинасы менен коомдун мүчөлөрүнүн карым-катышынын калыптанышы - бул чоң идеологиялык жана тарбиялык маселе.

Дүйнөнүн картинасынын компоненттери – адам жана анын дүйнөгө карата багыт алышы, мейкиндик жана убакыт. Көркөм текстте ал автор аркылуу берилет. Автор персонаждарды, антиномия системасын (жакшылык-жамандык, өмүр-өлүм, байлык-жакырчылык ж.б.), көркөм мейкиндикти, көркөм убакытты ж.б. колдонот. Тексттин көркөм мейкиндигинде кыймылдын агымдарынын орундары аралашат, курчап турган дүйнөдөгү предметтер автордун аң-сезими аркылуу башкача түзүлөт. Окуялардын өтүшү менен реалдуу убакыттын башкача түзүлүшү, өзгөрүшү, кайта курулушу көркөм убакытты түшүндүрөт.

Текстте дүйнөнүн көркөм картинасын ишке ашыруунун негизги каражаты – тил жана анын бирдиктери. Көркөм чыгарманы анализдөөдө тексттин лингвистикасы тексттин системасындагы тилдик бирдиктердин функционалдуулугуна көңүл бурат. Биздин изилдөөлөрдө **тексттеги автордук**

дүйнөнүн моделин, дүйнөнүн картинасын аныктоо үчүн чыгарманын жалпы семантикасын жана анын текст катары уюшулушун талдоого алуу аракети жүргүзүлөт. Ал үчүн тексттин жалпы бүтүндүгүн, глобалдуулукту түзүүгө катышкан **микро** жана **макротемаларды** (дүйнөнү кабылдоонун ар түрдүү концепттерин), аларды уюштуруп турган **ачкыч лексемаларды**, айтымдарды **аныктоо маанилүү** деп эсептейбиз. **Текстте дүйнөнүн картинасын изилдөө - системанын элементтери болгон автор жана адресаттын чөйрө менен, коом менен болгон байланыштуулугун ачып көрсөтөт.** Ал эми **дүйнөнүн тилдик картинасын ачып көрсөтүүнүн негизи катары тилдик бирдиктерди, эң негизгиси, концепттер аркылуу текстти уюштуруп турган ачкыч лексемаларды, айтымдарды изилдөө керек** (50, 1982:20-37). Ушундай изилдөөлөргө таянуу менен тексттеги автордук дүйнөнүн тилдик картинасын аныктоодо жалпы семантиканы толуктап турган ачкыч лексемалар, айтымдар, алардын тема-ремалык катыштары, анафора, катафора, антоним-синонимдердин текстти уюштурууда колдонулушун изилдөөнү зарыл деп эсептейбиз.

1.5. Көркөм тексттеги когнитивдик мүнөзгө ээ категориялар

Көркөм текст – тилдик каражаттар аркылуу уюшулган, эстетикалык мааниге ээ кептик бүтүндүк. Ал – объективдүү чындыкты субъективдүү чагылдырган кептин материалдык каражаты. Ошондой эле көркөм текст тилдик каражаттар аркылуу уюшулган формалык гана бүтүндүк эмес. Ал семантикалык мазмунга ээ факт- материалдардын негизинде жаралган информациялардын жыйындысынан турат (114, 1986). Көркөм текстке семантикалык анализ жүргүзүүдө автордук мамиле, көз караш эске алынып, автордун окурманга карата мамилеси да каралып, анын прагматикалык мүнөзү туюндурулат. Тил каражаттарынын белгилүү форма аркылуу уюшулган түз, өтмө маанилери жана алардын байланышынан келип чыккан маалымат көркөм тексттин семантикасын уюштуруп турат. Ошол тилдик

каражаттардын маанисинен улам келип чыккан пресуппозиция, подтекст, имплиция автордук концептти ачып берүүгө катышат.

Көркөм текст таанып-билүү менен жаралат. Ал **автордун дүйнөнү көркөм кабылдоо, көркөм ой-жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрүн чагылдырып турат.** Чындыкты таанып билүүдө көркөм текст өз ичине коомдук-психологиялык, моралдык – этикалык жана диний фактыларды камтыйт. Көркөм текст адамга, адамдын образына тиешелүү болгон турмуштук, философиялык, психологиялык, логикалык, этикалык, эстетикалык, прагматикалык процесстердин карым-катышынан түзүлөт. Ошондой эле ал белгилүү бир доордогу коомдук жашоонун шарты жана мыйзам чеги менен байланышат. Көркөм текстти тилдик аспектиден анализдөөдө аны коомдук өнүгүүнүн мыйзам чегинен өзүнчө бөлүп алып кароого болбойт. Андагы тилдик каражаттарды бөлүп кароо анын формалык түзүлүшү менен гана чектелип калат. Демек, тилдик каражаттар аркылуу уюшулган чындыктын ар түрдүү фрагменттери жөнүндөгү маалыматтардын семантикалык жагын кабылдоо белгилүү бир учурдагы тарых, дүйнө тааным, автордук образ менен байланышат. Ошондой эле көркөм текст коммуникативдик, эстетикалык күчкө ээ болуу менен бирге эле адресатка карата тарбия берүүчүлүк таасирлерди көрсөткөн коомдук – психологиялык мүнөзгө да ээ. Ошондуктан көркөм текстти талдоодо бул жагдайлар да сөзсүз эске алынышы зарыл. Текстти жаратуучу, башкача айтканда, автор объективдүү чындыктын субъективдүү образын жаратат, белгилүү бир жашоо концепциясын, жашоонун картинасын иштеп чыгат. Бизди курчап турган объективдүү чындык, предметтер, процесстер менен бирге эле социалдык ар кандай кубулуштардын, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн биримдиги структуралык түзүлүштө болуп, бүтүндөй жашоону туюндурары философиялык таанымдардан улам белгилүү. Мына ушундай маселелерге ылайык көркөм тексттин уюшулуш мыйзамдарын иликтөө, анын категорияларын болуп көрсөтүү тексттик лингвистиканын да милдеттеринин бири болуп саналат. Кандай гана **көркөм текстти** албайлы, ал **белгилүү бир доордогу маданият, тарых, ошондой эле**

дүйнөнүн тилдик картинасы менен байланышта болот. Ушундан улам бир нече кубулушту же окуяны изилдөөдө адам коомун, адамдын өзүн изилдеп үйрөнүү мүкүнчүлүгү жаралат. Акыркы убактарда тексттин лингвистикасында текстти жаратуу, кабылдоо процесстери тууралуу окурмандын кабылдоосуна тиешелүү маселелерди изилдөө тенденциялары маанилүү роль ойноп калды (58, 1991).

Көркөм тексттердин уюшулушун изилдеп үйрөнүүдө текстти жеткиликтүү жана толук түшүнүү, кабылдоо үчүн анын негизги категорияларын аныктоо зарылдыгы келип чыгат. Чыгарма көркөм-идеялык комплекс катары, маалыматтык бирдик текст катары тилдик материалдардын катышуусу менен ишке ашып, биринчиден, чындыктын белгилүү бир кубулушун кучагына алат (объективдүү учур) жана экинчиден ага болгон автордун мамилесин көрсөтөт (субъективдүү учур). Мына ушундан улам көркөм текстте коммуникативдик жана экспрессивдик учурлар жуурулушуп турат. Башкача айтканда, дайыма кыймыл чындыктан аны көркөм чагылдырууга жана көркөм чагылдыруудан чындыкка карата жүрөт. Чындык менен көркөм тексттин ортосунда реляция (байланыш, карым-катыш) пайда болот. Көркөм текст менен чындыктын мына ушул реляциялык байланыштары коом менен шартташкан дүйнөнүн образын жаратат, башкача айтканда, көркөм чыгармадагы объективдүү жана субъективдүү башталыштын карым-катышы, автордун позициясы аркылуу дүйнө жөнүндөгү объективдүү маалыматтарды билдирет. Булар субъект менен объекттин ортосундагы диалектикалык байланыштардын карым-катышын түзөт. Тексттеги тилдик каражаттардын реализациясына комплекстүү мамиле жасоо аркылуу объектинин субъектиге өтүшүн, объектинин субъектиде чагылышын мүнөздөө, **автордук образды** ишке ашыруу маселеси азыркы антропоцентристтик изилдөөлөрдүн актуалдуу маселелеринен болуп эсептелет (26, 2003). Методологиялык негиздерге, теорияларга таянганда чагылдыруу – бул дайыма объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы. Башкача айтканда, бул түшүнүк фактылардын, маалыматтардын, кубулуштардын, түрлөрдүн объективдүү

картинасы жана реалдуу чындыктан келип чыккан автордук мамиленин субъективдүү баасы, анын көз караштары, идеялары дегенди түшүндүрөт. Ал эми тексттин бардык элементтерин бир маанилик бүтүндүккө бириктирип турган **автордук модалдуулук** да эң негизги мааниге ээ категория болуп эсептелет (145, 2007).

Бардык эле көркөм тексттерде дүйнөнү кабылдоо жана аны жаратуу маселелери жеке автордук жөндөм аркылуу ишке ашат. Андыктан көркөм тексттердин категорияларына кирген «автордук модалдуулук» жана «автордук образ» деген категорияларды да чечмелеп билүүгө туура келет. Автордук модалдуулук текстти түзүп турган бирдиктерди структуралык жана маанилик бүтүндүккө бириктирип турат. "Көркөм тексттердеги **модалдуулук** деген түшүнүк бул – **адресатка карата автордун мамилеси, концепциясы, көз караштары, позициялары,** баалуу багыттары дегенди түшүндүрөт. Бул баяндап берүүдөгү автордук баам. Мындай мамиледен алып караганда, ар бир авторго максатка багыт алуу менен тексттин түрүн тандоочулук мүнөздүү. Модалдуулук автордун адресатка карата мамилесин көрсөтүүдө текстти өз алдынча турган бирдиктердин кошулмасы катарында эмес, бүтүн бир чыгарма катары кабылдоого түртөт" (26, 2003). Мындай кабылдоо өз алдынча кептик бирдиктерди кароо менен эмес, бүтүндүктү түзгөн функцияны жаратууга таянат. «Чыгарманын кептик түзүлүштөгү системасын бириктирип, өзүнө сиңирип турган маанисин ишке ашырууда, автордун өздүк мамилеси эске алынат...» (30, 1971). Ошондуктан текстти формалык тема-ремалык ырааттуулуктун шартында түшүнүү менен катар автордук мамилени да кабылдоого туура келет. Текст чындыгында ушул ырааттуулуктардан турат. Тексттин эң кичине бирдиги болгон айтымдар, фраза аралык байланыштар тема жана ремалык катыштар менен мүнөздөлөт. Ал эми айтымдар аралык тема - ремалар андан чоң блокторго биригет. Семантикалык-структуралык мазмунга ээ блоктор белгилүү бир текстти жаратат. Бир нече тексттердин тутуму жалпы тексттик глобалдуулук менен байланышта болуп, бир бүтүндүккө ээ, көлөмдүү текстти түзөт. Мындай иерархиялык байланыштар автордук позиция

менен белгиленет. Автордун оюн (интенциясын), пикир алмашуунун шартын, илимий, интеллектуалдык, коомдук нравалык эстетикалык ж.б. өздүк багыт алуусун, максаттык багытын эске алуу менен, текстти формалык жана мазмундук элементтердин бирдиги деп кароого болот (26, 2003). **Модалдуулук** – бул көркөм тексттердин эң негизги категориясы болуп эсептелет. Чындыкты, дүйнөнү таанып - билүүнүн жыйындысы, автордук көз караш менен берилет. Бизди курчап турган бардык нерселер, окуя, процесстер, чындык бардыгыбызга бирдей эле таасир этет. Бирок ар бирибиз чындыктын картинасын өзүбүздүн өзгөчөлүктөрүбүз менен кабылдайбыз жана кайра түзөбүз. Тексттеги модалдуулук тандалган тилдик бирдиктердин катарынан, маанилеринен гана турбайт. Текстте чагылдырып бере турган чындыктын ар түрдүү объектилерин тандоодогу автордук баам негизги ролду ойнойт. Керек болсо, модалдуулук текстти түзүүдөн мурда эле автордун тема тандоосунан, чыгарма жаратуусунан башталат. Концептуалдуулук менен катар ал тексттин бардык түзүлүш этаптарында, экстралингвистикалык жана лингвистикалык материалдарды колдонууда кызмат кылат.

Модалдуулук категориясы тексттик белги «автордук образ» деген түшүнүк менен тыгыз байланышта каралат. «Автордук образ» деген түшүнүк мурдатан бери эле филология тармагында белгилүү болуп келгендиги, буга 20 - кылымдын 30 - жылдарынан бери эле көңүл бөлүнүп келе жаткандыгы белгиленет (30, 1971). «Автордук образ» деген түшүнүк кепти уюштуруп турган түшүнүктөрдүн ачык айкын болгондугу менен аныкталат. Кепти иштеп чыгаруучу, жаратуучу – баяндоочу - субъект- «автордук образ» деген иерархиялуу бөлүштүрүү акыркы айтылган категориянын, автордун образынын маанисин түшүнүүгө жардам берет. Биринчи түшүнүк - кепти жаратуучу (кадимки кеп жаратуучу) ар түрдүү түшүнүктөгү тексттерди жаратат. Кандай гана текст болбосун, белгилүү бир инсан тарабынан жаралат. Бардык эле оозеки тексттер, гезиттеги баяндоолор: макалалар, илимий макалалар, очерк, фельетондор, көркөм чыгармалар кимдир бирөө тарабынан жаралат, кээде авторлош да болот. Бирок белгилүү бир автор (кепти жаратуучу)

жазууга киришкенде кандайдыр бир маселени, максатты көздөйт: же автор бул максатты өзү өзүнө коет же аны сырттан алат (мисалы, гезиттин кабарчысы). Мына ушул учурдан баштап турмуштагы болгон материалдарды, чындыктын ар түрдүү фрагменттерин колдонуу менен адамдын аң-сезиминде жыйналган ойлор, мазмундар жаралат, ойго, мазмунга ылайык форманы, башкача айтканда, бул материалды берүүнүн формасын издей баштайт. Баяндоонун өзгөчө формаларынын бири - бул көркөм тексттерди жаратуу болуп эсептелет. Ал эми көркөм тексттердин негизги милдети – коомго, окурманга таасир көрсөтүү. Чындыкты чагылдыруунун жолдорун тандоо көркөм тексттерде автордун аң-сезими аркылуу жаралат, башкача айтканда, ал автордук интенцияга багынат.

Автордун образы, албетте, кептин бирдиктери аркылуу жаралат. Кептик бирдик текст белгилүү адабий тилдик норманын негизиндеги тилдик каражаттар менен түзүлөт. Демек, тил каражаттары менен түзүлгөн текстти окурман кабыл алуу менен автордун образын кошо жаратат. Башкача айтканда, автордун образы кошо кабылданат. Автордун образы – бул түзүүчүнүн кеп жаратуудагы өздүк билдирүүсү (31, 1980). Бул көп учурларда субъект деп аталып, субъекттин аң-сезиминдеги объективдүү чындыкка болгон мамилесинин жаралышы деп каралат. Кептин субъектиси болуп автор, баяндоочу, айтып берүүчү, түзүүчү, ар түрдүү персонаждар эсептелет. Бирок булардын бардыгы автордун дүйнө таанымдык, коомдук, этикалык, эстетикалык мамилелери аркылуу биригет, ачыкка чыгат. Демек, тексттин кептик түзүлүшүндө берилип жаткан нерсени көрсөтүүдө тексттин бардык элементтерин бир бүтүндүккө бириктирип кармап турган жеке мамиле – автордук образ болуп эсептелет. Булардын бардыгын анализдеп келип В.В.Виноградов «...чыгармадагы сөз искусствосунун ар түрдүү ыктарын бириктирип, чапташтырып, синтездеп турган борбор, уютку – бул автордук образ»-дейт. Автордук образ – бул кептин субъектиси гана эмес, «чыгармадагы чогулуп бир бүтүндүккө биригип турган маанинин, мазмундун так эле өзү» (31, 1980). Мындай да аныктама берүүгө болот: тексттин (чыгарманын)

түзүлүшүндөгү нерсени баяндап көрсөтүүгө карата жеке мамилени да автордук образ деп атоого болот (26, 2003) Автордук образ эки багытка ээ: түзүп чыгуунун натыйжасы, башкача айтканда, текст автор аркылуу жаралат. Экинчиден, автордук өзгөчөлүк, ал окурман аркылуу кайрадан түзүлөт. Айтылгандардан улам «автордук модалдуулук», «автордук образ» деген түшүнүктөрдүн өзү текстти жаратуучунун же баяндоочу субъекттин мамилеси, баамы аркылуу түзүлгөн чыгарманын мааниси, мазмуну экендигин түшүндүк. Ал көркөм тексттин маанисин өздөштүрүүдө жана аны семантикалык – структуралык бүтүндүк катары изилдөөдө негиз болот деп эсептейбиз.

Көркөм чыгармадагы көп сандаган маанилерди бир бүтүн системага бириктирип турган - бул автордун көркөм концептуалдык системасы. Ал автордук аң-сезим менен берилет. Автордук аң-сезим когнитивдик моделдерди жекече түшүнүүнүн иреттелген системасы, курчап турган чөйрөдөгү чындыкты чагылдырууда автордун дүйнө таанымы, башкача айтканда, адамдын объективдүү дүйнөгө карата жалпы көз караштарынын системасы, ошондой эле жеке адамдын андагы алган орду, жашоо позициясы, умтулуусу, баалуу багыт алышы менен байланышкан. **Көркөм тексте автордун аң-сезимин аныктоодо бир нече түшүнүктөр** бар: **концепт, дүйнөнүн картинасы, дүйнөнүн модели, автордук образ, мазмундук концептуалдык информация, тексттик модалдуулук** ж.б.

Текстти кабылдоодо колдонулуучу негизги термин «тексттин концепти», башкача айтканда, автордун коомдук, нравалык, эстетикалык тажрыйбаларынын негизинде түзүлгөн мазмундук түшүнүгү, чындыктын ар кыл фрагменттери жөнүндө субъектинин пикирлеринин жана билимдеринин чагылдырылышы. Башкача айтканда, концепт – бул автордук моделдин ядросу же дүйнөнүн моделинин кичирейтилген, сыгылган мазмуну. Тексттин коммуникация теориясын изилдөөчү И.Н. Гальперин информациянын түрлөрүн, анын бири «мазмундук–концептуалдык информация» (МКИ) деген терминди киргизет. Ал - кубулуштар менен жеке автордун

ортосундагы мамилелер жөнүндөгү түшүнүк. Автордун чындык, кубулуш, нерселерге болгон мамилеси, алардын коомдук, экономикалык, саясий, элдин маданий турмушу, жеке инсан мамилелери жана татаал психологиялык этикалык, эстетикалык таанымдар менен болгон байланыш себептерин түшүнүүсү (35, 1981. 28-бет). Мазмундук-концептуалдык информация – бул чыгарманын жалпы мазмуну менен байланышкан комплекстүү түшүнүк. Ал автордун интенциясы жана мазмундук баяндоосу менен байланышат. МКИ- бул тексттеги автордук аң-сезимди берүүнүн бирдиги. Ал автордун дүйнө түшүнүүсүн (дүйнө таанымдагы интеллектуалдык деңгээлин), дүйнө кабылдоосун, дүйнө түзүүсүн көрсөтөт. Концепт автордук көз караш менен шартталган. Бул автордук позиция, башкача айтканда, анын чыгармада берилген чындыктын фрагментине карата мамилеси, түшүнүгү. Ал чыгармада тексттик модалдуулук аркылуу берилет. Модалдуулук автордун чындыкка болгон көз карашын аныктайт.

Дүйнөнүн автордук модели же дүйнөнүн картинасы көркөм тексте автордун көз карашы менен иретке салынган баяндоочунун образы, персонаждардын образы аркылуу түзүлөт. Алар тилдик каражаттардын жана композициялык түзүлүштүн жардамы менен аныкталат. Жогорудагы алынган түшүнүктөр менен «автордук образ» синоним катары колдонулат. Ошондуктан, «автордук образ» жана «дүйнөнүн автордук модели» же «дүйнөнүн картинасы» деген терминдерди бирдей түшүнүк катары колдонууга болот.

Автордук образдын реализацияланышынын **натыйжасы аркылуу көркөм тексте автордук дүйнөнүн модели берилет. Көркөм тексттин жалпы мазмунунан агылып чыккан идеясы**, башкача айтканда **концепт** – бул **автордук дүйнөнүн моделинин ядросу деп аталат**. Адресат текстти кабылдоодо тилдик каражаттар жана композициялык түзүлүш менен байланышып, автордук образды өзүнө кабылдайт, өзүнүн жеке дүйнөлүк картинасынын таасири менен ал автордук дүйнөнүн моделин өзүнчө моделдештирет. Акырында ал тексттин маанисин, анын концептин, автордук модалдуулукту түшүнөт.

Демек, **көркөм текстке семантикалык анализ жүргүзүүдө "автордук модалдуулук", "автордук образ" категориялары эске алынып,** андагы **прагматикалык мүнөздүү өзгөчөлүктөр туюндурулат.** Тил каражаттарынын белгилүү форма аркылуу уюшулган түз, өтмө маанилери жана алардын байланышынан келип чыккан мазмундуу маалыматтар концептуалдык системаны түзөт да, ал көркөм тексте автор аркылуу индивидуалдуу мүнөзгө ээ болуп, когнитивдик мамилени туюндурат.

Ошентип, көркөм тексттеги жогоруда саналып өткөн **"автордук образ", "автордук модалдуулук", "дүйнөнүн автордук модели»** сыяктуу категориялар, **концепттер** тигил же бул көркөм чыгармадагы дүйнөнүн тилдик картинасын жана ал көркөм чыгармада баяндалган доордун рухун, өзгөчөлүгүн чагылдырган дүйнөнүн көркөм моделин түзүүгө, уюштурууга активдүү катышта болот. Ошондуктан дүйнөнүн тилдик картинасын иликтөөгө алууда аталган категорияларга көңүл буруу зарыл деп ойлойбуз.

II БӨЛҮМ. ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТТУУ БИЛИМ" ЧЫГАРМАСЫНЫН СЕМАНТИКАСЫ ЖАНА ТЕКСТ КАТАРЫ УЮШУЛУШУ

2.1. Жусуп Баласагындын аалам таануучулук жана дүйнө түшүнүү системасы

Жогоруда айтылган илимий-теориялык жана методологиялык жоболорго таянуу менен, чындыктын ар түрдүү фрагменттери жөнүндөгү көркөм концепттердин семантика-структуралык карым-катышынан, байланышынан уюшулган автордук көркөм концептуалдык системаны, тактап айтканда, Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасынын семантикасын ачкыч лексемалар жана айтымдардын текстти уюштурушу аркылуу изилдөөгө алуу максатка ылайык деп эсептейбиз.

В. Вежбицкаянын пикирине кошулуу менен, аталган көркөм текстти же автордук көркөм концептуалдык системаны **түзгөн концепттерди эки тематикалык баскычка бөлүүгө болот**. Алардын **биринчиси** – маданияттын универсалдык категориялары деп аталган **космикалык, философиялык категорияларды туюндурган концепттер** (аалам, планета, жер, суу, аба, от, убакыт, кыймыл, мейкиндик, себеп өзгөрүү ж.б.). Ал эми **экинчиси** - социалдык категориялар деп аталган **адам** жана ал жараткан **коом,** андагы **мыйзам ченемдүүлүктөрдү туюндурган концепттер** (мекен, акыл-эс, билим, тил, мамиле, адеп, уят, тагдыр, эрк, карыз, күнөө, мыйзам, эркиндик, укук, адилеттүүлүк, эмгек, байлык, өзүмчүлдүк ж.б. ж.б.). **Булардын** бардыгы биригип **дүйнөнүн жалпы концептуалдык моделин түзүшөт** (29, 2001). **Дүйнөнүн тилдик картинасы – дүйнөнүн жалпы концептуалдык моделинин эң негизги бөлүгү** болуп эсептелет (58, 1991:139). Ал эми **дүйнөнүн тилдик картинасынын негизин чындыктын ар түрдүү фрагменттерин чагылдырган концепттер түзүшөт**.

Жусуп Баласагын дүйнөнүн жалпы концептуалдык моделине, ошондой эле белгилүү бир учурдагы, орто кылымдардагы түрк элинин, анын ичинен кыргыз элинин жалпы маданиятын,

тарыхын, дүйнө таанымын чагылдырган тилдик картинасынын концептуалдык системасына, өзүнүн жеке таанымына таянып, көркөм концептуалдык системаны иштеп чыккан. "Куттуу билим" көркөм текстинин интеграциясы, башкача айтканда, дүйнөнүн картинасынын бүтүндүктө берилиши жогорудагы эки иерархиялык баскыч аркылуу түшүндүрүлгөн. Автордук дүйнө тааанымдын ар түрдүү фрагменттери: объективдүү чындыкты таанып билүү, коомдук, социалдык-саясий маселелер - мамлекетти башкаруу, коргоо, адилеттүү өкүм, коомдук түзүлүштүн заң-мыйзамдары жана башка көптөгөн маселелер концепттер катары тексттик тутумдарда берилген.

Аалам картинасынан тартып коомдук жашоонун ар бир майда – чоң деталдарына чейин чагылдырып турган концепттердин карым-катышынан уюшулган көркөм тексттеги жалпы дүйнө тааным маселелери бүтүндөй бир көркөм концептуалдуу системаны туюндурат. Дүйнөнүн картинасын изилдөөдө **орус философу Г.Т. Брутян** баардык нерселердин (болмуштун) биринчилиги жана аң-сезимдин экинчилиги жөнүндөгү марксисттик теорияга таянып, «**дүйнөнүн концептуалдык модели**» (ДКМ) жана «**дүйнөнүн тилдик модели**» (ДТМ) деген терминди киргизет. **Дүйнөнүн концептуалдык моделинин** негизин «**түшүнүк**» (понятие), ал эми **дүйнөнүн тилдик моделинин** негизин «**сөз**» түзөт деп белгилейт. Ал ДКМ нин өзөгүн информация, ал эми эң башкысы ал информацияны ДТМдин бирдиктери, белгилүү бир адабий тилдик нормадагы айтымдар түзөт дейт. Демек, тексттеги чындыктын ар түрдүү фрагменттеринин маани си тилдик-семантика-структуралык түзүлүш аркылуу берилет.

«Куттуу билим» чыгармасын анализдөөдө автордун ою, көркөм текст менен, башкача айтканда, анын дүйнө таанымы менен, көркөм стилди тандоосу менен байланышта иликтөөгө алынат. Ошондой эле автордук жеке стилдик өзгөчөлүк да эске алынат. "Көркөм чыгармада жалпы көркөм стилге таандык функционалдык өзгөчөлүк менен кошо ар бир жазуучунун дүйнөнү кабылдоо, дүйнөнү чагылдыруусуна жана жалпы эстетикалык табитине байланыштуу индивидуалдуу, жеке

стилдик өзгөчөлүгү да болот" (61, 1996). **Жусуп Баласагындын** дүйнөнү көркөм кабылдоосуна, аны чагылдырып берүү өзгөчөлүгүнө, индивидуалдуу стилине ылайык **"Куттуу билим" көркөм текстинде** "Аалам", "Коом", "Адам" деген көркөм концепттердин бүтүндөй биримдигин чагылдырган чындыктын ар түрдүү фрагменттери кездешет. **Макро жана микро космадагы универсалдык жана коомдук категориялар автордун дүйнө таанымынын деңгээлинде көптөгөн концепттер түрүндө чагылдырылат.** Биздин бул изилдөөбүздө ачкыч лексемалар жана айтымдардын текст түзүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн териштирүү аркылуу эң маанилүү деп эсептелген саналуу гана концепттерге анализ жүргүзүү аракеттери жасалат.

Объективдүү чындык бардык эле адамдарга бирдей таасир эткени менен, аны кабылдоо, өздөштүрүү ар бир элдин өзгөчөлүгү, жашоо шарты, жөндөмдүүлүгү менен шартташат. Коомдогу ар бир эл дүйнөнү өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша бөлүштүрөт. Ар бир тил ошол өзгөчөлүктөргө жараша дүйнөнү туюндурат. Башкача айтканда, аны концептуалдаштырууда ар бир элдин, анын тилинин өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. **Белгилүү бир доордо, белгилүү бир чөйрөдө жашаган элдин кабылдоосунун, тилинин негизинде дүйнөнүн картинасы же модели түзүлөт.** Ал эми текст түзүүчү автор мына ушул моделге ылайыктап мазмун жаратат. Көркөм текстти белгилүү бир мезгилдик жана мейкиндик алкактан ажырым кароого болбойт. Анткени адамдын дүйнө кабылдоосу, бүтүндөй жашоосу, ой-жүгүртүү ишмердиги белгилүү бир доор, белгилүү бир чөйрө менен байланышта болот.

"Куттуу билим" көркөм тексти орто кылымдагы дүйнө таанымдын негизинде жазылып калтырылган. Ал азыркы күндө да актуалдуулугун жоготпогон маани-маңыздуу маалыматтарга ээ. "Куттуу билим" текстин анализдөө Ж.Баласагындын белгилүү чөйрөдөгү (Караханий мамлекетиндеги) адамдардын, түрк элинин, анын ичинен кыргыз элинин коомдук-маданий, практикалык ишмердигинин натыйжасында дүйнөнүн картинасы жөнүндөгү ар тараптуу ишмердигин түшүнүүгө жардам берет.

Жусуп Баласагындын өмүр жолундагы бүтүндөй турмуштук тажрыйбасы, дүйнө таанымы коомдук жашоо, адам турмушу жөнүндөгү бүтүндөй философиялык ойлору ушул убакка чейин келип жеткен макал-ылакаптардын, учкул сөздөрдүн, накыл сөздөрдүн элементтеринен байкалып турат, ал гана эмес, Ж.Баласагын колдонгон айрым туюнтмалар дал азыркы учурда да колдонулуп жаткандыгы тилдик фактынын өчпөстүгүн туюндурат.

"Куттуу билим" чыгармасынын башталышында эле аалам, дүйнө түзүлүшү жөнүндө маалымат берилет. Автор коомдук жашоонун маңызы жөнүндө ой бүтүмүн туюндурууда , алгач аалам түзүлүшүн сүрөттөп, өзүнүн космономиялык түшүнүмдөрүн көркөм баяндоо менен алектенет.

Мисалы,

Жаратты эркн менен аалам, жерди
Ааламга жарыктыкка күн, ай берди.

Тегеренме асманды жасап койду
Түбөлүк тынымы жок айлампалуу.

Айрым жылдыз түнкү көктүн саймасы,
Да бирлери көктү коргоп айланчу.

Жылдыз оту - бири бийик, бири пас,
Сан жылдыздын бири бийик бири аз.

Кээ бири адамдарга сабак турмуш,
Кээ бирин жасап койду жолчу жылдыз.

Берилген фрагмент, жалпысынан, реалдуу чындыкты чагылдыруу мүнөзүнө ээ. Мындагы негизги маалымат – аалам түзүлүшү жана ага ылайык ырааттуу берилген предметтердин сүрөттөлүшүнөн турат. Планеталар жылдыздар менен алакалаш, өз ара тартылышуу күчү менен бирдикте каралып, Жер, Күн, Ай планеталарынын өз ара жайланышы жана тынымсыз кыймылда болуусу жалпы жашоону туюндурары, алардын өз ара айлануу

процессинин негизинде болушу ааламдын түзүлүшү жөнүндөгү негизги маалыматка ремалык катышты түзүп, жалпы мазмунду уюштуруучу милдетти аткарат.

Дайыма кыймылда болуп туруучу жылдыздардын жашоосу бир контекстте философиялык деңгээлде берилүү менен, "асман", "көк" лексемалары мейкиндик маанини туюндурган синонимдер катары каралып, "түбөлүк тынымы жок айлампалуу" деген образдуу фраза аркылуу асман менен бирдикте планета, жылдыздардын чексиз кыймылы туюндурулган. "Аалам" деген туюнтма – "асман мейкиндиги", андагы "жалпы планеталар", "жылдыздар" деген жалпы түшүнүккө ээ лексикалык бирдик. Ал эми "түнкү көктүн саймасы", "көктү коргоп айланчу", "бири бийик", "бири пас" деген образдуу туюнтмалар **индивидуалдуу, психологиялык жактан татаал, авторго таандык түшүнүктөрдү, элестөөлөрдү, эмоцияларды, көркөм ассоциацияны көрсөткөн мүнөздөргө ээ болуп "аалам картинасын" көркөм концепт катары туюндурат.** Жогорудагы асман мейкиндиги жылдыздар менен курчалгандыгын, алар да асман менен бирдикте дайыма кыймылда болорун, жылдыздар ар кандай аралыкта жайгашкандыгын тундурган образдуу мааниге ээ тилдик каражаттарды (*"түнкү көктүн саймасы", "көктү коргоп айланчу", "бири бийик", "бири пас"*) тилде мейкиндик жана орундук маанини туюндурган лексемалар, фразалар катары кабылдоого болот. Аалам түшүнүгү Жусуп Баласагын аркылуу көркөм концепт катары туюндурулгандыктан, психологиялык жактан татаал, авторго таандык түшүнүктөрдү, элестөөлөрдү көрсөтүп жеке таанымды билдирет. Анткени жогорудагы образдуу-ассоциацияга ээ фразалар **жалпы, таанып билүүчүлүк мүнөзгө ээ болуу менен бирге эле, автордук аң-туюмду да чагылдырып турат.** Маселен, жерди аалам менен синоним катары карап, ал эми асман телолору аларды тегеренип, айланып жүрөт деген ой "тегеренме асман" деген фраза аркылуу автордук таанымды туюндурат. Жер менен ааламды бири-бири менен бирдей, синонимдеш катары кароо автордук жеке түшүнүк менен, ошол доордогу элдин дүйнөнү кабылдоо түшүнүгү менен,

илимий аныктоолордун негизинде эмес интуитивдик тааным аркылуу берилген.

Чакан фрагментти уюштуруп турган тилдик каражаттардын ичинен “аалам”, “жер” концепттери биринчи айтымда борбордук ачкыч сөздөр катары негизги маанига ээ болуп, тема катары кызмат аткарат. *“Тегеренме асманды жасап койду Түбөлүк тынымы жок айлампалуу”* деген ыр саптары темага карата ремалык катышта болуп, бир маанилик бүтүндүктү түзөт. Ал эми асмандагы жылдыздардын ар кандай аралыкта, мейкиндикте жайгашуусун, ар түрдүү жарык чыгаруу касиетине ээ экендигин туюндурган фраза аралык фрагменттер образдуу мүнөзгө ээ болуу менен, өзүнөн мурунку маанилик бүтүндүккө “көктүн”, “көктү” деген лексемалар аркылуу структуралык-семантикалык жактан байланышта болуп, салыштырмалуу өзүнчө маанилик бүтүндүккө ээ.

Автордук дүйнө таанымда ааламды курчаган жылдыздар мейкиндигин өзүнчө, планеталардын жайланышын өзүнчө карап, ар биринин канча мезгилде жер огун же күн огун айлана тургандыгы белгиленет. Албетте, булардын эсебин алууда так, илимий абсерваториялык эсептөө болбогону менен, Жусуп Баласагын ар биринин кыймыл, мезгилин аныктай алган. Ошондуктан автор Сатурн, Юпитер, Марс, Жер, Күн Ай планеталарын санап өтүү менен, ар бирине тиешелүү өз тилинде ат берип, мүнөздөмөнү көркөм каражаттар аркылуу да, астрономиялык аталыштарынын касиет мүнөздөрү менен да бере алат.

Үчүнчүсү опурталдуу Марс болот,
Ал караса жашоо өмүр токтолот,

Бешинчи - көркү артык Чолпон жылдыз
Көргөндө кайгы, муңду унутарсыз.

Демек, Марс планетасынын Жер планетасына, андагы жашоого тийгизген кандайдыр бир деңгээлде терс таасирлери бар экедиги жөнүндө Жусуп Баласагын илимий маалыматка ээ болгону менен, теорияларга таянбастан, өзүнүн жеке дүйнө

таанымында аны «*ал караса жашоо өмүр токтолот*» деген көркөм фраза аркылуу ары образдуу жана ары интуитивдүү мүнөздө сүрөттөп берет. Ал эми Чолпон жылдызына тиешелүү анын денотаттык маанисиндеги өзгөчө жарык чыгаруучу касиети «*көркү артык*» деген көркөм фраза аркылуу кыйытылып берилген. «*Жарык*» лексемасы коннотативдик маанисинде ар дайым адамга *жакшы маанайды, сулуулукту* тартуулай тургандыгы, көңүлдү көтөрө турган, *эстетикалык жагдайга* ээ экендиги «*көркү артык*» деген сөз айкашынын *прессупозициясы* аркылуу берилип, ал Чолпон жылдыздын адамга таасир калтырган көрүнүшү катары белгиленет.

"Куттуу билим" чыгармасындагы планеталарга, жылдыздарга карата колдонулган тил каражаттарын автордук баам деп кароого негиз бар. *Ай менен Күндүн жана башкалардын жайланышы, адамга карата жашоо шарт түзүү кызматы,алардын бүт дүйнөгө жылуулук, жарык чача тургандыгы, жылдыздардын ар түрдүү аталыштарга, жарыкка ээ болуусу, алардын арасында планеталардын аталыштары* активдүү лексемалар жана фрагменттер катары айтымдарды уюштуруп, алардын семантикалык карым-катышы жана структурасы тексттин жалпы семантикасын түзүүгө катышат.

«Баарынан эң жапызы-Айдын өзү,
137 Күнгө_каршы келгенде толор кези!»-

деген айтымдагы *баарынан жапызы*, *күнгө каршы келгенде* деген сөз айкаштары Айдын жарык жана караңгы мезгили, анын толушунун шарты күн менен байланыштыра каралганын, булардын бири-бирине байланышта, карама-каршылыкта экендигин логикалык жактан да, философиялык жактан да Жусуп Баласагын көркөм эстетикалык негизде ачып бергендигин көрөбүз. Мындай бири-бирине карама-каршы, бири-бирине окшош кыймыл маанилери тилде антонимдердин, синонимдердин катышын пайда кылат. Жылуулук жарыктык менен байланышта болору, ал эми караңгылык асмандагы жылдыздардын жаркырап туруусуна өбөлгө түзөрү, ошол эле учурда жылдыздар караңгынын символу катары жарыкка карама-

каршы келери сыяктуу кыймылдарды түшүнүү, тилде синонимдешүүнү, антонимдешүүнү пайда кылары бышык.

Автор аалам алкагында жайгашкан асман телолорун, он эки жылдыздын аттарын саноо менен ар бирине мүнөздөмө берет. Асман телолорунун асманда жайланышынан, кыймылынан улам жыл мезгилдери аныкталарын, мезгилдерди аныктап тактоо жашоого жагымдуу маанай тартуулай тургандыгын автор өз мезгилиндеги илимий теориялык изилдөөлөргө таянып, чыгармасында космикалык дүйнө таанымды көркөм эстетикалык маанайда баяндайт. Анткени автор жашаган доордо адамдардын жашоо шартына ылайык практикалык муктаждыктардан улам аалам кубулуштарына, асман телолоруна байкоо жүргүзүү көптөгөн маалыматтарды пайда кылган (13, 1990; 120, 1987). Мындай байкоо жүргүзүү биринчи иретте дыйканчылык, мал чарбачылык менен кесип кылган элдерге, түрк элине, анын ичинен кыргыздарга көбүрөк тиешелүү болгон. Анткени алар убакытты, жыл мезгилдерин, жердеги табигый географиялык жана климаттык шарттарды билүү максатында асман жарык чыгаруучуларына байкоо жүргүзүшкөн.

Жылдыздуу асмандын реалдуу картинасын таанып-билүү ошол мезгилде адамдардын жашоо турмушунда чоң мааниге ээ болгон. Асмандагы телолордун кыймылына ылайык ар түрдүү процесстерди аң-сезимде сактоо менен, өздөрүнүн турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу максатында табият процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн пайдаланууга үйрөнүшкөн. Алар он эки жолу айдын жаңырышында мезгилдердин системалуу алмашып туруусуна, алардын өзгөрүшүндөгү сезондук мүнөздөрүнө карап, иш аракеттерди жүргүзүшкөн. Айдын улам бир жылдыз менен тогошконунан улам, ал жылдыздарга ат коюу зарылдыгы келип чыккан. Ар бир жылдызга жаныбарлардын аттарынан ат коюу алгач байыркы ирандардыктарга тиешелүү болгон (36, 1978). Мындай ат коюу салты түрк элдерине да таасир бербей койгон эмес. Алар Козы, Уд, Эрентир, Кучык, Арслан, Бугдай башы, Үлгү, Чадан, Йа, Оглак, Көнөк, Балык деп которушкан. Демек, бул маалыматтар

түрк элинин улуттук маданий таанымдарына жана тилдик системасына да өз салымын кошкон.

Жогорудагы маалыматтарды кабылдоо менен, автор өздүк таанымынын негизинде тиешелүү даражада семантикалык катышты түзгөн тексттик фрагментти төмөндөгүдөй тилдик каражаттар, лексемалар аркылуу туюндурган:

Кой жылдыз Үркөр менен катар келет,
Эгиздер Чаян менен катар жүрөт.

Артында Арстан, Буудай, Тараза бар,
Жаа менен Чаян жылдыз кошуналар.

Андан соң Теке, Көнөк, Балык келет,
Чыкканда түнкү асманга жарык берет.

Үчү белги жазга төбөл, үчү жайга,
Үчү- күз, үчү келет кышкы айга

Жер, сууга, отко, желге үчтөн тийди
Баарына энчи болду үчтөн белги.

Фрагменттеги он эки жылдыздын денотативдик аталышы «жер», «суу», «от», «аба», «жаз», «күз», «жай», «кыш» лексемалары менен семантикалык жактан байланышып, бир маанилик блокту уюштуруу менен, объективдүү жашоонун кыймылын туюндурат. Айтымдарда саналган жылдыздар *артында, андан соң* деген индекс сөздөр аркылуу номинацияланды да, аларда «катар келет», «катар жүрөт», «жарык берет» деген ж.б. этиштик-баяндоочтордун негизинде бири-бирине карата семантикалык катыш түзүлүп, 12 жылдыздын кыймылдуу жашоосу туюндурулду.

Автордун көз карашы боюнча, тексте зодиактын 12 белгилик аталыштарынан турган төрт үчилтик (триада) түзүлгөн. Бул үчилтик жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүгү болгон төрт мезгилге бөлүштүрүлөт. Бул жерде көрүнүп тургандай, асман

телолорунун жайланышы, кыймылы мезгилдерди (жаз, жай, кыш, күз) туюндуруу менен бирге эле убакытты, өзгөрүүнү баамдоого негиз болорун жана коомдук жашоого ыңгай-шарт түзө тургандыгын, «кээ бири адамдарга сабак-турмуш» деген туюнтма аркылуу баамдоого болот.

Андан кийинки айтымда аталган жылдыздар жер, суу, от, аба менен да тыгыз байланышта экендиги белгиленет. Жердеги жашоо от, суу, аба деген жалпы туюмдун синтезинен турат. Анткени жер болбосо, суу да болбойт. Адам жашоосу жерде өтсө, жер менен байланышта болсо, суу анын антоними болуу менен ансыз жашоого мүмкүн эмес. Эгерде экөөнүн бири эле болбосо, алардын антонимдик катыш экенин билүүгө да мүмкүн эмес. Себеби жер менен суунун карама-каршы мааниси аң-туюмга чагылбайт.

От менен жел ысык жана муздак туюм катары логикалык жактан каршылыкты түзүп туруу менен, жалпылыкка да ээ. Эгерде жел болбосо от тутанбайт да, күйбөйт. Экөө тең болбосо, жер бетинде жашоонун шарты да жок деп эсептелет.

Суу да, аба да жашоонун эң негизги зарылдыгы. Ал эми өмүр сүрүү үчүн жер-топурак керек. От – жашоодогу эң негизги зарылдык. Ар бири денотативдик маанилери менен бирге эле коннотативдүү маанилерди да туюндурат. Ушундан улам, лингвистикадагы тилдик каражаттардын бири болгон антонимдердин бириктирүүчү жана ажыратуучу касиеттерин туюнуунун негизи келип чыгат. Тагыраак айтканда, карама-каршылыктын болушу өнүгүүгө шарт түзөт, ал эми бул түшүнүк дайыма эле бирин-бири тана бербейт, ошондой көрүнүштөрдүн, кубулуштардын болушу жашоо шартты да, ойду да синтездейт. Карама-каршылык бириктирүү менен эле дифференциялоонун негизги шарты болуп эсептелет. Тексттеги аалам картинасы андагы планеталар, ал эми жалпы жашоону камсыз кылып турган суу, от, аба, жер концепттери жөнүндөгү автордук түшүнүк «Куттуу билим» чыгармасында бир бүтүн система структуралык түзүлүш катары туюндурулат. Ал эми **адам коому – бүтүндүктүн бир бөлүгү**. Ушул **жалпы жашоону терең аңдап билүү** менен, **жашоонун маңызына жетүү, бактылуу жашоону**

түзүү сыяктуу адам аралык алака-мамилелер, иш- аракеттер коркөм тексттин жалпы семантикалык-структуралык бүтүндүгүн түзөт.

Коомдук жашоонун негизин түзгөн суу менен от салыштырмалуу түрдө антоним катары каралат. Отун суу болсо, айлана жаан болсо, ачык асмандын алдында далда болбосо, от күйбөйт. Ошол эле учурда күйүп жаткан отту өчүрүү үчүн суу талап кылынат. Ошондой эле оттун даяр абалына келгенче, отун катары даяр процесске келип жеткенче суу керек болгон. Демек, бирисиз биринин шарты келбейт, пайда болбойт, пайдаланылуучу зарылчылык туулбайт. Ушул эле сыяктуу иш-аракеттер таанып билүүнүн жана ойдо чагылдыруунун негизги семантикалык талааларын пайда кылып, анда синонимдик, антонимдик катыштар өнүгүп отурат.

Биз, бизди курчап турган дүйнө, биздин иш-аракетибиз, жашоо-турмушубуз – өзүнчө бир бүтүн система. Ансыз жашоо да, иш-аракетибиз, максатыбыз да толук жумурулукка ээ болбойт. Демек, **биз жана биздин ар кандай чыгармачыл иш-аракетибиз бүтүндөй тексттик структура** сыяктанат. Анткени баштаган иш, кыймылыбыз, алды менен, ой-сезимибизде жаралып, анан иштиктүү аракеттерге өтүп турат. Ал кайра кепке айланып (оюбузду бирөөгө билдирип, ал жөнүндө каалоо, жактырбоо, ынануу, суроо ж.б. угуп дегендей) коммуникативдик жагдайды пайда кылат. Бул сыяктуу тилдик бирдиктер менен уюшулган экстралингвистикалык элементтер улам ойду тереңдетип, кабылдоону татаалдаштырып отуруп, адамдын ички жана сырткы пикирлешүү каражаттарын кеңейтет. Экстралингвистикалык элементтер аң-сезимге таасир эткен окуя, процесс, ал-абал ж.б. чындык жөнүндөгү акыл-оюбузду тереңдетип, ой-жыйынтыктарыбыздын тиешелүү деңгээлин пайда кылат. Акыл-эсте таанып билүүнүн карама-каршылыгы, үндөштүгү, окшоштугу, пайда болуу менен, лингвистикалык ассоциация, аналогия, танууну-тануу (антоним) сыяктуу лингвофилософиялык тереңдиктер келип чыгат. Ошентип, ойду объективдештирүүдө тилдик каражаттар материалдык каражат катары текстти пайда кылат.

Белгилүү окумуштуу Ю.М.Лотман көркөм дүйнөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө оюн айтып келип, «ал, бир жагынан, реалдуу дүйнөнүн моделин берет, экинчиден, ал татаал образдар аркылуу жаралат. Көркөм текст, анын ичинен ыр түрүндөгү текст, курчап турган дүйнөгө багыт алуу менен, андагы чындыкты таануунун жеткиликтүү жана терең диалектикалык механизмдерин аныктайт. Көркөм тексттердин, ыр түрүндөгү тексттердин максаты чындыкты таанып билүү, адамдар менен пикир алмашуу, өздүк таанып билүү жана коммуникация процессинде адамдык жекеликти өзүндө жаратуу менен түшүндүрүлөт» - дейт. (72, 1972:132).

Демек, **Жусуп Баласагындын көз карашында дүйнөнүн картинасын кабылдоо,** жалпы жонунан, **эки дүйнөнүн (макро** жана **микро) карым-катышынан турат. Микро дүйнө коомдук жашоонун ар кандай мыйзамдарын билдирсе, макро дүйнө коом менен бирге андан сырткаркы объективдүү чындыктын, аалам түзүлүшүнүн ар кандай мыйзамдарын туюндурат. Дүйнөнүн автордук модели, дүйнөнүн картинасы тексттеги чындыкты чагылдыруунун бир нечелеген фрагменттеринен көрүнүп турат.** Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" чыгармасында коомдук жашоо, анын өнүгүшү жөнүндөгү ой-пикирлер, жалпы жонунан, автордун космонимиялык идеялары менен үндөшүп, адам коому жалпы табияттын бир бөлүгү катары көркөм чагылдырылган, көркөм образдар аркылуу туюндурулган. Жусуп Баласагын коомдук жашоонун маңызын түшүндүрүү үчүн адегенде макрокосманы, Аалам, дүйнөнүн картинасын түзүүгө аракеттенип, андан кийин адам коому, анын тарыхы жөнүндө өзүнүн түшүнүгүн, кабылдоосун бере алган. Мындан Жусуп Баласагын адам баласын, жалпы эле коомдук турмушту жаратылыштын, табияттын мыйзамдары менен карым-катышта карагандыгы көрүнүп турат.

Адам жана аны курчаган аалам чөйрөсү бүтүндүктү түзөт. Башкалардан айырмаланып жер, от, аба жана суу адамга, жан-жаныбарларга жашоо берет деген ой-жүгүртүү жөнөкөй айтылгандай сезилгени менен, анын түпкүрүндө терең

философиялык да, таанып билүүчүлүк да, концептуалдуу да билим жатат. “Жер”, “суу”, “от”, “аба” концепттери аркылуу уюшулган айтым өзүнөн мурунку айтымдарды жыйыныктап, аталган концепттерге карата “үчтөн тийди”, “энчи болду”, деген этиштик-баяндоочтор аркылуу маанилик катышты түзүп турат.

Демек, жогорудагы аталган концепттер менен катар жылдыздардын жердеги жашоо менен болгон тыгыз байланышын, адамдардын жашоосунда мезгилдерди, убакытты, өзгөрүүнү баамдоого шарт түзүп берери сыяктуу подтексттик маанилерин, дайыма кыймылда болуп туруучу планеталар, жылдыздардын бүтүндөй жашоосун туюндурган текст “аалам картинасы” жөнүндөгү автордук таанымды билдирет. Автордун көз карашында мунун бардыгын **кудай жараткан** деген терең ишеним бар. Ал өзү жашаган доордун көз карашы, диний идеологиянын өкүм сүрүшү, автордук жеке концепт менен байланышкан. Мындай түшүнүк “Аалам түзүлүшү” жөнүндөгү тексттин башталышында “Сөз баштадым кудайдын аты менен, Жараткан бир күнөөмдү кечирсе экен” деген көркөм туюнтма аркылуу белгиленет.

Ал эми бир нече маанилик бирдиктердин, айтымдардын маанилик баланыштарынан турган көркөм текст

Мен мында көп нерсени айтып бүттүм,
Билим, акыл негизи бардык иштин

деген айтым аркылуу жыйынтыкталып, автордун прагматикалык багытын, адресатка карата мамилесин туюндурат.

Тексттик тутумдарды түзүп турган чындыктын ар түрдүү фрагменттери жөнүндөгү оюн автор билим, акыл менен, билимдин мааниси менен бекемдеп, илим менен билим гана бийик даражага жеткирерин айтып, ар бир тексттин динамикалык өнүгүүсүндө семантикалык аяктоого алып келип турат. Аалам түзүлүшү жөнүндөгү тексттин тутумундагы жыйынтыктоочу маанилик бирдиктен да көркөм тексттин акылдууларга арналгандыгын, окуучуларынын билимдүү болушун шарттап, кудай окуучуларыма ыйман, дөөлөт, топук, акылдуулук бере көр деген оюн, аларды илим билимге жетсе экен

деген оюн кыйытып бергендигин баамдоого болот. Ааламдын табышмактуу сырлары, көомдук жашоонун ар түрдүү жолдору, дегеле коомдук түзүлүштүн адам менен байланышкан бардык маселелери билим менен байланышып, ар бир тексттик тутумдардын прагматикалык багыты **"билим" концепти** менен бекемделип турат. Ал өзүнүн акылдуу, зирек ойлорун баалай алган, түшүнө алган окуучулар болгондо гана, эмгеги даңазаланарын билет. Ошондуктан айланасындагылардын акыл-эстүү, билимдүү болушун тилейт. Тексттин тутумун түзүп турган маани-мазмун, ой-пикирлерге түркөй адам түшүнбөйт. Бул анын текстиндеги баштан аяк берилүүчү семантиканын имплициясы, подтексти, жалпы тексттин мазмунунан суурулуп чыккан өзөк мааниси деп айтууга болот.

Илимий изилдөөлөрү азыркы учурдагыдай астрономиялык жана космикалык изилдөөлөрдүн натыйжасынын негизинде фактылык информацияга ээ болбогону менен, автор жашаган мезгилдин шартына, ошол учурдагы интерпретатордун акыл-туюмуна жараша "Куттуу билим" чыгармасында дүйнөнүн картинасы тууралуу маалымат берилген.

Автордун аалам алкагы жана астрономиялык түшүнүктөр жөнүндөгү дүйнө таанымын чагылдырган универсалдык категориялар көркөм чыгарманын башталышында **"аалам картинасын" өзүнчө бир текст катары уюштурган концепттер** катары кабылдоого шарт түзөт. **Жалпы жашоону, дүйнөнүн образын туюндурган концепттер автордук дүйнөнүн картинасын, автордун таанымын, билимин чагылдыруу менен, андагы текстти уюштурган тилдик каражаттар катары автордук дүйнөнүн тилдик картинасын туюндурат.** Ачкыч сөздөр жана аларды уюштуруп турган бир нече лексемалардын семантикалык талаалары аркылуу уюшулган көркөм концепттер айтымдар аркылуу берилип, текстти уюштурууга катышкан. Айтымдардын семантика-структуралык байланыштары аркылуу уюшулган **текст автордук дүйнөнүн тилдик картинасын туюндурат.**

Бүгүнкү күндө дүйнө элдерине кеңири тараган зодиак белгилеринин жана асман телолорунун адам тагдырына

байланышкан дагы толуп жаткан сырларын жылдыздарды жана адам баласын изилдөөчү институттар иштеп чыгар. Бирок, Жусуп Баласагын өз доорундагы көз караштарга жана турмуштук тажрыйбаларга таянып, философиялык жана логикалык терең ой-жүгүртүүлөрү менен Аалам картинасын көркөм текст катары бериши, андагы тилдик каражаттардын денотативдик жана коннотативдик маанилери бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой, улам жаңы ойлордун, түшүнүктөрдүн жаралышына түрткү берет деп ойлойбуз.

2.2. Жалпы адамзаттык жана улуттук мүнөзгө ээ концепттердин (акыл-эс, билим, илим, адилеттүүлүк ж.б.) текстти уюштурушу

Бизди курчап турган чөйрө, аалам, жаратылыш өз мыйзам ченемдүүлүгү менен өнүгүп, жалпы жашоону туюндуруп турат деген автордук тааным жана ага карата дүйнөнүн тилдик картинасын чагылдырган концепттер (“аалам”, “планеталар”, “жылдыздар”, “жер”, “суу”, “от”, “аба”ж.б.) дүйнөнүн картинасын бүтүндүктө кароого шарт түзөт.

Ал эми мындай мыйзам ченемдүүлүктү өздөштүрүүдөгү эң чоң чек адам фактору менен белгиленет. Себеби чындыктагы ар кандай кыймылды, жашоону өнүгүүнү адам гана таанып билет, өздөштүрөт деген автордук интенция төмөндөгү тексттик фрагмент аркылуу берилет:

Адамзатты жаратты жандан артык,
Акыл, билим өнөрдү берди калпып,

Ак пейил, тилди ойду кошо берди,
Жаркын жүз, жакшынакай келбет өңдүү.

Көркөм тексттеги когнитивдик аспектинин чагылдырылышындагы автордук интенцияны кабылдоодо, концептуалдуу бүтүндүктү түзгөн негизги категориялардын катарындагы «адам» жана жалпы адамзатка тиешелүү

«акыл-эс», «билим», «илим», «адилеттүүлүк» ж.б. концепттери өзгөчө белгиленип иликтөөгө алынган.

Автордун дүйнө түшүнүү системасында акыл-эс когнитивдик фактор катары бааланат. Акыл-эс адамды адам катары таанытkан негизги белгиси. Анын эки жагы бар: биринчиси – муктаждыктардан улам практикалык үлгү алуу, үйрөнүү. Ал эми экинчиси – теориялык билим алуу. Экөө биригип адамдын жакшы менен жаманды, ак менен караны ажырата билүүсүнө жол ачат. Чындыкты теориялык жактан таанып билүү, тактап айтканда, окуу, билим – дүйнөнүн түркүн сырларын аңдап билүүнүн жолу, үлгү алуу, нарктуу жүрүш-турушту, адамдагы асыл сапаттарды, касиеттерди үйрөнүүнүн жолу. Таанып-билүү аркылуу гана адам өз акылын, илим-билимин тынымсыз байытуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. **Билим жеке адамдын гана кызыкчылыгы эмес, коомдун кызыкчылыктарына кызмат этүүсү зарыл.** Башкача айтканда, билимдүүнүн жеке керт башына эле эмес, жалпы жамаатка пайда алып келүүсү керек. Таанып-билүү билим алуу менен кенее берет. Улам жаңы маалыматтар менен, билим дүйнөсү менен Аалам сырларын ачтарып, анын табышмактуу сырларын аңдап, акыл-эстин элегинен өткөрүп, рухий жактан байыган сайын адам жашоосунда алдыга жылуу, өнүгүү, илгерилөө болоору жөнүндө подтексттик маани Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасынын текстинде да туюндурулган.

Мисалы,

Илим эрдик, күчтүү да окуу менен,
Акыл оюң бир болот төрөлгөндөн.

Бул тууралуу бар экен түркчө макал,
Пайда тиер ошону эсиңе ал:

“Окуу сага билимди берет экен,
Акыл-эсти кошо албайт анткен менен,

А акыл кудай өзү сага берген,
Күч алат, тазаланат окуу менен”.

Келтирилген мисалдагы бир нече айтымдар аркылуу бир маанилик блокко биригип турган негизги маалымат – **акыл-эс менен билим** концепттери. Биринчи айтымдагы борбордук мааниге ээ акыл-эс лексемасын кабылдоо, лексикалык маанисин түшүнүү анын тереңдиктеги маанисин чечмелөөгө шарт түзөт. **Акыл-эс табигый жөндөмдүүлүк** катары ар бир адам жаралганда эле кошо жаралары айтымдын биринчи бөлүгүндө туюндурулган. Бирок **аны өнүктүрүш үчүн талбай билим алып, окуп-үйрөнүү зарыл** деген маанилик, подтексттик бөлүк кийинки маалыматка карата анафоралык катышты түзүп, келтирилген макал берилген маалыматты маанилик жактан бекемдеп тексттик бүтүндүктүн бөлүгүн уюштурду. Ошентип, иликтөөгө алынып жаткан айтымда: "окуу менен билим акыл-эс менен кошо жаралбайт. Ага адам баласы таанып билүү менен ээ боло алат. Төрөлгөндөн эле акыл-эске ээ адам аны билим алуу менен улам көбөйтүп, арттырып, күчтөндүрөт" деген подтексттик ой, автордук баам-туюм кыйытылган.

"Куттуу билим" чыгармасында бүтүндөй **жашоонун маңызы, таанып-билүү адам фактору менен байланышта каралат**. Ал эми адамдын эң негизги касиети - анын акыл-эске, ой-жүгүртүүгө жана кеп ишмердигин ишке ашырууга ээ экендиги. Көркөм тексте **акыл-эс** концептинин берилиши бир гана денотативдик маанини туюндурбастан, терең түшүнүүнүн коннотативдүүлүгүн да жаратат. Маселен, Ж.Баласагындын аталган чыгармасында адам акыл-эси менен түбөлүктүү жашоону түзөрү, өзүн-өзү түбөлүккө калтырары, ал билими менен аныкталары, билимге ээ болгон адам айлана-чөйрөнү, өзүнүн инсандык ордун, жашоонун ар түрдүү амалын өздөштүрөрү, кийинки урпактарга үлгү болору, алардын турмуш жолунун улам илгерилешине түрткү берери туюндурулган. Ушундай жол менен алар жараткан эмгек, учкул сөз, макал-ылакап, тарыхый мурастар улуттук, дүйнөлүк маданияттын бир бөлүгү катары муундан муунга өтүп, түбөлүктүү сакталып, жашай берери, демек, жашоонун мааниси, маңызы жөнүндө түшүнүү адам баласына тиешелүү **акыл-эс, билим** концепттери менен аныкталары

белгиленген. Аталган концепттердин негизинде коом түзүлөрү, адамзат коому, жашоо-турмуш деңгээли акыл-эс, билим менен өлчөнөрү "*Илим эрдик күчтүү да окуу менен*" деген туюнтмада жана " *А акыл кудай өзү сага берген, күч алат, тазаланат окуу менен*" деген туюнтмаларда эксплициттүү туюндурулган. Бул чыгармада өзүнчө бир көз караш, философиялык ой-жоруу катары сунушталып, ошол аркылуу автор бүтүндөй коомдук жашоону туюндуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ошентип, көркөм тексттеги бул айтымда **"илим эрдик"** деген образдуу туюнтма аркылуу Жусуп Баласагын **илимди** акыл-эсти өнүктүрүүчү, аны бир сапаттык деңгээлден экинчи бир сапаттык деңгээлге өзгөртүүчү, күчтүү **концепт** экендигин подтекст катары туюндурган.

Көркөм тексттеги атайын тандалып алынган **"адилеттүүлүк" концептинин** айланасына эң алгач " бек", "аким", "өкүмдар", "увазир", "хан" "хас хажиб" " элик" ж.б. деген лексемалар автор тарабынан топтоштурулуп, алар менен семантикалык карым - катыш түзүлөт да, **адилеттүүлүк** лексемасы текстти уюштурууга катышат. Аталган тилдик каражаттардын колдонулушу түрк элинин, кыргыз элинин эл башкарган адамдарына карата айтылгандыгы белгилүү жана алар ошол доордун жашоо шарты менен, башкача айтканда, белгилүү бир мезгилдик мейкиндик алкактагы тилдик өзгөчөлүктөр жана автордук жеке стиль менен байланышкан. Демек, **көркөм тексттин мазмуну кайсы бир мезгилдик, мейкиндик алкактагы жалпы элдин** же белгилүү бир элдин **дүйнө таанымын чагылдырат**. Тактап айтканда, "Куттуу билим" чыгармасында Жусуп Баласагын жашаган XI кылымдагы Караханий мамлекетин мекендеп турган түрк элинин дүйнө таанымынын негизинде автордук дүйнөнүн модели көркөм текст түрүндө чагылдырылган.

Мисалы,

Бир бек болду дүйнөдө өзү баатыр,
405 Сөзү, ишинен тамырдай тарады акыл,

Адилет, түз сүйлөгөн сурай билип,

407 Калпы жок, сөзү, ою көктөй бийик.

Тартынбай ишти адилет чече билди,
409 Күн санап анын даңкы арта берди.

Ал элин адилетке баштап койду,
405 Дүйнөгө атагы ашкан улуу болду.

Чакан фрагменттин тутуму тема-ремалык катышты түзүп, айтымдын башында эле маалымат эл башкарган бек жөнүндө теманы билдирет. Бир *бек* болду дүйнөдө өзү баатыр (Т 1), Сөзү, ишинен тарады тамырдай *акыл* (Р1) *Адилет, түз сүйлөгөн*, сурай билип (Р 2), *Калпы жок,* сөзү, *ою* көктөй *бийик* (Р3), Тартынбай ишти *адилет* чече билди (Р4), Элин *адилетке* баштап койду (Р 5), Дүйнөгө атагы ашкан *улуу болду* (Т2). Тема - ремалык катыш семантикалык жактан биригип бир маанилик бүтүндүктү жаратты. Башкача айтканда, ***бектин адилеттүүлүгү менен улуу болгондугу*** жөнүндө маалымат берилди. Борбордук мааниге ээ ачкыч сөз **"адилет"** лексемасынын тегерегине "акыл", "түз сүйлөгөн", "калпы жок", "ою бийик" деген лексема, синтаксемалар топтолуп, алардын бири-бирине болгон маанилик карым-катышы менен "ишти адилет чече билди", "элин адилетке баштап койду" деген синтаксемалар аркылуу бир маанилик блок уюшулду. Маанилик бүтүндүктү уюштурууга катышкан айтымдардын семантикалык жагын кабылдай турган турган болсок, "**адилет" лексема катары** кайра-кайра баса белгиленип отуруп, автордук прагматикалык багыт боюнча эл башында турган адамдарга карата айтылат да, текстти уюштурууга катышат. "Чынчылдык", "калп айтпоо", "ар бир ишти чындыкка карап чечүү", "жаман менен жакшыны айырмалай билүү", "ак, караны тааануу", "сезимталдык", "кыраакылык" деген ж.б. лексема, синтаксемалардын маанилик карым-катышы "адилет" концептинин түпкү маанисин туюндурат.

Эгерде эл башчысы чынчыл болсо, ишин так аткара билсе, калп болбосо, адилет чече билсе, анын пайдасы элине тиет. Эли да чындыкта жашайт, адилет болот. Андай чындык менен

жашаган элдин жашоосу алдыга жылат. Элде теңчилик болуп, жашоосу оңолот. Демек, элдин жашоосу оңолсо, ал элдин башында турган бектин ишинин ийгилиги. Атак даңкка ээ болуу менен кадыр-баркы бийиктейт деген автордук имплициттүү ой чакан тексттин подтекси аркылуу түшүндүрөт.

Илимдүүнүн бардыгын колуна алды,
Билимдүүнү чакырып ишке салды. –

деген айтым тематикалык жактан буга чейинки маанилик блокту улап, ремалык катышты жаратат. ***Илимдүү, билимдүүнү ишке салды***. (Р) Башкача айтканда, айтымдын темасын эл башкарган адамдын тегерегинде илимдүү, билимдүү адамдардын иштеши түзөт.

Акыл – эске ээ болгон ар бир адам илим - билим алуу менен жан дүйнөсүн тазартат, байытат, өзгөлөргө үлгү болот. Айрыкча эл бийлегендер адеп өздөрү билимдүү болушу керек, "Бек болушка эң улуу билим керек, а жаман бардык ишти буза берет"(2448), анткени түркөй адам бийлеген элдин тагдыры тар, татаал болот деген автордук баам төмөндөгү айтымдар аркылуу берилет:

Мисалы,

Акылы бар адамдар асыл делет,
Билим күчү бектерге өтө керек.

Билимдүүнүн иши дагы салмактуу
А түркөйлөр – майда, жеңил камгак бу.

Бул тууралуу эл ичинде деп коет:
«Ойсуз адам – намыстан да кур болот»

Байкап көрсөң калети жок бул сөз ак
Илим билим алган адам акыйкат.

Келтирилген фрагменттеги маанилик борборду ээлеп турган ачкыч сөздөр ***акыл, билим, илим, концепттери.*** Бул

лексемаларга биригип «асыл делет», «иши салмактуу», «акыйкат» (адилеттүү), «бектерге керек» деген сөз айкаштары семантикалык топту түзүп турат. Ал эми негизги темага карама-каршы ойдо туруп, билим лексемасына антонимдик катышты түзгөн бул – ***түркөй*** деген автордук лексикон. Ал «майда», «жеңил», «камгак», «ойсуз», «намыссыз» деген түз жана өтмө маанидеги лексемалар менен семантикалык жактан бир топту түзүп, автордук жеке концептти туюндурат.

Билим, билимдүү жана билимсиз (түркөй) деген ачкыч лексемалары бири-бири менен антонимдик катышты түзүп тексттик тутумдардын семантикалык структуралык маанисин ачып берүүдө өтө көп кездешет да, жалпы глобалдуу теманы уюштурууга катышат.

Мисалы,

«Түшүнөт билим баркын акылмандар,
Билимди сыйлай билет окугандар,

Билчүбү акылсыздар билим баркын
Билимди тааный билет эстүү жандар!»

Тексттик тутумдарды түзүп турган чындыктын ар түрдүү фрагменттери жөнүндөгү оюн автор **билим, акыл** менен, билимдин мааниси менен бекемдеп, **илим** менен **билим** гана бийик даражага жеткирерин айтып, ар бир тексттин динамикалык өнүгүүсүндө семантикалык тыянак чыгаргандай сезилет.

Билим, билимдүү ачкыч лексемалары менен бир семантикалык топту түзүп турган : “окуу - жолдош, бир тууган”, “окуу - кийим аш болот”, “боорукердик”. “токтоолук”, “акыл-эске ээ”, “жакшы сөзү арыбайт”, “сазда сууга окшоп турат”, “басканда изи сууга толуп чыгат” , “болот эки белгиси – бири папси, бири – тили”, “тыят дайым кулкунун, кадырманы журтунун”, “эрдикке, дөөлөткө жеткирет”, “тизгин –алга карай сүрөгөн”, “байлык”, “маңдайы ачык жаркырап” “урмат сыйды көп көрөт” “күчү бектерге өтө керек” ж.б. ушул сыяктуу денотативдик жана коннотативдик мааниге ээ көптөгөн фраза

аралык байланыштар, ал эми ***түркөй, билимсиз*** деген ачкыч лексемалары менен бир семантикалык талааны түзүп турган : "кырсык, оору жакын болот", "сокур дешет", "жемеден, сөгүүдөн чыкпайт", "ушак менен дос болот", ж.б. фразалар жана алардын семантикалык карым-катыштары автор тарабынан атайын тандалып алынып, белгилүү бир максатты көздөйт. Булар прагматикалык багытка ээ болуу менен пикир алмашуу процессинде адресаттын, окурмандын реакциясын мамилесин жаратат. Окурман бул маалыматты өзүнүн аң-сезимине жараша кабылдайт. Анда эмоциялык -- экспрессивдик сезимдер пайда болот. Өзүндөгү сапаттар менен салыштырат, берилген оппозициянын жакшы жактарын алууга умтулат, (билим алууга умтулат), же кабылдабайт.

Чындыгында, билимдүү, илимдүү адам теориялык билимге ээ болуу менен бирге эле, практикалык жүрүм -туруму, кулк-мүнөзү, адамдык бийик сапаттары, жөндөмдүүлүгү менен да билимдүү экендигин көрсөтүп, башкалардан айырмаланып турушу керек. Элинин арасында кадыр-барктуу, адилеттүү, чынчыл, боорукер, салаватту, салмактуу, кыраакы, сезгич, ою менен кеби дал келген адамдар гана билимге ээ боло алат. Мындай адамдар коомго салым кошот. Элдин башында туруп, жагымдуу жашоону тартуулай да алат ж.б. Тексттик тутумдардан маалымдуу болгондой, билимсиз адам түркөй болот. Кеби менен иши дал келбейт. Мындай адамдардын намысы да жок, аң – сезими тайкы, тар чөйрө менен жашайт, ушакка жакын болот деген имплициттүү көркөм информация тексттин подтекстинде берилген.

Демек, "Куттуу билим" чыгармасында автордук образ аркылуу ошол учурда жашаган элдин акылдуулугуна, маданияттуулугуна, билимине абдан чоң көңүл бурулгандыгын, илим – билимге абдан маани берилгендигин белгилөөгө болот. Аталган маселени бүгүнкү коомдун абалына салыштырып, зарылдык катары актуалдуулугун баса көрсөтүүгө да туура келет. Мисалы, илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, илим, билими жок эл болбойт. Кайсы бир элдер илим-билимди жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, сүрөт искусствосу аркылуу сактап келген

болсо, кээ бир эл аны оозеки түрдө өнүктүрүп келгенин байкоого болот. Кыргыз элинде илим-билимдин муундан-муунга өтүп бүгүнкү күнгө чейин келип жеткендигин жогорудагыдай оозеки кеби, макал-ылакаптар, макал-ылакаптарга окшогон ыр саптары, накыл сөздөр, аларды уюштуруп турган тилдик каражаттар аркылуу таанып билебиз. Демек, **чыгарманын тексттик түтумдарын түзүп турган накыл-сөздөр, макал-ылакаптар, макалга окшогон ыр саптары факт-материалдар катары түрк элинде анын ичинен кыргыз элинде илим-билимдин, маданияттын оозеки үлгүсү, түбөлүк мурасы экендигин ачыктан-ачык айгинелеп турат.**

Тексттик түтумдардагы **акыл-эс, билим, адилет** концепттери менен уюшулган семантикалык блоктор маанилик бүтүндүктү жаратып, белгилүү бир темага багытталган. Адресант тарабынан окурманга карата уюшулган коммуникативдик бирдиктин максаты адамдын коомдогу ордун белгилеп турат. Башкача айтканда, семантикалык бүтүндүктү уюштурууга катышкан айтымдар же фраза аралык бирдиктер: ***«Акылы бар адамдар асыл делет, билим күчү бектерге өтө керек. Адилеттүү болуп турса бек иши, ошончолук жыргал болот эл ичи. Тартынбай иште адилет чече билди.*** ж.б., ***Бек болсун акылдуу да, кыраакы да...*** ж.б. эл башкаруучуга жана жалпы эле адамдарга, карата колдонулган. Тандалып алынган ачкыч лексемалар катары **"акыл", "билим", "адилет"** концепттери семантикалык жактан бирин-бири толуктап синонимдик катыштарды уюштуруп турган абстрактуу заттык маанини туюндурат. Акыл болбосо билим алууга болбойт. Ал эми адам билим аркылуу чындыкты таанып билет. Чындыкты таанып билиш үчүн билим керек. Ал эми билим алыш үчүн адам акыл – эске ээ болуш керек дегендей эле бирин-бири шарттап, толуктап, семантикалык бүтүндүктү жаратуучу күчкө ээ жана коомдук аң-сезимдин эң негизги категориялары катары да илим, билим философиялык маанини туюндурган негизги концепттер болуп эсептелишет. Автордук идея боюнча коомдо билимдүү, акылдуу, чындык менен иштеген адамдар гана эл бийлеши керек.

Кудай кимге башында берсе **бектик,**
1933 Жүрөгүнө жаратат **адилеттик.**

Бек кылып жараткан соң кудай аны,
1934 **Акыл, билим** андайга кошот дагы.

Демек, фрагменттеги ***бек*** лексемасы тема катары номинацияланып, *адилеттүү, билимдүү, акыл-эстүү* деген лексемалар аркылуу бир семантикалык талааны түздү.

Тексттик бүтүндүктү түзүүгө катышкан ар бир айтымда **бек** ачкыч лексема катары кайра-кайра кайталануу менен *("бек", "бектин", "бекке", "бекти", "бекте", "бектен", "ал", "анын", "ага", өкүмдар, "өкүмдарга"* ж.б.), өзүнүн тегерегине маанилик жактан жакын лексемаларды топтоп, ар түрдүү фразалар аркылуу семантикалык блокту жаратып отурат. Жогоруда белгиленгендей, "бек" деген ачкыч лексема (тема) автордук ойду толук чагылдыруу үчүн, улам жаңы информация (рема) менен толукталып турат. Мисалы, "бек" → **"адилеттүү** болуш керек", **"күчтүү, өткүр, сабырдуу, баатыр жүрөк", "акыл** менен **билим** керек", **"жакшы мүнөз"**, **"жоомарт, айкөл", "кут", "жаңылса куту качат"**, "**жакшы иш** жаса адамга болгун **ийги", "ачкөз** болбо, **абийирди** бийик карма", "**абийири** менен болот **бийик", "абийири** бар адамдар **таза сүттөй",** "эгер болсо **кыянат жан, эл тагдыры** болот анда **оор абдан",** "бийликти **зомбу, эзүү** кармай албайт", "**зордугуна** эл чыдабайт", "**март** болсо **даңкы зор** болот", **"жумшак** болсун **ырайымдуу, дили ак**", "болсун **колу ачык**" ж.б. Белгиленген фразалардын, лексемалардын айрымдары денотативдик маанини туюндурса, кээ бири өтмө мааниге ээ болуу менен түшүнүүнүн коннотативдүүлүгүн туюндуруп турат. Мисалы, акыл, билим деген лексемалар "бек" деген лексемага түз мааниде байланышып, аталган лексема менен семантикалык катышты түзүп турат. Ал эми "**Бек деген кут, жакын болгун сен кутка**..." (605) деген фразадагы "кут" лексемасы өтмө маанини туюндуруп, "бек" менен "куттун" синонимдик катышы подтексттик кошумча толуктоолорду талап кылат. Мисалы, **"Кут" сөзүнүн мааниси** түндүк аркылуу

коломтого түшүп, чынчыл ак ниет адамдарга бакыт алып келе турган кочкул кызыл түстөгү зат. Адамдарды ар кандай кырсыктардан сактоочу **күч, бакыт, ырыскы, маанай, жакшылыктын жарчысы, рух,** ошондой эле **бакыт** менен **билимдин өз ара карым-катышы** ж.б.д.у.с. Бийлик башындагы адам элге кут алып келген, чынчыл, ак ниет, билимдүү, акылдуу инсан болушу керек. Эгерде анын пейили бузулса, жаңылыштык кетирсе, андан кут качат, жамандык болот деген подтекстик маниге ээ. Аталган түшүнүк – **"кут" улуттук өзгөчөлүккө ээ концепт** катары белгилүү гана элдин (мисалы түрк элинин, кыргыз элинин) дүйнө таанымы менен байланышта каралган түшүнүк экендигин белгилөөгө болот. Ар бир эл, улут өз алдынча жашагандай көрүнгөнү менен, башка элдер менен карым-катышта, байланышта табигый чөйрөнүн алакагында, адам баласына таасир эткен чындыктын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайыкташып жашайт. Дүйнөлүк табигый мыйзам ченемдүүлүктөрдөн чыгып кетпеген жалпылыкка ээ болуу менен бирге жеке улуттун өзүнө гана тиешелүү бөтөнчөлүктөрү бар. Ар бир адамдын жеке өзгөчөлүгү сыяктуу эле бир улуттун жеке өзгөчөлүгүн айгинелеп турган дүйнө таанымы, көз карашы, жашоо шарты, тигил же бул маселенин чечилишине карата өнүтү болот. Ушунун өзү дүйнө таанымдык улуттук философияны жаратып, жекече жана жалпы маселелерди камтыган логикалык ой жыйынтыктарды пайда кылат. Айрым бир **концепттердин (мис., "кут") түпкү маанисинде элдин өзүнчө маданиятын, коомдук ордун, социалдык абалын чагылдырган өзгөчөлүктөр бар.**

Ошондой эле көркөм тексте жогорудагы лексемаларга карама-каршы маанини туюндуруп, антонимдик катышты түзгөн **"шашмалык", "сараңдык", "залимдик", "наадандык", "бузуктук", "калп айтуу", "өжөрлүк",** ж.б.ж.б. лексемалардын маанилик карым-катыштары да текстти уюштурууга катышат:

Мисалы,

Бектерге алыс болор беш нерсе бар,
Аларсыз бектин баркы кайдан жанар.

Бири – шашма, экинчиси сараңдык,
Үчүнчүсү залимдик да, наадандык.

Төртүнчүсү – бузуктук, кежир болуу,
Бешинчиси – калп айтуу чоң уят бу.

Жогорку фрагменттеги айтымдын башталышында «Бектерге алыс болор беш нерсе бар» (Т) деген фраза тема катары берилди да, андан кийинки ыр саптарындагы сан атоочтордон турган индексалдык сөздөр («бири», «экинчиси», «үчүнчүсү», «төртүнчүсү» «бешинчиси») менен бир өңчөй зат атоочтордун («шашмалык», «сараңдык», «залимдик», «наадандык», «бузуктук», «кежирлик», «калп айтуу») грамматикалык-маанилик-структуралык жактан бирдей милдети, кызматы аркылуу «алар» деген ат атооч менен темага структуралык жактан да, маанилик жактан байланышып, бир маанилик бүтүндүктү уюштуруп турат. Аталган лексемалар адамдын ички дүйнөсүн аңдап билүүдөгү терс сапаттарды туюндурган өзгөчө маанилерди туюндурат.

Мына ушул сыяктуу лексемалардын негизинде пайда болгон семантикалык талаалар бир нече айтымдарды жаратат. Ал эми бир нече айтымдардын семантика-структуралык түзүлүшү текстти уюштуруп турат. Текст коммуникативдик-прагматикалык багытка ээ болуу менен адресатка карата, жалпы эле адам баласынын, мамлекетти башкаруучу адамдардын коомдогу ордун көрсөткөн билимдери, түшүнүктөрү аркылуу Жусуп Баласагындын оюн, таанымын көрсөтүп турат. Борбордук маанини ээлеп турган ачкыч сөзгө маанилик жактан биригип турган лексемалар аркылуу уюшулган бир же бир нече айтымдардын семантика-структуралык карым-катышы текстти түзүп, автордук интенцияны, дүйнө таанымды билдирет. Анализге алынып жаткан көркөм тексте автордук интенция подтекст түрүндө берилген. Мисалы, илим-билими начар, акылы кыска, адилетсиз, калп ж.б. сапаттарга ээ адам бек болууга татыксыз. Мындай адам бек болсо, эли жакыр жашап, алсыз

болот, душмандары көбөйөт деген сыяктуу ойлор Ж.Баласагын тарабынан подтекст түрүндө туюндурулган. Демек, автордук көз караш, тааным аркылуу мамлекет башында турган адамдын коомдогу ордун, кызматын, кулк-мүнөзүн туюндурган тилдик каражаттар, концепттер текст аркылуу чагылдырылган.

Автордук көз караш боюнча, берилген ой эл башында турган адамдарга карата багытталат да, алардын ички жан-дүйнөсүнө көбүрөөк басым жасалгандыгын баамдоого болот:

Мисалы,

Бектен кийин – экинчи элге башчы,
2193 Увазирлик, Элик көзү, сөзүн айтчу

Увазир – бектин жүгүн бүт көтөрөт,
2182 Увазир өлкөгө заң тартип берет.

Увазир бектин болот кеңешчиси,
2183 Кеңешсе, демек ага катар киши.

Абийир, актык эң керек увазирге,
2199 Уятсыздык баарынан эң чоң күнөө.

Эл ичинде барктуусу уяттуулар
3201 Уяты бар кишилер эл башкарар.

Берилген фрагменттеги бир нече айтымдарды бир маанилик бүтүндүккө бириктирип турган негизги борбордук мааниге ээ ачкыч сөз – увазир. Увазир – тема катары милдет аткарып, өзүнүн тегерегине бир нече ремалык катыштарды топтоп турат. Бектен кийин экинчи эл башчы (Р1), Бектин жүгүн бүт көтөрөт, (Р2) өлкөгө жакшы тартип берет (Р3), бектин кеңешчиси болот (Р4), Бекке катар киши (Р5). Ал эми кийинки айтымда негизги маанини ээлеп турган ачкыч лексема – **уяттуулар.** Аталган создүн тегерегине "абийир", "актык" деген лексемалар топтолуп, "эл ичинде барктуусу", "эл башкарар" деген ремалык катыштагы маани аркылуу увазир жөнүндөгү тема кыйыр түрдө уланып, тексттик байланыш түзүлгөн. Биринчи айтымдан түзүлгөн

маанилик блокто увазирдин коомдогу аткарган кызматы тууралуу маалымат берилсе, экинчи маанилик блокто анын ички рухий дүйнөсү кандай болуш керек экендиги тууралуу түшүнүк **“уят” концепти** аркылуу туюндурулат. Айтымда аталган концепттин мааниси антонимдик катыштагы “уяттуу”, “уятсыз” деген лексемалар аркылуу белгиленген.

Уят **концепти** – бул адамдын ички сезиминде жагымсыз жагдайдын пайда болушу. Маселен, калп айтуудан, ууру кылуудан, жаман мамиледен, туура эмес кеп айтуудан ж.б. Мына ушундай жагымсыз жагдайдан алыс болуш үчүн, мындай жагдайдын түзүлбөшү үчүн таза (өтмө мааниде), уяттуу болуш керек. Ошентип, “уяттуу” лексемасы адамдын оң сапаттарын туюндурган лексемалар (мисалы “абийир”, “тазалык” ж.б.) менен маанилик катышта болсо, “уятсыз” лексемасы адамдын терс сапаттарын туюндурган лексемалар (мисалы, “күнөө”, “калп айтуу” ж.б.) менен байланышкан маанилерге ээ экендигин туюндурат. Демек, уят концепти кеп айтуу, сактануу, жандануу, башкаруу ж.б. этиштик - баяндоочтор менен айкашып адамдын жүрүм-турумун, кыймыл-аракетин, мамилесин, сезимдерин акыл-ою менен башкаруу жөндөмдүүлүгүн туюндурат.

Жогорку контекстте “Увазир” деген ачкыч лексемага “уяттуу” лексемасы синоним катары колдонулган да, эл башындагы адамдын уяттуу болушу керек экендиги жөнүндөгү автордук ой кыйытылып берилген.

Бир нече айтымдардан турган көркөм тексте Бек жөнүндөгү маалыматты туюндурган тексттик структураны уюштурууга катышкан тилдик каражаттар, концепттер жана лексемалар (мисалы, “адилет” “билим”, “март”, “жөнөкөй”, “сабырдуу” ж.б.) кайрадан кайталануу менен “увазир” деген борбордук мааниге ээ ачкыч лексеманы ар тараптан жабдып турат. Увазир тема катары, ал эми анафоралык лексемалардан түзүлгөн бир нече информациялар рема катары семантика-структуралык катышты түзүп, семантика-структуралык жактан бир бүтүндүккө ээ текстти уюштурат. Мисалы, **“илим билим эң жакшы өздөштүргөн”, “болсун такыба”, “токтоо”, “адилеттүү”, “ак көңүл”, “акыйкатчыл”, “ак болсун”, “жушак, жоош мүнөз**

болсун” ж.б. ж.б. лексема, синтаксемалар тексттик бүтүндүктү уюштурууга катышат. Автордук көз караш боюнча, негизги ой башкаруучулардын сапаты тууралуу коммуникативдик-прагматикалык багытты туюндуруу менен увазирдин коомдогу ордун, кызматын, кулк-мүнөзүн чагылдырып, дагы бир тексттик бүтүмдү түзүп турат.

Жогорудагыдай өз алдынча сематикалык, структуралык бүтүндүк “Ордо башы”, “Элчи”, “Катчы”, “Суусун -башы”, “Казыначы”, “Ашпозчу” деген ж.б. ачкыч лексемалар аркылуу да түзүлүп, тексттик тутумдарды уюштурушат. Ал эми тексттердин прагматикалык багыты, тутумундагы лексема, синтаксемаларынын окшоштугу, анафоралык, кайталама, ат атоочтук, синонимдик, антонимдик лексемалардын шыгырап келиши, алардын логикалык жактан бир максатка багытталышы автордук таанымды билдирип, мамлекетти башкаруу системасындагы адамдардын кандай болушу керек экендиги жөнүндөгү маалыматты туюндурат. Тексттик тутумдар тилдик каражаттардын, лексема, синтаксемалардын анафоралык катыштары аркылуу бири-бири менен органикалык байланышты, синонимдик, антонимдик катышты түзүп турат. Ар бири тексттин темасына карата, максатка ылайык тандалып алынган тилдик каражаттар болгону менен, анафоралык лексемалар өтө көп кездешет. Мисалы, бек деген ачкыч сөзгө карата тандалып алынган **“акыл”, “билим”, “адилет”** концепттери кийинки тексттик тутумдарда да ар бир ачкыч сөзгө биригип семантикалык талааларды түзөт. Ошондой эле, адам аралык мамилелерди, сапаттарды, кулк-мүнөздү чагылдырган **“уят”** концепти, жана бек жөнүндөгү текстти уюштурууга катышкан “сабырдуулук”, “токтоолук”, “кыраакылык”, “сезгичтик”, “жөнөкөйлүк”, “кайраттуулук”, “сактык”, “айкөлдүк”, “абийирдүүлүк”, “ток пейилдик”, “ак көңүлдүк” ж.б. лексемалар кийинки тексттик тутумдарда да текстти уюштурууга катышат. Булардын ар бири өз алдынча лексикалык мааниге ээ болуп, семантикалык жактан адамдык ар түрдүү сапаттарды билдирген түшүнүк болгону менен, алар автор тарабынан белгилүү бир максатка багытталып, эл башында турган адамдардын коомдогу

ордун аныктоочу маалыматтык бирдик тексттик тутумдарды уюштуруп турат. Коомго бактылуу жашоо тартуулаш үчүн эл башында турган адамдардын алгач акылдуу, билимдүү, адилеттүү болуп, өз кызматын жакшы аткаруусу керек экендиги автор тарабынан кыйытылып айтылат. Ошондой эле адамдык эң бийик сапаттарга ээ болуп, эл башчылар эл үчүн, коом үчүн кызмат кылышы керек деген ой маанилик бүтүндүктү жараткан тексттер аркылуу берилип, башкаруу системасы кандай болуш керек экендиги автордук аң-туюмдун чегинде көркөм туюндурулган. Мамлекетти башкаруу системасынын структурасы, андагы инсандардын кесиптик компетенциясы, ар бир кесиптин этика-эстетикалык ченемдери, милдеттери жана парздары, адилеттүү башкаруу канткенде боло тургандыгы, адамдардын тең укукка жетишүү шарттары качан бышып жетиле тургандыгы, алдыдагы мамлекеттик түзүлүштү жаратуу идеясынын бүтүндөй системасы автордук дүйнө таанымды көрсөтүп, тексттик тутумдардын подтексти аркылуу чагылдырылган.

Ошентип, “акыл”, “билим”, “адилет”, “уят”, “кут” ж.б. концепттеринин маанилик карым-катышы, байланышы аркылуу уюшулган мазмундуу түшүнүктөрдөн тексттик тутумдар түзүлгөн. Аталган концепттерде түшүнүктүк, жалпы жана жеке таанымдык, логико-философиялык, денотативдик, эмоционалдык, экспрессивдик, подтексттик жана текстти уюштуруучу маанилер камтылган.

Азыркы лингвистиканын максаттарынын бири тилди система-структуралык түзүлүш катары изилдөө гана эмес, антропоцентристтик көз карашка басым жасоо аркылуу адамдын өзүн изилдөөгө багытталып бара жатат. Антропология мындан бир канча мезгил мурда адамдын өзүнө тиешелүү маселелерди камтыган илим десек, азыркы учурда ал – адам коомунун бардык тармактарын кучагына алган, кенен, масштабдуу илим. Ал когнитологияны, этнографияны, тарыхты, экономиканы, социологияны, линвистиканы ж.б. тармактарды жалпы адамзаттык жана жеке улуттук абалда карап изилдейт. **Антропологиялык лингвистика когнитивдик аспект аркылуу кайсы бир**

элди **комплекстүү түрдө иликтөөгө алат**. Тактап айтканда, ошол элдин дүйнө таанымын, табигый карым-катышын, руханий жана материалдык маданиятын ж.б. толуп жаткан баалуулуктарын түшүнүү менен изилдейт. Ошондон улам дүйнө элдеринин бири-бири менен болгон байланыш катышын караштырып, салыштыруу менен жалпылыктарын жана айырмачылыктарын тастыктап, өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрүн белгилейт. Мунун ичине элдин салт-санаасы, каадасы, кулк-мүнөзү, улуттук адеп-ахлагы, аны менен байланышкан элдик оозеки чыгармачылыгы камтылат. Н.Д. Арутюнованын, Е.С. Кубрякованын жана башкалардын пикирлерине таянганда, **азыркы мезгилде** тилдин өзүнө гана эмес, **тилдеги адам факторуна өзгөчө көңүл бурула баштады**. Тексттин мазмунун анализдөө маалымат берүүчү жана маалымат алуучунун жалпы билимдерине таянуу аркылуу лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлорду иликтөөгө багыт алды.

2.3. Көркөм чыгармадагы этика, эстетикалык маанилерди туюндурган "мамиле" "тил", "адеп", "тарбия" концепттеринин тексттти уюштурушу

Белгилүү бир мезгилдик, мейкиндик алкактагы кайсы бир элдин **дүйнө таанымы** өзүлөрүнүн **жашоо шартына ылайык чындыкты өздөштүрүүсү** менен, **адамдардын жан дүйнөсүн аңдай билүүсү, дүйнөнү көркөм эстетикалык кабылдоосу, сулуулукту, аруулукту сезүү, баалоо сыяктуу түшүнүктөрү менен калыптанат**.

Орто кылымдардагы түрк элине, анын ичинен кыргыз элине таандык болгон **Жусуп Баласагындын дүйнө таанымы ошол өзү жашаган доордогу, чөйрөдөгү элдин дүйнө таанымы менен белгиленет. Автордук тааным** ошол учурдагы **өз элинин дүйнөгө болгон көз карашынын, коомдук, саясий, маданий жашоо-турмушунун негизинде чагылдырылат**. Демек, ошол учурда эле жалпы түрк элинин, анын ичинен кыргыз элинин маданияттуулугунун белгилерин туюндурган адеп-ахлак, мамиле концепциялары, маданиятуу сүйлөшүүнүн ар кандай жол

жоболору (принциптери) иштелип чыккандыгын билүүгө болот. Мына ошол иштелип чыккан тажрыйбалар автордук жана жалпы элдик билимдер, концепттер катары чыгармада макал-ылакаптарды, аларга окшогон ыр саптарды, тексттик тутумдарды уюштурууга катышат.

Мамиле – адамдардын ортосундагы бири-бири менен болгон катышын, байланышын, объектиге, процесске карата көз карашын билдирүүчү абстрактуу, заттык маанини туюндурган лексикалык бирдик. Ошондой эле бул түшүнүк аң-сезим, ой-жүгүртүү менен байланышта болуп, адамдын ички дүйнөсүндөгү сезимдери аркылуу адамдык сапаттарды туюндурган лексемалардын (мис., "уят" лексемасы) семантикалык байланыштары аркылуу жалпыланган формадагы мазмунду өз ичине камтып, таанып билүүчү жана жеке мүнөзгө ээ мазмундук түшүнүктү да туюндурган **концепт** болуп эсептелет. Мисалы, коомдо практикалык муктаждыктардан улам адамдардын ар кандай жөндөмүнө, өнөр, талантына, билимине жараша иш-аракеттер жүргүзүлөрү, мындай ар түрдүү иш-аракеттердин же кесиптердин ээлеринин ар бирине тиешелүү өзгөчөлүктөрү, кызыкчылыктары жана ошого жараша адам менен адамдын ортосунда алака-мамилелер түзүлөрү жөнүндөгү жалпы түшүнүк Жусуп Баласагындын көркөм чыгармасынын тексттик бөлүктөрүн түзүп, **мамиле концепти тексттик бөлүктөрдүн өзөк маанисин, негизги теманы түзүп, текстти уюштурууга катышат**. Автордук көз караш боюнча, адамдардын коомдогу ордун, алардын ортосундагы байланыш-катышты туюндурган ар түрдүү көлөмдөгү маанилик бүтүндүктөр тексттик тутумдар түрүндө берилген. Мисалы, аларга "Теги мыкты адамдарга кандай мамиле кылуу керек", "Даанышман, илимдүү адамдарга кандай мамиле кылуу керек", "дарыгерлер, акын, дыйкан, жылдыз саноочу, түш жоруучу, эмчи, көл өнөрчүлөргө кандай мамиле кылуу керек" деген маалыматты туюндурган тексттик тутумдар кирет.

"Мамиле" концепти тексттик тутумдарда "ынтымак", "сүйүү", "урмат" "сый" "кадыр-барк" ж.б. лексемалар менен маанилик карым-катнашты түзүп, ар бири текстти уюштурууга

катышат. Аталган концепт тексттик тутумдарды бир бүтүндүккө бириктирип, гармониялуу байланышта кармап турган негизги күчкө ээ. Ар бир тексттик тутумдарда "мындан башка дагы бар", "дагы бир өнөрү артык", "дагы бар", "эми айтамын", "дагы бир билгилер бар" деген синтаксемалар аркылуу кесип ээлери номинацияланып, алардын аткарган кызматы, коомдогу орду тууралуу көркөм информация берилсе, аларга карата "мамиле" концептинин туюндурулушу өзөк маанини түзөт.

Мамиле концептинин түпкү маанисинде адамдын аң-сезими менен байланышкан абийир, адеп-ахлак, сый-урмат ж.б. адамдык сапаттарды билдирген семантикалык катыштар бар. Демек, автордук көз караш боюнча, кандай кесиптин ээси болбосун, адамдын адам катары коомдогу орду ошын улуулугун билдирген бийик сапаттары менен ("жөнөкөйлүк", "ачыктык", "кичи пейилдик", "ак көңүлдүк" ж.б.) сый-урматы, кадыр баркы менен белгиленет деген имплициттүү көркөм информация берилет.

"Теги мыкты адамдарга кандай мамиле кылуу керек" деген текстти мисалга алсак:

Мисалы,

Ичинде бекке кызмат кылгандардын,
Жандар бар сыймык ага таанышканың,

Жакындар бар ичинде пайгамбарга,
Кадырлаган адамды бактылуу да.

Аларды чын көңүлдөн кадырлагын
Жөнөткүн белек-бечкек, олжо дагын

Алар жакын пайгамбар үммөтүнө,
Урматта кудай үчүн болбойт күнөө

Сыйлагын түпкү тегин сураштырба,
Жаман сөздү айтса да каршы турба.

Берилген тексттин биринчи айтымындагы “Жандар бар, сыймык ага таанышканың” деген көркөм фразанын семантикасынан улам, анын прессупозициясы аркылуу “өзгөчө адам” деген маанини кабылдоого болот. Ал эми тексттин аягындагы салыштырмалуу маанилик бүтүндүктүн “Сыйлагын түпкү тегин сураштырба” деген көркөм фразасы биринчи фразага карата маанилик катышты түзүп” адамдын өзгөчөлүгү анын тегине байланыштуу экендиги кыйытылып берилген. Ал эми “аларды” деген ат атоочтук индексалга “сыйлагын”, кадырлагын”, “урматта”, “жаман сөз айтпа” деген лексемалар семантикалык-структуралык байланышты түзүп, текстти уюштурууга катышат да, алардын семантикалык байланыштары аркылуу “мамиле” концептин туюнууга болот. Демек, текстти уюштуруп турган айтымдардын семантикалык карым-катышы аркылуу “*тегине карап мамиле жасоо*” деген маалыматты кабыл алабыз. Мындай маалымат автордук прагматикалык багытты билдирип, автордук жеке таанымды жана этникалык мүнөздү да туюндурат. Мисалы, илгертеден эле элибизде адамдын адамдыгын аныктоо үчүн анын тегине чоң маани берилип келгендигин, тегине карап мамиле жасоо болгондугун баамдого болот. “Кайсы тукумдун баласы болду экен”, “Ата теги ким экен?” “Тектүү жердин кулуну экен” деген ыраазычылык мамилелер билдирилсе, ал эми анын тескери жасаган иштери үчүн “Атаңа наалат”, “Тексиз” деген сыяктуу нааразычылык сөздөр айтылган. Демек, адамдын коомго жасаган мамилесинен улам анын ата тегине чейин кеп айтылган. Теги мыкты адамдар сый-урмат, кадыр-баркка ээ болушкан. Анткени тукум куучулук, генетикалык байланыштар атадан балага, муундан муунга берилет деген түшүнүктөр интуитивүү түрдө жашаган жана баамдалган. Ж. Баласагындын доорунда кийинки муун менен мурунку муундун өз ара байланыштарын тукумдук сапаттары аркылуу белгилешкен. Ата-теги мыкты адамдарды көтөрмөлөшүп, аларга колдоо көрсөтүшкөн. Тукуму начар чыгып калса, анын жети атасына чейин ар кандай терс сөздөр айтылган. Ал эми тектүү эмес жердин адамы мыкты болуп чыкса, кылган иши, баатырдыгы, таланты аркылуу бааланганы менен тегине

карап мамиле жасоо, басынтуулар болгон. Мындай этникалык мүнөзгө ээ түшүнүктөр адамдар ортосундагы мамилелердин бузулушуна, таптык карама-каршылыкка, бай-кедейчиликке болүнүүгө, адилетсиз бийликтин жүргүзүлүшүнө алып келген. Ошондуктан көркөм чыгармадагы тексттик тутумдарды уюштурууга катышкан "адилеттүүлүк" концепти кайра-кайра баса белгиленип, "чынчылдык", "кыраакылык" "тең укуктуулук", "билим", "акыл-эс" ж.б. менен семантикалык катышты түзүп, адамдын коомдогу ордун туура аңдай билүүгө багытталган.

Андан кийинки автордук прагматикалык багыт "Даанышман, илимдүү адамдарга кандай мамиле кылуу керек" деген көркөм баяндоонун тексти төмөндөгүдөй берилет:

Мисалы,

Дагы бир адамдар бар билими мол,
4341 Билими жалпы журтка көрсөткөн жол.

Кадырлап сыйлуу болгун алар менен,
4342 Азбы, көппү билимин алгының сен.

Жаман менен жакшыны билет алар,
4343 Ак жолду ажыратып барын табар.

Сый көрсөт дасторконуң болсун ачык,
4350 Кадыр тутуп аларды сыйла чачып.

Илимине ишенип, айтканын кыл,
4352 Сөзүн бузуп, ишине салбагын чыр

Булар менен жакшы бол ынтымак тап,
4354 Эки дүйнө табасың кетпеген бак.

Бир нече айтымдардан турган тексттеги борбордук мааниге ээ ачкыч сөздөр – даанышман жана билимдүү адам. Мисалга алынган текстте "билими мол", "билими жалпы журтка көрсөткөн жол", "жаман менен жакшыны билет", "ак жолду ажыратып барын табар" деген лексема, синтаксемалардан турган

фраза аралык катыштар темага карата (ачкыч сөзгө) ремалык катышты түзүп, даанышман, билимдүү адамдын коомдогу орду жөнүндө маалыматты билдирген салыштырмалуу маанилик бүтүндүккө ээ айтым туюндурулган. “Билими жалпы журтка көрсөткөн жол” деген фразанын прессупозициясында “коомдук жашоонун ар кандай сырларын билимдин негизинде терең аңдай билүү”, “элге билими менен үлгү болуу,” “аларга туура багыт берүү, алдыга сүрөө” ж.б. маанилик оттеноктор бар. Ал эми “кадырлап сыйлуу болгун”, “билимин алгын”, “сый көрсөт”, “кадыр тут”, “айтканын кыл”, сөзүн бузуп ишине салбагын чыр” “жакшы бол, ынтымак тап” деген көркөм фразалардын адресатка карата прагматикалык багыты салыштырмалуу маанилик бүтүндүктү түзүп, даанышман жөнүндөгү маалыматка “алардын”, “аларга”, “буларды” деген индексалдык сөздөр (ат атоочтор) аркылуу структуралык жана семантикалык жактан байланышып турат да, экинчи тараптан маанилик бүтүндүктү түзгөн жогоруда айтылган лексема, синтаксемалардын маанилик катыштары аркылуу “мамиле” концептин кабылдоого болот. Даанышман адамдар дайыма коомдук катмарлардын эң башында болуп, жалпы элге жол көрсөтө турган улуу адамдар экендиги, алар билими, илими аркылуу коомдун бардык мүчөлөрүнө дайыма түз жолду көрсөтүп, аларга туура багыт берип, алдыга сүрөй турган кеменгерлер катары бааланышы, автордук көз караш аркылуу мындай адамдарды дайыма кадырлап, барктап, сыйлап жүрүш керек экендиги, алардын айтканын, билимин алыш керек экендиги тексттин подтексти аркылуу берилген. Демек, даанышмандын коомдогу орду, аларга кандай мамиле кылуу керек экендиги тууралуу автордук интенция бир тексттик бүтүндүктү түзүп турат.

Кийинки тексттик бүтүндүктө уста адамдар жөнүндө төмөндөгүдөй обочолонгон көркөм информация берилген:

Мисалы,

Дагы бир өнөрү артык уста жандар,
1456 Аларды өнөргө маш колу багар.

Булар дагы керектүү жандар сага,

1457 Өзүң үчүн аларды жакын карма

Темирчилер, өтүкчүлөр, бычмачылар,
1458 Боекчусу, жебечи, жаачысы бар.

Ааламда кооз буюм ушулардан,
1459 Таң каларлык жасалга усталардан.

Булар менен болгунуң карым-катнаш,
1460 Кубандырсаң аларды кубанч качпас.

Тексттеги бир өңчөй мүчөлүү зат атоочтордон турган лесемалар: *темирчилер, өтүкчүлөр, бычмачылар, боекчу, жебечи, жаачы* биригип, негизги теманы билдирип турган **усталар** деген ачкыч сөз аркылуу берилет. *Аларды, булар, ушулардан, усталардан* деген кайталама лексемалар, синонимдик катарлар тексттин семантикалык структурасын уюштуруп турат. Ал эми борбордук ачкыч лексемага карата маанилик жактан тандалган тил каражаттары "өнөргө маш колу", "кооз буюм", "таң каларлык жасалга" деген синтаксемалар биригип семантикалык талааны түздү. Ал эми экинчи жана акыркы айтымдардагы "аларды жакын карма", "булар менен болгунуң карым-катыш", "кубандырсаң аларды кубанч качпас" деген синтаксемалар, кайталама ат атоочтуу лесемалар аркылуу структуралык жактан тегерегиндеги айтымдар бири-бири менен байланышып, автор тарабынан адресатка карата айтылган ой экинчи семантикалык талааны түзүп, автордук ой, прагматикалык багыт адресатка карата кыйыр айтылган.

Ушундай эле тексттик тутумдар кедей-кембагалдарга, эмчилерге, түш жоруучуларга карата түзүлүп, аларга карата мамиле концептинин туюндурулушу борбордук маанини түзө алды. **Демек, ар бир тексттин өзөк маанисин "мамиле" концепти түзүп, бир нече тексттердин бири-бири менен болгон маанилик гармониясын, маанилик карым-катышын уюштурууга катышат.**

"Куттуу билим" чыгармасынын тексттик тутумдарын кабылдоо аркылуу маданияттуу сүйлөөнүн үлгүсүн алуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Анткени анда кепти колдонуунун, сүйлөшүүнүн бүтүндөй маданияты, ар бир кепке маани берип, ага карата жооп берүү өнөрү ачык айтылган. Чыгарманын маанилик бүтүндүгүн түзүүгө катышкан тексттердин ичинен **"Тилдин асыл сапаттары жана пайда-зыяны туурасында"** деген бөлүктө көркөм информация туюндурулган тексттен ошол мезгилдеги элдердин дүйнө таанымындагы сүйлөө маданияты, сүйлөөнүн этикасы, сөздү туура колдонуу мыйзам ченемдери күчтүү өнүккөндүгүнөн кабар алабыз.

Бир тексттик бүтүндүктү түзүп турган бир нече айтымдар камтыган информациялар боюнча салыштырмалуу өз алдынча семантикалык структуралык бүтүндүккө ээ, **"тил" концептин** туюндурууга автор кылдат аракет жасаганын да байкоого болот. Ар бир айтымда турмуштук тажрыйба камтылып, логикалык бир бүтүндүккө ээ, сүйлөө маданиятын туюндурган ойлор берилген. Бардык айтымдардын семантикалык бүтүндүгү тарбиялык маанини туюндуруп турат. Башкача айтканда, сүйлөө маданиятын, кепти колдонуунун ченемдерин, ой-жүгүртүү менен, адептүүлүк менен байланыштыра кароонун ар түрдүү жолдорун чагылдырган информациялар анда камтылган.

Мисалы:

Кудай сага сүйлөөрүңө берди тил,
168 Башың коргоп, сөздөрүңдү тескей бил.

Тагдыр катаал болбойт десең өзүңө,
169 Тилиң тиштеп сак болгунуң сөзүңө.

Орундуу сөз акыл эстен от алат,
170 Орунсуз сөз ийининден баш алат.

Маңыз сөздүн көрө албадым пайдасын,
171 Көп сүйлөсөң чалынасың сен бачым.

Дайыма сөздү ойлоп айтуу керек,

178 Жакшы сөз сокур үчүн көздөй делет.

Өмүр кыска туулган соң өлмөк бар,
181 Жакшы сөздөр түбөлүктүү өлбөйт ал

Күмүштү ишке салсаң бүтүп калат,
190 Сөзүңдү ишке салсаң күмүш табат.

Биринчи айтымда адам баласынын сүйлөө функциясын аткарган түшүнүк – тил жөнүндө маалымат алабыз. Тил – бул акыл-ойдун кеп аркылуу чагылдырылышындагы каражат. Ал адамдын аң-сезиминде топтолгон ой-жыйынтыктарын башка адамдарга жеткирүүдө кызмат аткаруучу курал болуп эсептелет. Ошондой эле коомдук-социалдык түшүнүк катары тил – адамдардын эң маанилүү жана алмашылгыс өз ара катнаш, байланыш куралы. Кала берсе, тил адамдардын ой-пикирин жана сезимдерин билдирүүчү рухий өнүгүүнүн натыйжасы катары да баалуу. Демек, адам кепти колдонуунун чегин билип, кеби аркылуу интеллектуалдык деңгээлин, маданияттуулугун, кулкмүнөзүн, дүйнө таанымын көрсөтө алат теген имплициттүү маанини жогоруда мисал катары келтирилген айтымдагы маалымат аркылуу кабылдайбыз.

Автордун баяндоолору далил болгондой, кепти колдонуу, сүйлөшүү да өзүнчө бир чоң маданиятты билдирет. Ошондуктан ар бир сөзгө маани берип, тескеп, таразалап, закон-ченемдүү колдонуунун, акыл-эстин элегинен өткөрүүнүн өзү бул чоң маданияттуулуктун белгиси болуп эсептелген. Ата-бабаларыбыз мына ушул маданиятты орнотуп, кепти колдонуунун ар кандай ыктарын, жол-жоболорун салтка айландырышкан.

Тагдыр катаал болбойт десең өзүңө,
Тилиң тиштеп сак болгунуң сөзүңө -

деген айтым аркылуу кеп айтардан мурда өз алдынча ой-жүгүртүүгө көнүгүү, шашмалыкка алдырбоо, жеңил ойлуулукка жеңдирбөө, токтоолук, сабырдуулук сапаттарга ээ болуу, айланатерегиндеги кырдаал-шарттарды эске алуу керек экендиги жөнүндө ой кыйытылган. Мындай сапаттарга ээ болуу адамды

татаал кырдаалдардын, терс жагдай-шарттардын түзүлүшүнөн сактайт деген подтексттик маани бар.

Ал эми үчүнчү жана төртүнчү айтымдардагы информациялар аркылуу ачык айкын, так, жеткиликтүү, таасирдүү, ойлонуп сүйлөө адамды ар кандай кырсыктардан, кагылышуулардан, конфликттерден алыстатат. Ал адамдын интеллектуалдык деңгээлин билдирет. Мындай сүйлөгөн адамдын кеби башкаларга да таасир берип, анын негизинде кадыр-баркка, сый-урматка ээ болот. Ал эми көп сүйлөө, жаңылуу, ойлонбой сүйлөө, ойду так эмес жеткирүү сыяктуу ж.б. бардык учурлар адамга зыян алып келет. Көп сүйлөгөн адамдын сөзү маанисиз, мазмунсуз, тажатма, уккулуксуз да болот, сый-урматтан кетет деген сыяктуу подтексттик маанилер берилген.

Кеп айтуудан мурда ойлонуу керек экендиги адамдын акылдуулугун, табигый жөндөмдүүлүгүн, шыктуулугун, тапкычтыгын көрсөтөт. Ушундай жактары менен адам башка бирөөгө кеп айтуу аркылуу анын реакциясын жаратат. Маанилүү кеби көңүлдү көтөрөт, ар кандай татаал кырдаалдардан, кырсыктардан, кайгыдан сактайт. Ошентип, айтымда адам башкаларга кеп айтуу аркылуу өзүнө кадыр-барк, сый-урмат топтойт деген идея бар.

Өмүр кыска туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр түбөлүктүү өлбөйт ал –

деген айтымдын семантикасында автордук көз караш боюнча дүйнө таанымдын философиялык мыйзам ченемдүүлүктөрү көрсөткөндөй, адам бул жарык дүйнөгө бир эле жолу жаралат. Жарык дүйнөгө төрөлгөн соң, өлмөк да бар. Басып өткөн өмүрүң кайра кайрылбайт. Өмүрүңдө кандай жолдорду баспа, акырында өлүмгө дуушар болосуң. Бул – жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүгү. Бирок адам баласы бир келген жашоодо өзүнүн инсандык ордун билип, жашоонун амалын туура өздөштүрүп, өзүнүн атын түбөлүккө калтырышы керек. Ал өзүнүн кылган эмгеги менен айлана-тегерегиндегилерге, кийинки урпактарга үлгү болушу абзел. Ушундай жол менен анын жараткан эмгеги,

жакшы сөздөрү, мисалы, учкул сөз, макал-ылакап, тарыхый мурастар улуттук маданияттын бир бөлүгү катары муундан муунга өтүп, түбөлүктүү сакталып, жашай берет. Демек, жашоонун мааниси, маңызы жөнүндө терең түшүнүү менен, жакшы кебиң менен түбөлүктүү жашашың керек деген имплициттүү көркөм информация аталган айтымда қыйытылып берилген.

Күмүштү ишке салсаң бүтүп калат,
Сөзүңдү ишке салсаң күмүш табат –

деген айтымдын биринчи сүйлөмүндөгү күмүш лексемасын денотат катары кабылдоого болот. Анткени күмүш – бул адамдын материалдык байлыгын камсыздоочу баалуу металл. Ал – бирде бар, бирде жок нерсе. Адамдын күнүмдүк кызыкчылыгы үчүн колдон колго өтүп колдонулат. Ал эми экинчи саптын семантикасынан төмөндөгүдөй подтексттик маанини кабылдоого болот: Кеп аркылуу жаралган эмгегиң – күмүшкө салыштырылгыс, түгөнгүс, зор байлык. Ал – түбөлүктүү нерсе. Адамдын адамдык улуулугун, ордун темир менен эмес, сөзү, билими менен баалоого болот. Материалдык байлык эскирип жок болот. Ал эми билимиң аркылуу жаралган эмгегиң, сөзүң муундан-муунга өтүп, түбөлүктүү жашайт. Мындай зор эмгек жаратсаң, ал өзүнөн өзү бааланып, анын артынан материалдык байлык өзү келет деген кыйытма ойду кабылдоого болот.

Көркөм текстте колдонулган тилдик каражаттар лексикалык маанилерине ылайык ар кандай семантикалык жылышууларга, катмарлануларга дуушар болуп турат. Алар алгачкы лексикалык маанисинен ажырап, контексттик маанини туюндуруп да калышат. Көркөм текстте сөздөр, тилдик каражаттар денотат катарында гана эмес, коннотативдүү маанилерде да берилет. Мисалы, жогорудагы контексттен көрүнүп тургандай, *сөз* лексемасы алгачкы лексикалык маанисинен ажырап, контекстте кептик түшүнүктү туюндуруп *кеп же сүйлөшүү* деген лексемалардын ордуна бир нече жолу колдонулду. *Орундуу сөз* деген сөз айкашы ушул контексттик мааниде *сүйлөөнүн, кеп айтуунун чеги, ченеми* деген түшүнүктү

туюндуруп калды. Ал эми *тилиң тиштеп* деген сөз айкашы денотат катарында эмес, образдуу көркөм маанини туюндуруп, ойлонуп сүйлөө, орунсуз кепти айтпай коюу деген ж.б пресуппозициялык туюнтмаларды билдирип турат. Ошондой эле *башың коргоп* деген сөз айкашы да ушундай эле образдуу, өтмө мааниге ээ көркөм информацияны туюндурууда.

Текстти семантикалык жактан уюштуруп турган тил каражаттарынын ичинен борбордук маанини ээлеп турган ачкыч сөздөр - сөз, тил (кеп айтуу, сүйлөшүү деген контексттик маанисиндеги) деген синонимдик лексемалар. Тегерегинде "орундуу" "орунсуз" "акыл-эстен от алат", "тилиң тиштеп", "сак болгунуң", ийиниңден баш алат", "ойлоп айтуу керек", "жакшы сөз түбөлүктүү", "жакшы сөз сокур үчүн көздөй делет" "күмүш табат" деген ж.б. образдуу-ассоциацияланган көркөм фраза аралык фрагменттер бир нече көркөм информацияларды туюндуруп, семантикалык, логикалык жактан "тил" концептин ар кандай мүнөздө чечмелеп берүүгө багытталган. Ошондуктан текстти түзүп турган айтымдардын ар бири *кеп, сүйлөө* деген борбордук маанини тулкусунда алып жүрөт да, ар бири өз алдынча семантикалык, структуралык бүтүндүккө ээ. Бирок аталган көркөм баяндын бардыгы бир темага багытталган. **Сүйлөө**, кеп айтуу **психологиялык, логикалык, интеллектуалдык мыйзам ченемдүүлүктөр менен байланышта түзүлөрү автордук дүйнө тааным аркылуу чагылдырылган.** Автордун ою боюнча, кеп айтуунун ар кандай мыйзам ченемдери, жол жоболору, баалуулугу болот. Мындай мыйзам ченемдүүлүктөрдүн адамдын адамдыгын таразалай билүүдө таасири зор экендигин баамдай алабыз. Мисалы, ар бир адам кеп айтардан мурда кылдат ойлонуу менен сабырдуулукка, токтоолукка өзүн-өзү тарбиялай алса, ал изденүүчүлүккө, акылмандыкка, чеберчиликке, тапкычтыкка ж.б. үйрөнө алат. Мына ушунун негизинде адамдын кулк-мүнөзү да, жан дүйнөсү да калыптанат деген подтексттик маани адресатка карата айтылган. Ал эми кепти кабыл алуу аркылуу адресат өз алдынча тарбияланат, маданияттуулукка үйрөнөт, билим алат, изденет

деген ж.б. идеялар кийинки айтымдарда имплициттүү түрдө туюнтулган.

Ошентип, **автордук интенция боюнча чыгармадагы берилген** тексттик бүтүндүктүн концептуалдык маанисинде **маданиятуу сүйлөөнүн, улуттук-этикеттин үлгүлөрүн чагылдырган маалыматтар "тил" концептинин терең маанисин ар тараптан чечмелөөгө багытталган. Сүйлөө аркылуу адамдын билимдүүлүгү, маданияттуулугу, адептүүлүгү, сезимталдуулугу баалана тургандыгы подтекст аркылуу туюндурулган.**

Таалим-тарбия, адеп-ахлактык маселелери да чыгармада кеңири чагылдырылып көркөм концепттер катары тексттти уюштурушат.

Коомдук жашоонун өзү адамдарды өз ара ар кандай карым-катнашка, ар кандай алака-мамилеге дуушар кылат. Карым-катыш, мамиле белгилүү жагдай-шарттарга жараша оң да, терс да болушу мүмкүн. Мунун өзүн турмуш диалектикасынын мыйзам ченемдүүлүгү деп кароого болот. Жакшылык, чындык, адилеттүүлүк болбосо, жамандыкты, караөзгөйлүктү, алдамчылыкты ажыратып билүү кыйын. Жамандыктын бар экендиги жакшылыкты көркүнө чыгарат. Адамдык сапаттар аркылуу келип чыккан мындай мамилелер (адептүүлүк-наадандык, абийирдүүлүк-абийирсиздик, чындык-жалгандык, ак-көңүлдүк-караөзгөйлүк, ишмердик-жалкоолук, сөзмөрлүк-чоркоктук, билимдүүлүк-билимсиздик, жакшылык-жамандык, сылыктык-оройлук, сезимталдык-аңкоолук, байлык-жакырлык, жаштык-карылык, өмүр-өлүм, каниет-ач көздүк, марттык-сарандык, адилеттүүлүк-адилетсиздик, адалдык-арамдык ж.б.ж.б.) бири-бирине карата оппозициялык катышты түзүп, жашоо амалын өздөштүрүүдөгү негизги категориялар, керегине жараша концепттер катары таанымды пайда кылат. Ошол эле учурда ар бир концепттин маанисине ылайык оң жана терс дагы маанилерине ылайык тилдик каражаттар менен (мис., антоним – адептүү, адепсиз, абийирдүү-абийирсиз, ж.б.) белгиленет.

Мисалы,

Абийирдүүлөр дос күтөт жакшылардан,

910 Тапсам дейт акылы бар чынчыл адам.

Жамандар болбос ишке кегин сактайт,
911 Жакшынын атын булгап ушак таштайт.

Жакшылык жасап көргөн жасай берет,
912 Таарынычты унутуп мээрим төгөт.

Акмактар акылдууга душман келет,
Акылдууну акмактар бузуп келет.

Адеп – ызааттуу, тартиптүү жүрүм-турумдун, өзүн алып жүрүүнүн нормасы, сылыктык деген жалпы таанымдын негизиндеги түшүнүк. Адеп "Куттуу билим" чыгармасында көркөм концепт катары адамдын адамдык сапатын, улуулугун билдире турган негизги түшүнүк экендиги тексттик тутумдардагы айтымдар аркылуу өзгөчө белгиленген. Адамдын жүрүм -турумуна, мамилесине, кыймыл-аракетине тиешелүү сапаттар биригип адеп концептин түзөрү автордук тааным аркылуу мүнөздөлөт. Негизинен, түрк элдери, **кыргыз эли адамдын адамдыгын, анын маданияттуулугун, улуулугун, сулуулугун «адеп» концепти менен тыгыз байланышта карашкан.** Себеби байыркы бабалар ойлогон оюн жагымдуу сөзү менен жеткирген, орой, катуу сүйлөбөгөн, башканы сыйлоо сезимин алдыңкы орунга койгон. Элибизде таза, аруу сезимдер, токтоолук, сабырдуулук, чыдамдуулук сапаттарды туура колдонуу адептүүлүк менен эриш-аркак жүрүшү керек деген принцип сакталган.

Ар бир тексттик тутумдардагы негизги темалар "адеп" концепти менен тике, кыйыр, өтмө, подтексттик маанилер аркылуу тыгыз байланышта берилген. Мында автор тарабынан колдонулган тилдик каражаттар, активдүү лексемалар адеп концептин ар тараптан ачып берүүгө катышкан. "Куттуу билим" чыгармасында «адеп» концепти өзүнүн маанисине ылайык төмөндөгүдөй активдүү лексикалык каражаттар менен кошумча маанилерге ээ болуп жүрүп отурат:

- билимдүүлүк, даанышмандык
  акылдуулук, эстүүлүк,
- ой-жүгүртүүчүлүк, тапкычтык
- жакшылык, сыйкорлук, урмат
- айкөлдүк, ак көңүлдүк, жоомарттык, дили тазалык
- сабырдуулук,токтоолук,көтөрүмдүүлүк, чыдамкайлык
- адилеттүүлүк, калыстык
- кыраакылык, сезимталдык, сактык, тактык

АДЕП
- мээримдүүлүк, боорукердик, кечиримдүүлүк
- сүйүү (Ата Мекенге, ата-энеге, жолдош-доско ж.б)
- кепти колдонуу, сүйлөшүү маданияты
- ачуулукка алдырбоо, жеңил ойлуу болбоо,
- абийирдүүлүк, ыймандуулук, уяттуулук, сылыктык
- кичи пейилдик, ток пейилдик,

Мына ушул (кээ бири синонимдик катышты түзгөн) активдүү лексемалар өзүлөрүнүн маанилерине ылайык логикалык да, тематикалык да жактан адеп концепти менен түз, кыйыр, өтмө маанилерде байланышып, көркөм тексттин баштан аяк берилген мазмунунда, тексттик тутумдарда кайталама, синонимдик, анафоралык лексемалар катарында кездешет.

Мисалы,

Адеп, тартип сактабас – наадан адам,
Адептүүнү көргөндө болот жаман

Сыпаттуу адам бизге кеңеш айткан:
Адептүү урмат сыйга татык адам

Жөн билбеген, адепсиз наадан менен,
Иш бүтүрүү эч качан болбойт деген.

деген фрагмент аркылуу коомдо өзүн-өзү алып жүрүүнүн ар кандай мыйзамдарын туура же туура эмес аңдай билүүнүн негизи адеп концепти менен белгиленерин баамдоого болот. **«Адептүү урмат, сыйга татык адам»** деген фраза аркылуу «эгер адам коомдо өзүн өзү туура алып жүрсө, билимдүү, калыс, адилет, мээримдүү, кечиримдүү, көтөрүмдүү, сылык, токтоо, сабырдуу ж.б. сапаттарга ээ болсо, анда ал урмат сыйга да ээ болот деген сыяктуу подтексттик маани берилген. Ал эми аталган фрагменттеги акыркы салыштырмалуу маанилик бүтүндүктүн семантикасы аркылуу туюндурулган адепсиздиктин белгиси калпычылык, жеңил ойлуулук, акылсыздык, билимсиздик, наадандык экендиги кыйытылган. Мисалга алынган айтымдын экинчи бөлүгүндө «эгерде калпычы, акылсыз, билимсиз, наадан – адепсиз адам менен байланышсаң, ишиң бүтпөйт» деген идея берилген.

Текст жаратуудагы автордук интенцияны кабылдоодо, тексттин подтексттик мааниси аркылуу илгертеден эле элибиз сый-урматты, абийирдүүлүктү, адептүүлүктү маданиятуулулуктун өзгөчө белгиси катары жогору коюшкандыгын кабылдоого болот. Акылмандыкты, билимдүүлүктү ж.б. сыйлабастык, өзүн жогору койгондук – бул наадандыктын белгиси болуп эсептелип келген.

Ошентип, автордук таанымдын коммуникативдик-прагматикалык максатына ылайык «адеп» концепти жалпы эле текстти кабылдоочу окурмандарга карата багытталган. Окурман көркөм текстти кабылдоодо тилдик каражаттар жана композициялык түзүлүштөр менен байланышта ой жүгүртүп, подтексттеги автордук интенцияны өзүнө кабылдайт. Өзүнүн жеке дүйнө таанымы менен ал автордук таанымдын моделин өзүнчө моделдештирет. Акырында окурман ал тексттеги мазмунга, мааниге ылайык автордун интенциясын түшүнөт.

Демек, текстти кабылдаган ар бир окурман «адеп» концептин терең түшүнүү менен, анда тарбияланууунун эң сонун үлгүлөрү жаткандыгын, адамдык бийик сапаттарга ээ болуунун ар кандай жолдору берилгендигин өздөштүрөт. Бүгүнкү турмуштун туура

жолун тандоодо «адеп» концепти үлгү катары пайдалануунун өзгөчө ыкмасы катары кызмат кыларын билет.

Чындык баардыгыбызга бирдей таасир эткени менен, ар бир элдин, улуттун өз алдынчалыгына, жашоо шартына, кечирген турмушуна, географиялык жагдайына ж.б. үй шартына ылайык салт-санаасы, кулк-мүнөзү пайда болуп калыптанат. Тыюу, сыйлоо, кубануу, кайгы-капалануу бардык эле элдё болгону менен, ар бир элдин эмоциялык абалы, кулк-мүнөздү чагылдырган темпераменти да өзгөчөлүккө ээ. Муну менен бир мезгилдеги элдин адептүүлүккө тарбияланууусун, тарбияга карата болгон мамилесин туюнууга болот. Демек, автордук тааным аркылуу белгилүү чөйрөдөгү элдин, кыргыз элинин «тарбия» жөнүндөгү таанымын кабылдайбыз.

Ар бир адам коомдо өз алдынча инсан болуп калыптанганга чейин ата-эненин сүйүүсү, мээрими, жылуу сөзү, үй-бүлөлүк жашоо-шарт менен тарбияланат. Кыргыз элинде илгертеден эле ар бир үй-бүлөдө ата-энеге болгон сый мамиле, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо сыяктуу аралык этикасын кармоо бекем сакталган. Ата-эне менен жаакташып айтышуу, талашуу, бетке чаап сүйлөө, орой мамиле кылуу, улуу-кичүүнү сыйлабастык деген тарбиясыздыктын белгисин билдирген сапаттар болгон эмес, аз санда болгон. Бул кыргыз элинин акылман тарбиясы, адептүүлүгү болуп эсептелеген. Баланын жаман тарбиясы ата-энесинин жүзүнө чиркөө болгон, келечегине шек туудурган. Мындай таалим-тарбияга байланыштуу үй-бүлөлүк маселелер «Куттуу билим» чыгармасында автордук тааным менен төмөндөгүдөй айтымдар аркылуу текстгик бүтүндүктү түзүп турушат:

Мисалы,

Бала өссө ар тараптуу таалим алып,
Ата-эненин андайда жүзү жарык.

А, уулуң өскөн болсо эрке-талтаң,
Үмүт үз, адам чыкпайт андайлардан.

Билип ал, жолун айткан тарбиянын,

1222 Көп жашап, көп балалуу бир атанын:

«Эрке өстүрсөң баланды корсуң анда,
1223 Күнөө атада, бирөөгө доомат кылба.

Балдары орой болсо сөз укпаган,
1225 Күнөөнү издөө керек эне-атадан.

Уул-кызың билимди алса терең,
1228 Кор болушпай көңүлдүү жашайт деген !»

Тексттик бүтүндүктү түзүүгө катышкан ар бир айтымда баланы тарбиялоо жөнүндөгү борбордук мааниге карата ар түрдүү информациялар берилген. Ар бир айтым семантикалык структуралык жактан өз алдынча тематикалык - логикалык бүтүндүктү туюндуруп турат.

Биринчи эки айтымдан уюшулган салыштырмалуу логикалык бүтүндүктө «бала» деген негизги маанини ээлеп турган лексема семантикалык жактан өзүнө жакын «ар тараптуу таалим алуу», «ата-эненин жүзү жарык», «болсо эрке-талтаң», «адам чыкпайт андайлардан» деген синтаксемалар менен байланышып, семантикалык талааны түзүп турат. Биринчи айтым грамматикалык-структуралык жактан эки жөнөкөй сүйлөмдөн туруп, шарттуу ыңгайдын –са мүчөсү менен уюшулган татаал сүйлөмдү билдирди. Экинчи айтым деле ошондой грамматикалык түзүлүшкө ээ. Бирок коммуникативдик бирдик катары эки айтым бири-бири менен *а (эгер)* деген кызматчы сөз (интексалдык сөз) аркылуу локалдык байланышта турат. Ал эми төрт сүйлөмдөн турган айтымдар маанилик, тематикалык, логикалык жактан бир бүтүндүктү туюндуруп, семантикалык блокту түзүп турат. «Ар тараптуу таалим алуу» менен «эрке талтаң болуу» деген фразалар контексттик мааниде бири-бири менен антонимдик катышты түзүп, бири «ата-эненин жүзү жарык», «экинчиси адам чыкпайт андайлардан» деген синтаксемалар менен логикалык-мазмундук жактан байланышта болду. Натыйжада, бир эле теманын эки

жагы, башкача айтканда ачкыч лексеманын оппозициялык катыштары таалим-тарбия концептинин эки өңүтүн белгиледи.

Бул айтымдардын семантикалык, структуралык бүтүндүгүн кабылдоо аркылуу кылдат туюндурулган автордук прагматикалык багытты билүүгө болот. Автор аркылуу жаралган бул семантикалык блок ата-энеге карата айтылып, анда баланы тарбиялоо жөнүндө концептуалдык маани чөгөрүлгөн. Мында балага ар тараптуу багыт берип, аны билимге, өнөргө, акылдуулукка, адептүүлүккө ж.б. тарбиялоо ата-эненин милдети экендиги айтылган. Ал эми баланы эрке-талтаң өстүрүү (өз оюна коюу, каалаганын аткаруу, туура багыт бербөө ж.б.) ата-энеге жаман жагдай алып келери, ата-эненин атын булгаары, келечекте андай баланын коомдогу орду жакшы эмес болору жөнүндө автор подтекстте кыйытып туюндурган.

Мындан мурунку тексттик бөлүмдөрдө эскертип кеткендей, ар бир семантикалык - информативдик бүтүндүккө ээ тексттик тутумдар билимдин мааниси менен бекемделип, билим гана жакшы тарбияга, бардык жакшылыктарга жеткирери баса белгиленип жүрүп отурат. Жогорудагы баланы тарбиялоо жөнүндөгү логикалык бүтүндүк «уул-кызың билимди алса терең, кор болушпайт, көңүлдүү жашайт» деген айтым аркылуу жыйынтыкталып, кандай болсо да, балага талбай билим берүү керек экендиги, билим адамды туура жолго, бийик даражага, көздөгөн максатка жеткирери жөнүндөгү автордук ой, көз караш берилген.

Демек, **көркөм текст объективдүү чындыкты таанып билүүгө, бизди курчап турган чөйрө, жаратылыш мыйзамдарын аңдап билүү менен бирге эле коомдук кубулуштардын, мыйзам ченемдүүлүктөрдүн ар түрдүү көрүнүштөрүн аңдоого, жашоонун маанисин терең түшүнүүгө багыттайт.** Жашоонун терең маанисин өздөштүрүүдө эң негизги фактор - Адам. "Куттуу билим" чыгармасынын тексттик тутумдарында адам акыл-эси, билими ж.б. менен жашоону, дүйнөнү терең өздөштүрө алат деген автордук көз караш, негизги ой жалпы адам баласына тиешелүү өзгөчө белгилер катары белгиленип, концепттер катары баяндалган.

2.4. Жеке автордук мамилени туюндурган концепттердин тексттик өзгөчөлүктөрү

Автордук жеке өзгөчөлүк, индивидуалдуулук экстралингвистикалык фактор катары көрөм тексттин уюшулушуна таасирин тийгизип турат. Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" чыгармасындагы автордук жеке өзгөчөлүк менен атайын тандалып алынган тилдик каражаттар маанилерине ылайык адамды жана анын коомдогу ордун, ички, рухий жан дүйнөсүн таанып билүүдө кызмат аткаруучу көркөм концепттер катары тексттерди уюштурушат. Көркөм концепттерде автордун дүйнө таанымындагы турмуштук тажрыйбасы, жалпы жашоо, адам турмушу жөнүндөгү бүтүндөй философиясы туюндурулган. Автордун ой жүгүртүүсү белгилүү бир доордогу дүйнө тааным, эски көз караштар менен шартталса да, аны кабылдоо менен азыркы учурдун талабына ылайык жаңыча көз караштагы кызыгуулар, түшүнүктөр жаралат.

Мындан мурунку бөлүмдө сөз болгон жалпы эле дүйнө таанымдык коцептуалдык системанын негизиндеги жалпы адамзаттык жана улуттук өзгөчөлүктөрдү туюндурган концепттердин кээ бири автордук жеке стилди туюндуруп турат. Мисалы, "акыл", "адилет", "дөөлөт", "каниет" концепттеринен образ түзүү аркылуу, көркөм тексттин динамикасын, кыймылын жаратуу менен чыгарманын жалпы мазмуну уюшулат. Алардын ар бирине төмөндөгүдөй адам аттары берилет: 1) Адилет – ак дилдүү, бийликти таза, ак өтөөгө милдеткер, акыйкаттыкты сүйө билген, чынчыл өкүмдар, эл башында турган Күнтууду; Дөөлөт – Айтолду өкүмдарга ырыскы, бакыт, дөөлөт алып келүүчү увазири. Акыл – Акдилмиш, дили таза турмуштун ак карасын айрый билген акылдуу адам. Каниет - Өткүрмүш, байлыкка, мансапка кызыкпас, кумарга алданбас топуктуу адам. Мына ушул персонаждардын образдары аркылуу түзүлгөн диалогдуу көркөм текстти коомдук жашоодогу чындыктын ар түрдүү көрүнүштөрүн чагылдырган бир нече фрагменттер түзөт.

Көркөм текстте кептин субъектиси болуп автор, баяндоочу, айтып берүүчү, түзүүчү жана башка түрдүү персонаждар эсептелет. Бирок булардын бардыгы автордун дүйнө таанымдык, коомдук, этикалык, эстетикалык мамилелери аркылуу биригип, ачыкка чыгат. Демек, тексттин кептик түзүлүшүндө берилип жаткан нерсени көрсөтүүдө тексттин бардык элементтерин бир бүтүндүккө бириктирип кармап турган жеке мамиле – **автордук образ**. Диалогдуу кепти уюштуруу, мындай образдуулукту, ыкты колдонуу автордук жеке стилге байланышкан. Бирок бул персонаждарды колдонуунун максаты дүйнө таанымдык, коомдук, этикалык, эстетикалык мамилелерге багытталып, адамды аңдап билүүдөгү негизги шарттуу белгилер-символдор катары кызмат аткарышат. Көркөм текстте коомдук жашоонун сырын ачып берүү үчүн ушул каармандардын суроо – жообу аркылуу субъект (автор) өзүнүн оюн адресатка, замандаштарына, келечектеги окурмандарга, дегеле текстти кабылдоого жөндөмдүү бардык адамдарга багыттайт. Бул ык же диалогдуу көркөм текст лингвистика жаатында прагматикалык көз караштa пикир алмашууну ишке ашыруучу компоненттер менен белгиленет: 1) баяндоочу; 2) кабылдоочу; 3) баяндоочунун маалымдоочу материалы 4) маалыматтын максаты; 5) айтымдардын же тексттердин ички уюшулушу, өнүгүшү; 6) контекст жана кырдаал (34, 1982. 11-17-беттер).

Диалогдуу көркөм текст аркылуу адресант берейин деген оюн, көздөгөн максатын каармандардын кеби аркылуу берет. Бирок алардын эмне жөнүндө айтып жаткандыгын эмес, прагматикалык шартта алар аркылуу автордун адресатка эмнени, эмне максат менен айткысы келгендиги тилдик каражаттар аркылуу, тексттик бирдиктер, тексттер аркылуу иликтөөгө алынат. Адресант тарабынан кабылдоочуга карата багытталган ар түрдүү маалыматтар чечмелөөгө алынат.

“Куттуу билим” чыгармасында автордук жеке мамилени туюндурган концепттер да текстти уюштурууга катышат. Маселен, көркөм текстте Кудайдын, Алла тааланын жана анын пайгамбарларынын көркөм образдарынын атайын тексттик бөлүктөрдө берилгендигин автордук жеке мамиле

катары кабылдайбыз. Мындай автордук көз карашты өзү жашаган доордогу коомдук-социологиялык идеология менен байланыштырууга болот.

Мисалы,

Мен сөзүмдү баштадым кудайым деп,
1 Жараткандын жалгаса амири көп.

Жаратты, жерди көктү, Күн, Ай, түндү,
3 Жашоону жан-жаныбар жасап түрдүү

Каалады тиричиликти жаратканды
4 Болтурду бол дегени болуп калды, -

деген фрагменттеги негизги маалыматты "кудай" концепти түзөт. Кудай, диндик ишеним боюнча бүт дүйнөнү жаратуучу, башкаруучу, теңир, алла, күч деген маанидеги жалпы тааным. "Куттуу билим" чыгармасында автордук индивидуалдуулук аркылуу кудай көркөм концепт, тема катары милдет аткарат. Ал эми "жаратты", "каалады", "болтурду", "болуп калды" деген этиштик баяндоочтор, аталган темага байланыштуу бир өңчөй мүчөлүү зат атоочтордун семантика-структуралык байланыштары текстте маанилик бир блокту түзүштү. Бул жерде көрүнүп тургандай, маанилик блоктун подтексти аркылуу башка диндер сыяктуу эле ислам дининдеги адамдар кудайды бүт ааламдын жалгыз ээси деп кабылдашканын белгилей кетүү оң. Орто кылымдагы ислам идеологиясы өкүм сүрүп турган маалда "кудай" концепти, кудай түшүнүгү өтө курч кабылданып, мындай идея Жусуп Баласагындын дүйнө таанымы аркылуу да берилгендиги – ошо доордун өзгөчөлүгү катары мыйзам ченемдүү көрүнүш. Маселен, берилген чакан фрагменттеги «кудай» концептинин подтекстинде "кудайды бүт ааламдын жалгыз ээси деп карагандыгы, керек болсо, ааламды, адамды, жерди кудай жаратты, анын бол дегенинин бардыгы болуп калды" деген түшүнүк өз дооруна ылайык автордук мамилени туюндуруп турат. Автор жашаган доордогу коомдун, жеке инсандын жакшы жашоосу үчүн жакшылыкка үндөгөн ойлор,

түшүнүктөр динге, кудайды таанууга да байланышкан. Чындыгында, адамзаттын тарыхында кудайды таануу, анын амирин бекем тутуу менен адам коомунда моралдык-этикалык жол-жоболор сакталып, андай коом терс көрүнүштөрдөн оолак болорун бүгүнкү күндө да дүйнө элдеринин тажрыйбасы корсөтүп турат. Бул түшүнүк тууралуу ислам дининде жеке инсандын да, коомдун да бүт тагдыры, жашоосу, жалаң жакшылыкка үндөгөн этика-эстетикалык маселелер. эреже, жөрөлгөлөр менен шөкөттөлгөндүгүн, эчен кылымдар бою ошол жол менен өлкөлөр өз ишин жүргүзүп, жеке инсандар ошол нормалар менен өмүр сүрүшкөндүгүн, алар дүйнө жүзүндө азыр да күчүндө экендигин окумуштуулар белгилеп келишет (147, 1996, 114-бет.).

Көркөм тексте эстетикалык маанини туюндурган тилдик каражаттар өтө көп кездешет. Анткени көркөм текстти ансыз эстетүүгө мүмкүн эмес. Ал объективдүү чындыкты субъективдүү чагылдырууда автордук баам, мамиле, тааным менен ишке ашат. Тандалып алынган тилдик каражаттар көркөм чыгармада контексттик шартта **денотациялык мааниден өтүп, коннотациялык, подтексттик маанилерди туюндуруп калат**. Лексема, синтаксемалар автор тарабынан атайын тандалып, иргелип пайдаланылат да, **көркөм чыгармада образдуулукту пайда кылат**. Чындыкты, дүйнөнү көркөм чагылдыруу үчүн көркөм сөз каражаттары колдонулат. Көркөм тексте ар бир лексема, синтаксеманын орду жана аткарган кызматы болот. Ошондуктан көркөм тексте лексемалар өзүнүн семантикалык түзүлүшү жагынан образдуу мүнөзгө ээ. Көркөм чыгармада автор объективдүүлүктү, айлана-чөйрөнү, жаратылыш кубулуштарын өзгөчө сезими менен көркөм чагылдырат. Мисалы, Жусуп Баласагындын көркөм текстинде ал жашаган доордогу адилеттүү бийлик ээси тексттик тутумду түзсө, ушул теманы чагылдырып бериш үчүн тандалып алынган тилдик каражаттар көркөм, эстетикалык, образдуу маанини, көркөм информацияны туюндуруп тексттин уюшулушуна негиз болот.

Мисалы,

Бактар кийди окшошуп жашыл көйнөк

Кызыл күрөң, кара, көк, саймасы көп.

Тоолор да боенгонсуп осмо-басма
Алоолоп кочкул жашыл ушул чакта.

Элик ойнойт гүлдүн терип баригин,
Марал ойнойт сая кууп шеригин.

Күн бүркөлсө, булут ыйлап басылар,
Гүлдөр күлүп, күн тийгенде ачылар.

Бул келтирилген мисалдарда дүйнөнүн фрагментинин көркөм картинасы жана сезимдерди ойготкон ойлор, турмуштук фактынын негизинде метафораланган лексемалар аркылуу образдык-ассоциацияланган түзүлүштү (26, 2003) пайда кылып турат. Ассоциация мүнөзү объективдүүлүктү субъективдүү чагылдырууда автордун объективдүүлүк жөнүндөгү ички абалы, өзгөрүлмө жаратылыштын сулуулугун образдуу чагылдыруусу менен аныкталган. Образдуу-ассоциацияланган түзүлүштөгү айтымдар эстетикалык маанини туюндуруу менен көркөм тексттин өзгөчөлүгүн белгилеп турат. Мисал катары келтирилген фрагменттеги ар бир айтым аркылуу жаратылыштын сулуулугун чагылдырган бир нече информацияларды кабылдайбыз. Биринчи айтымдагы *бактар* деген негизги маанини туюндурган лексема тема катары берилген. Ал эми *кызыл, күрөң, кара, көк саймасы көп жашыл көйнөк кийди* деген сын-сыпаттык маанидеги бир өңчөй мүчөлөр аркылуу түзүлгөн айтымдык бөлүк темага карата предикативдик катышты түздү да, алар аркылуу метафораланган образдуу маани берилди. Башкача атканда, *жашыл жалбырактуу бак* жөнүндөгү маалымат семантикалык метафора катары өтмө маанини туюндуруп, сырткы окшоштуктары аркылуу саймалуу, ар түрдүү түстөгү көйнөк кийген адамга салыштырылды да, коннотативдүү маанини туюндуруп калды. Баяндалып жаткан семантикалык метафора айтымдын маанисин бүтүндөй образдуулукка айландырды. Ошентип, автор тарабынан көркөмдөп берүүнүн өзгөчө ыкмасы колдонулду. Экинчи айтым

деле ошондой мааниге ээ. Ал эми үчүнчү айтымдагы эликтин гүлдүн баригин терип ойношу, маралдын шеригин кууп ойношу жөнүндөгү көркөм информацияны кабылдоодо дароо эле гүл терип ойноп жүргөн улан кыздын образы көз алдыга тартылат. Бул жерде да метафранын күчү менен жапайы жаныбарлар «адамдаштырылган» форманы туюндурат. Берилген айтым өтмө маанини билдирип, өзгөчө бир образдуулукту, поэтикалык маанини жаратты. Акыркы айтымда чындыкты көркөмдөп берүү үчүн антитеза (грекче «карама-каршы» деген мааниде, анти – каршы, теза-ой) ыкмасы колдонулган. Күндүн бүркөлүшү менен жаандын жааганы, ал эми булуттардын жок болушу менен күндүн ачылып кетиши жөнүндөгү карама-каршы ой берилген. *Күндүн бүркөлүшү менен булуттун ыйлап басылышы* деген отмө маанилер адамдын сапатын, маанайын туюндурган бүркөө, ыйлоо деген денотаттык маанисинде эмес, автордук, стилдик ыкмада салыштыруу менен көркөмдүүлүктү, образдуулукту туюндуруу максатында жаандын жаап басылышы жөнүндөгү коннотативдүү маанини билдирет. Ал эми булуттардын жок болушу менен, күндүн чакчыйып тийип калышы жер бетине жылуулук берип, анын натыйжасында гүлдөрдүн бажырайып ачылышы жөнүндөгү жаратылыштын сулуулугун туюндурган фактыны берүүдө *гүлдөр күлүп күн тийгенде ачылар* деген семантикалык метафора образдуулукту, көркөмдүүлүктү туюндуруу максатында колдонулган. Берилген чакан фрагментеги ар түрдүү информациялар «жаратылыштын сулуулугу» деген жалпы теманы туюндуруп турат. Ошол эле учурда фрагментти түзүп турган айтымдардын семантикасына ылайык мезгилдик, мейкиндик абалды да кабылдоого болот. Анткени айтымдардагы *жашыл бак, гүлдүн ачылышы, жаандын жаашы, тоолордун жашыл тартышы, элик, маралдардын жайылып жүрүшү* жөнүндөгү фразалардын семантикалык жактан бир темага карай багытталышы белгилүү бир мезгилдик-мейкиндик абалдан кабар берет. Башкача айтканда, биз бул тексттен жаз мезгилиндеги пейзаж (жаратылыштын сулуулугу) жөнүндө кабылдайбыз. Автордун жеке стили менен уюшулган

бул көркөм образдуулук негизги теманы, хакандын (хандын) бийлигин чагылдырып берүү максатында колдонулган.

Мага ошондо Аалам өзү үн салды,
Көрдүңөрбү хакан жүзүн ажардуу.

Берилген айтымдан автордук тааным аркылуу контексттик маанини туюндурган, орто кылымдардагы түрк урууларын бириктирип турган Караханий мамлекетинин башчысы Богрохан жөнүндө маалымат ала алабыз. Ошол учурдагы жалпы элге оптимисттик маанай, жаркын жүз тартуулаган хакандын (автордук лексикон) бийлиги жөнүндөгү подтексттик маанини кабылдайбыз. Жакшынакай сулуулукту тартуулаган, жаркын маанайды пайда кылган жаз мезгилиндеги пейзаждык сүрөттөөнүн автор тарабынан тандалып алынышы да ушул хакандын жаркын жүзүнө гана эмес, адилеттүү бийлигине, жалпы элге бейкут жашоо, бейпил заман алып келгендигине байланышып, семантикалык жактан булар ичкериден синонимдик катышты түзүп турат. Автордук тааным аркылуу мындай бийликти бир гана эл эмес, курчап турган чөйрө, жаратылыш, бүт аалам коштоп, жактырып, сезип тургандай образдуулукту кабылдайбыз. Жаз мезгили, көк-жашыл тарткан жаратылыштын сулуулугу адамдын көңүлүн көтөрүп, өзгөчө сезимди пайда кылат. Мына ушул мезгилди, пейзаждык көрүнүштү автор элдин бейкут, бейкапар, көңүлдү көтөргөн жашоосу менен синонимдеш колдонгон. Мындай көркөм маани, көркөм образ текстти тутумундагы негизги маанини, өкүмдардын бийлигин чагылдырып берүү үчүн колдонулган. Коомдук жашоонун мыйзам ченемдүүлүгү катары адамдарды үмүттөндүрүп, алга умтулткан бир идеал жакшы, адилет башкаруучу, өкүмдар, ажо жөнүндөгү ойдун илгертеден бери эле тарыхта жашап келгендигин, автордук тааным аркылуу кылдат белгиленген. Орто кылым доорундагы Караханий мамлекетиндеги түрк элинин бактылуу жашоосу үчүн мындай өкүмдардын (падыша, хан, ажо ж.б.) бийлик кылышы алардын дүйнө таанымы менен байланыштуу болгон. Мисалы, автордун

пикири боюнча, «жакшы өкүмдар» - Кудайдын, Теңирдин, философиялык тил менен айтканда, «дүйнөлүк рухтун» тандап алган өкүлү, бизге жиберген куту. Ошол себептен автордук таанымда да мындай инсандын мамлекет башына келип турушу кудай жиберген кут деп белгиленип, «Түрк куту» деген ат коюлат. Өкүмдардын жүргүзгөн адилет бийлиги менен элге бейпил замандын орногондугу жөнүндөгү ой тилдик каражаттар менен поэтикалаштырылып, жаратылыштын сулуулугу аркылуу көркөм образдаштырылып, автордук жеке стилди туюндуруп турат.

Ошентип, жогорудагы тексттик тутумдарды түзүп турган айтымдардагы тилдик каражаттар көркөм тексте эстетикалык функцияны аткаруу менен семантикалык жактан коннотативдүү маанилерди туюндурат. Автордук стиль аркылуу тандалган тилдик каражаттар, пейзаждык сүрөттөөлөр «жакшы хакандын» адилеттүү бийлигин, элдин бейкут жашоосун көркөмдөп берүүдө поэтикалык образдуулукту туюндуруу максатында колдонулган. Ушундан улам атайын тандалып алынган тилдик каражаттар автордук стилдин белгилери катары кызмат кылышат деген жыйынтыкка келүүгө болот.

КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн бул изилдөөдө Ж.Баласагындын "Куттуу билим" чыгармасы бүтүн көркөм текст катары каралып, анын мазмунуна жана маанисине ылайык тексттик бүтүндүктү түзүп турган семантиканы жана структураны когнитивдик-прагматикалык аспектиде анализдөөгө басым жасалды. Монографияда жогорудагы максатты иш жүзүнө ашырууда "Куттуу билим чыгармасы маалыматтык негизги бирдик – текст катары изилдөөнүн объектиси болду.

Азыркы учурда **тексттин семантикасын лингвистикалык жактан изилдөө антропоцентристтик багыттагы анализдер менен тыгыз байланышта карала баштады.** Текстти эң жогорку чектеги коммуникативдик, динамикалык бирдик, кептик бүтүн структура катары антропоцентристтик багытта мүнөздөө прагматикалык, когнитивдик аспектилер менен тыгыз байланышта каралышын шарттайт. **Текстке карата жүргүзүлгөн когнитивдик анализ тилди системалык түзүлүш катары ар тараптан изилдөө үчүн гана эмес, тилди адам аркылуу, анын аң-сезими, дүйнө көз карашы, үрп-адат, каада-салты, маданияты, ой-жүгүртүү ишмердиги менен тыгыз байланышта карап иликтөөгө алуу болуп саналат.** Ошондуктан аталган поэтикалык тексттин семантикасын жана текст катары уюшулушун аныктоо андагы ачкыч сөздөрдү жана айтымдардын текст куроочулук мүмкүнчүлүктөрүн териштирүү менен гана чектелбестен, аны менен бирге когнитивдик аспектинин объектиси болуп эсептелген концепттердин текстти уюштурушун анализдөө менен байланышкан.

Текст семантика-структуралык бүтүндүк катары түзүлүштүн белгилүү бир эреже мыйзамдарына ээ болуу менен, аны түзүп турган бирдиктердин маанилик жана формалык биригүүлөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык түзүлөт. Ушундан улам тексттеги семантика-структуралык байланыштарды локалдык байланыш жана глобалдык байланыш деп эки түргө бөлүп кароого болот. **Локалдык байланыштын** өзүнө тиешелүү бир нече: пресуппозиция, импликация, тема-рема, индекстик сөздөр сыяктуу ж.б. бир нече белгилери түрлөрү бар.

Мисалы,

Орундуу сөз акыл эстен от алат,
Орунсуз сөз ийиниңден баш алат.

Биринчи саптагы пресуппозициялык бөлүктө *"ачык айкын, так, жеткиликтүү, таасирдүү, ойлонуп сүйлөө ж.б. адамдын интеллектуалдык деңгээлин билдирет. Мындай сүйлөгөн адамдын кеби башкаларга да таасир берип, анын негизинде кадыр-баркка, сый-урматка ээ болот"* деген сыяктуу божомолдоолор окурмандын оюнда болот. Ал эми экинчи сапта *"көп сүйлөө, жаңылуу, ойлонбой сүйлөө, ойду так эмес жеткирүү ж.б. бардык учурда зыян алып келет. Көп сүйлөгөн адамдын сөзү маанисиз, мазмунсуз, тажатма, уккулуксуз да болот, сый-урматтан кетет"* деген сыяктуу пресуппозициялык болжолдуу маани окурмандын логика-интуитивдик кабылдоосу менен айкындалат.

Прессупозиция менен импликация ачык айтылбаган маалыматты жеткирүүдө жана түшүнүүдө маанилүү ролдорду ойнойт. **Пресуппозиция** (пре - лат. prae – **алдын ала**, алды; suppositio **божомолдоо,** презумпция) - деген термин менен байланыштуу. Ал **сөз менен айтылбаган нерселерди болжолдоп билүү, текстти адекваттуу, контексттин алкагында түшүнүү дегенди билдирет. Пресуппозиция айтымды уюштуруп турган сөздөр менен конструкциялардын түзүлүшүнөн суурулуп чыккан мааниден улам пайда болгон кошумча маани**ни билдирет. Мындай маани окурмандын логика-интуитивдик билими менен айкындалат. Ал эми импликация пресуппозициядан айырмаланып, **тексттин тутумундагы айтымдан суурулуп чыкпастан, көп түрдүү маанилердин тутумунан пайда болот.** Тактап айтканда, **импликация тилдик, когнитивдик, семантикалык мейкиндикте жаралат.** Ошентип, импликация дүйнө, абал, нерсе, жүрүм-турум ж.б. жөнүндө жалпы билимдер менен коштолот. **Имплициттүү байланыш** – бул **тилдик бирдиктердин жардамы менен аныкталбайт.** Ал **кептик бирдиктерге ылайык маанилерден улам аныкталат.** Мындай

байланыш мазмунга айкаш түзүлүп, автордун же адресаттын аңсезиминде, оюнда болот.

Мисалы,

Мен мында көп нерсени айтып бүттүм,
145 Билим акыл негизи бардык иштин.

Окуу – түндө алдыңдагы шам чырак,
290 Билим алсаң маңдай ачык жаркырап.

Сокур дешет билимсизди - жөн дебе
291 Окуу гана жарык чачат дүйнөгө.

Билим байлык, четин эмес, кыпынын,
315 Эң айлакер ууру алалбайт мунум чын.

Билимдүүгө окуу – кийим, аш болот,
319 Билимсиздер ушак менен дос болот.

Жогорудагы айтымдардын семантикасын кабыл алуу менен, адресат адамдын алдыдагы бардык максатына **билим** аркылуу гана жете ала турганын, ал бардык нерселерден айырмаланган өзгөчө байлык экендигин, түгөнгүс, уурдалгыс рухий кенч экендигин баамдайт. Канчалык билим алып, көп окусаң, жашоо-турмуш жолун ошончолук терең өздөштүрө аласың, бактылуу жашоого умтуласың. **Билим** адам баласынын акыл-эсин, жан дүйнөсүн байытып, турмуш-жашоодо өз ордун табууга, табигый, коомдук кубулуштарды туура аңдай билүүгө мүмкүндүк берет. "Куттуу билим" көркөм чыгармасындагы көптөгөн тексттик тутумдарды түзүп турган чындыктын ар түрдүү фрагменттери жөнүндөгү оюн автор **билим** менен, **билимдин** мааниси менен бекемдеп, чыныгы **билим** гана адамды бийик даражага жеткирерин айтып, ар бир тексттин динамикалык өнүгүүсүндө семантикалык аяктоого алып келип турат. Бул көркөм текст акылдууларга арналгандыгын, окуучуларынын билимдүү болушун шарттап, аларды илим-билимге жетсе экен деген оюн билдирет. Ал өзүнүн акылдуу, зирек ойлорун баалай алган,

түшүнө алган окуучулар болгондо гана, эмгеги даңазаланарын билет. Ошондуктан айланасындагылардын акыл-эстүү, билимдүү болушун тилейт. Тексттин тутумун түзүп турган маани-мазмун, ой-пикирлерге түркөй адам түшүнбөйт.Демек, бул жагдай "Куттуу билим" текстиндеги баштан аяк берилүүчү семантиканын имплициясы, подтексти, жалпы тексттин мазмунунан суурулуп чыккан өзөк мааниси болуп эсептелет.

Текст аны түзүп турган бирдиктер аркылуу уюшулат. **Тексттин эң кичине бирдиги – айтым.** Структуралык жана мазмундук байланыштардын негизинде топтолгон бир же бир нече айтымдардын жыйындысынан текст куралат.

Айтым логика-коммуникативдик негизи боюнча, негизинен, **эки компоненттен турат**. Алар тема жана рема (тема – баштапкы маалымат, рема – теманын улам жаңы жагы, белгиленген (искомое) маалымат. ***Тема* жана *рема* айтымдагы ойдун кийинки айтымга карата кыймылын билдирген тексттик байланышты аныктоочу башкы белгилерден болуп эсептелет.** Кептик **айтымдагы тема-ремалык катыш анын грамматикалык структурасына эмес, мазмундук уюшулушуна, логиканын закондоруна байланыштуу каралат.** Айтымдар өз учурунда текстти бүтүндүк катары уюштуруу үчүн түзүлгөн маанилик жана грамматикалык байланыштар аркылуу андан чоңураак блок-фрагменттерге биригет. Эң кичине блоктун темасы – бул айтымдын темасы. Ал адаттагыдай айтымдын биринчи фразасында эле берилет, номинацияланат. Бир темадан экинчи темага өтүүнү айтымдык чектин белгиси деп түшүнүүгө болот.

Мисалы,

Т1 **R 1**
Сөз тазасы акылдуулук белгиси,
Т2 **R2**
Акылсыз жан айбан менен тең киши.
Т3 **R3**
Бул тууралуу ыр жазып мыкты акын
585 Айтыптыр «Токтоо болгун, шашылбагын.

Жогоруда көрүнүп тургандай, поэтикалык тексттеги мисалга алынган айтымдын чеги мааниси боюнча так аныкталып турат. Поэтикалык текстте тема-ремалык конструкциялар өзүнчө блок-блок түрүндө бири-бири менен чиркелишип байланышкан.

Мисалга алынган айтым өзүнчө семантика-структуралык жактан бекем чырмалышкан блокту түзүп турат. Мындагы жайгашкан тема-ремалык конструкция өз ара бири-бири менен семантикалык жактан айкашып, байланышат.

Демек, көркөм поэтикалуу тексттерде тема-ремалык конструкциялар **бир түрдүү болбостон, ар түрдүү мүнөздө болуп, ыр түзүлүшүнүн ар кылдуулугун, кайталангыстыгын жаратат.** Тема-ремалык конструкциялар жана алардын бири-бирине болгон карым-катышынан айтымдардын чегин аныктап билүүгө болот.

Көркөм текст чындыгында ушул сыяктуу логика-коммуникативдик ырааттуулуктардын негизинде түзүлөт. Айтымдар аралык тема-ремалар андан чоң блокторду, семантикалык-структуралык мазмунга ээ болгон блоктор белгилүү бир текстти жаратат. Бир нече тексттердин тутуму жалпы **тексттик глобалдуулук менен байланышта болуп, бир бүтүндүккө ээ болгон көлөмдүү көркөм чыгарманы түзүүгө катышат.**

Ал эми ***глобалдык байланыш*** - бул тексттин ички маанилик жана мазмундук байланыштары аркылуу тексттин бүтүндүгүн камсыз кылган байланыш тексттин мазмундук бүтүндүгүн аныктоодо андагы ачкыч сөздөрдү анализге алуу абдан маанилүү. **Ачкыч сөздөр (айрым бир ачкыч сөздөр когнитивдик мамиленин мыйзамдарына ылайык концепттик милдетти аткарышат) – бул текстти түшүнүү түйүнү. Алар аркылуу тематикалык** жана **концептуалдык жактан тексттин** жана анын фрагменттеринин **биригиши аныкталат**. Ошондой эле өзүлөрүнүн түзүлүшү менен ачкыч сөздөр **тексттин мазмундук системасын уюштуруп**, текстти кабылдоого, түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Темалардын биримдиги ачкыч сөздөрдүн ырааттуу түрдө (синонимдер, жана кайталанган аталыштар (номинация) аркылуу) кайталанышынан улам камсыз болот. **Ар**

бир ачкыч сөз контекстин чегиндеги мааниге ээ болуп турат. Ошондой эле алар өз алдынча турганда да, өзүнө тиешелүү маанини туюндурат.

Мисалы,

Билим берди адамзат улуу болду,
Окуу менен көп ачты сырдуу жолду.

Билим бийик түгөнбөс окуу –улук,
Адамда ушул эки артыкчылык

Окугандар акылдуу улук болор,
Билимдүүгө түгөнбөс байлык конор.

Берилген чакан текстти семантикалык жактан кабылдоодо "билим" менен "окуу" деген борбордук маанини туюндурган ачкыч сөздөр биздин ой-жүгүртүүбүздүн элегинен өтөт. Мында негизги маалыматты алып жүргөн ***"билим", "окуу"*** деген ачкыч сөздөр тексттин бүт фрагменттерин өзүнө камтып турат. ***"Билим", "окуу"*** текстти когнитивдик аспектиде анализдөөдө **концепттер** деп да аталат. Алар фраза аралык бирдиктерден турган (*"адамзат улуу болду", "ачты сырдуу жолду", "адамдын артыкчылыгы", "акылдуу улук болор", "байлык конор" деген*) тексттин фрагменттерин өзүнө камтыйт. Билим, окуу жөнүндө теманын кеңейтилиши, жайылтылышы үзүндүнүн башка тереңдикте жаткан маанисин, башкача айтканда, билимдин маанисин байкоочунун жан дүйнөсүнө, көз карашына терең сиңирүүгө жардам берет. Билим менен окуу адамдардын артыкчылык белгиси экендигин баяндоо менен, автор билимдүү болуу, көп окуу адамга кандай улуулукту, байлыкты, акылмандыкты алып келе тургандыгын кыйытып айтып, окурмандын кабылдоо реакциясын ойготот, аны да ошондой билимдүү болууга үндөйт. Автордун "билим" концептине карата жеке көз карашы да байкалып турат. **Ошентип, ачкыч сөздөр жөн гана тексттик түзүлүштүн фону катары берилбестен, тексттин терең маанисин, автордук көз карашты да түшүнүүгө шарт түзөт. Ачкыч сөздөр тексттин семантикалык**

талаасын түзөт. Булар - көркөм текстте маанилик лейтмотив да болуп саналат. Эреже катары ачкыч сөздөр айтым менен, тексттин фрагменти менен жана тексттин темасы менен тыгыз байланыштуу. "Эгерде бир айтым болсо, анда ачкыч сөз, сөзсүз түрдө, анын борбордук маанисин ээлейт. Көркөм тексттеги ачкыч сөздөрдү тема-ремалык катыштын шартында тема деп атоого болот. Так ушул сөз татаал бүтүндүктүн бөлүгүндө жайгашкан микротеманы ачып берүүчү сөздөрдү өзүнө тартып, семантикалык бүтүндүктү жарата алат. Ачкыч сөздөр тексттин семантикалык негизги элементи катары сөздүн авторунун тигил же бул образдык системасынын борборунда орун ээлейт. **Айрым бир ачкыч сөздөр когнитивдик мамиленин мыйзамдарына ылайык концепттик милдетти аткарышат.**

Диссертациялык иште айтымдар аралык теманы жана тексттин темасын түзгөн айрым бир концепттердин текстти уюштурушу "Куттуу билим" чыгармасынын текстине анализ жүргүзүү аркылуу аныкталды.

Концепт текстти семантика-струкуралык жактан изилдөөдө когнитивдик аспектинин изилдөө объектиси болгондуктан, когнитвдик-прагматикалык аспектилерге тиешелүү теориялык жоболорду колдонууга аракеттер жасалды. Изилдөө антропоцентристтик багытта жүргүзүлүп жаткандыктан, автор менен адресатка тиешелүү маселелер каралып, прагматикалык аспектинин айрым бир теориялык маселелери иште колдонулду.

Көркөм текст – таанып билүү процессинен сырткары түзүлбөйт. Ошондуктан **тексттин семантикасы когнитивдик мүнөзгө ээ. Когнитивдик аспектинин максаты – дүйнөнүн картинасын жана тилдик аң-сезимдин орношун моделдештирүүгө багытталган. Когнитивдик лингвистикада** изилдөөлөрдүн борборунда **маалыматты кабылдоо, сактоо, иштеп чыгуу процесстери негизги ролду ойнойт.** Адам маалыматты кабылдоо менен, аны аң-сезиминде ой-жүгүртүү кыймылдары менен байланыштырат да, андан жаңы ойлорду жаратат. **Тилге кайрылбай туруп, адам маалыматты өздөштүрүп, жаңы ойлорду жарата албайт.** Ошондуктан **тил**

когнитивдик лингвистиканын негизги каражаты болуп эсептелет. Дүйнө жөнүндөгү белгилүү бир **ой-жүгүртүүлөрдүн калыптанышы** – психологиялык жактан чагылдыруунун **үч баскычынын** карым-катышынын жыйындысы болуп эсептелет. Алар **сезимдик кабылдоо, элестөөлөрдүн калыптанышы, кептик ой-жүгүртүү ишмердиктери** менен аныкталат. **Бул ишмердиктер** маалыматтын же бир нече маалыматтардын кошулмасы аркылуу **мазмундуу түшүнүктү пайда кылат. Мындай процесс** когнитивдик багыттагы изилдөөлөрдүн негизи болуп эсептелген **концептти** жана **концептуалдык системаны анализдөө менен байланышкан**.

Концепт тилди когнитивдик аспектиде изилдөөнүн эң негизги объектиси болуп эсептелет. Ал объект, нерсе, кубулуш жөнүндөгү сөздүн лексикалык мааниси гана эмес, бир нече лексемалар аркылуу уюшулган түшүнүктүн мазмуну дегенди түшүндүрөт. Концепт түпкү мазмун (смысл) менен синоним термин болсо, ал эми түшүнүк маани (значение) менен синоним термин. Сөздүн мааниси тигил же бул предмет жөнүндө түшүнүктү билдирет, башкача айтканда, ал – белгилүү бир тилдин нормаларына ылайык кабыл алынып, туура деп эсептелген лексикалык бирдик. Ал эми **концепт** ошол **предмет жөнүндөгү түшүнүктүн мазмунун туюндурат.**

Концепттер таанып билүүчү концепттер жана **көркөм концепттер** деген эки багытта изилденет. Эгерде **таанып билүүчү концепттер жалпылыкка ээ болсо, ал эми көркөм концепттер индивидуалдуу мүнөзгө ээ. Көркөм концепттер индивидуалдуу, психологиялык жактан татаал, белгилүү бир авторго таандык түшүнүктөрдү, элестөөлөрдү, эмоцияларды, кайсы бир учурда көркөм ассоциацияны көрсөткөн мүнөздөргө ээ. Көркөм концепт таанып билүүчү концепттердин уландысы. Көркөм концепттин** таанып билүүчү концепттен айырмасы, биринчиден, ал **ассоциацияга,** экинчиден, **образдарды ачып берүүгө,** ар түрдүү эмотивдик маанилерди да туюндурууга **багытталган өзгөчөлүктөргө ээ. Көркөм концепттер бири-бири менен карым-катышта, бирин-бири шарттоочу мамилелерде болуу менен,**

жыйынтыгында **автордук дүйнөнүн көркөм картинасын түзөт. Автор эмоционалдык, маданий тажрыйбаларга канчалык бай болсо, анын концепттери ошончолук арбын жана мазмундуу болот.** Тилдеги кадыресе сөздөр белгилүү бир жазуучу тарабынан эстетикалык маселелерди чечүү үчүн зарыл болуп, негизги концепттерди-символдорду түзүшөт. **Ар бир концепт дүйнөнүн тилдик картинасынын фрагменти болуп эсептелет. Ар кандай тилде сүйлөгөн адамдар белгилүү бир шартта бири-бирине жакын дүйнөнүн концептуалдык картинасына ээ болушат**, ал эми бир тилде сүйлөгөн адамдар ар түрдүү. **Ошентип, дүйнөнүн концептуалдык картинасы жалпы адамзаттык, улуттук жана жеке мүнөздөргө ээ.**

Адамдын акыл-эсиндеги бардык концепттердин жыйындысынан турган менталдык деңгээл же менталдык уюшулуш концептуалдык системаны түзөт. Ал эми **менталдуулук – дүйнөнүн картинасын өзгөчөлөнтүп курууга кирген ой-жүгүртүү процесстеринин жыйындысы. Концептуалдык система – адамдын тажрыйбасын, ишмердигин чагылдырган дүйнө жөнүндөгү билимдеринин жана ой-пикирлеринин системасы.** Ал эми **концептуалдык системанын негизинен көркөм концептуалдык система жаралат. Көркөм концептуалдык система индивидуалдуу мүнөзгө ээ.** Анткени ал белгилүү бир элдин өкүлү болуп эсептелген адамдын (автордун) дүйнө таанымындагы текст аркылуу берилет.

Көркөм чыгармадагы чындыктын ар түрдүү фрагменттери өз-өзүнчө текст же тексттин сериялары түрүндө берилет. Ал эми дүйнөнүн тилдик картинасынынын фрагменттерин түзгөн концепттер тексттер аркылуу түшүндүрүлөт.

Дүйнөнүн тилдик картинасы – дүйнөнүн жалпы концептуалдык моделинин эң негизги бөлүгү болуп эсептелет. **Дүйнөнүн тилдик картинасынын структуралык бөлүгүндөгү негизги орунду жалпы маданияттын негизги концепттери ээлейт. Маданияттын негизги концепт**ерине төмөндөгүдөй түшүнүктөр тиешелүү: **“уят”, “адилет”, “билим”, “тил”,**

“мамиле” “интеллигенттүүлүк”, “мекен” ж.б. ж.б. кирет. **Дүйнөнүн тилдик картинасын көрсөтүү үчүн негизги концепттер жана ачкыч сөздөр, алардын тема-ремалык катышы, семантикалык талаалары изилдөөгө алынды. Көркөм тексттин семантикасы подтекст аркылуу түшүндүрүлдү.**

Жусуп Баласагын дүйнөнүн жалпы концептуалдык моделине, ошондой эле белгилүү бир учурдагы, **орто кылымдардагы түрк элинин**, анын ичинен кыргыз элинин **жалпы маданиятын**, тарыхын, **дүйнө таанымын** чагылдырган **тилдик картинасынын** концептуалдык системасына, өзүнүн жеке таанымына таянып, **бир нече көркөм концепттердин жыйындысынан турган көркөм концептуалдык системаны иштеп чыккан.**

Тилдик каражаттардын аткарган кызматы, бардыгынан мурда, чындык жөнүндө маалыматты этникалык көз караштар менен байланыштырат. Ошондуктан чындык бардык эле адамдарга бирдей таасир этет. Ал эми аны кабылдоо, оздөштүрүү ар бир элдин өзгөчөлүгү, жашоо шарты, жөндөмдүүлүгү, тили менен шартташкан. Коомдогу ар бир тил дүйнөнү өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша бөлүштүрөт. Белгилүү бир тилдин өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. Башкача айтканда, **белгилүү бир тилдин негизинде дүйнөнүн картинасы же модели жатат жана баяндоочу айтымдын мазмунун ушул моделге ылайык уюштурууга милдеттүү. Ошондой эле белгилүү бир элдин өзүнө мүнөздүү болгон дүйнөнүн модели жалпы, универсалдуу мүнөздөргө да баш нет.**

Дүйнөнүн тилдик картинасы универсалдуу. Анткени аны жаратуучу жалпы эл болот. Ал эми **дүйнөнүн көркөм картинасы индивидуалдуу**, анткени ал ошол элдин өкүлү болуп эсептелген белгилүү адамдын (автордун) тексти аркылуу жаралат. Демек, **автор «объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы» болуп эсептелет. Объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы жалпы элдин тили аркылуу эмес, ошол элдин өкүлү болуп эсептелген автордун тили аркылуу көркөм**

тексте чагылат. Дүйнөнүн көркөм картинасы жеке автор аркылуу жаралгандыктан, белгилүү бир денгээлде ага тиешелүү болгон тилдик өзгөчөлүктөрү да бар болот. Ошентип, белгилүү бир элдин таанымы, аң-сезими, маданияты гана эмес, автордук концептуалдык дүйнөнүн өзгөчөлүктөрү да тил аркылуу берилет. Автордун тилдик байлыгы белгилүү бир элдин тилинин лексикалык, грамматикалык байлыгын гана билдирбестен, ошол элдин концептуалдуу дүйнөгө бай экендигин, автордук концептуалдык дүйнөнүн деңгээлин да көрсөтүп турат.

Көркөм тексттердеги **модалдуулук** деген түшүнүк бул – **адресатка карата автордун мамилеси, концепциясы, көз караштары, позициялары, баалуу багыттары** дегенди түшүндүрөт. Модалдуулук автордун адресатка карата мамилесин көрсөтүүдө текстти өз алдынча турган бирдиктердин кошулмасы катарында эмес, бүтүн бир чыгарма катары кабылдоого түртөт.

Модалдуулук – бул **көркөм тексттердин эң негизги категориясы** болуп эсептелет. Чындыкты, дүйнөнү таанып - билүүнүн жыйындысы, автордук көз караш менен берилет. Бизди курчап турган бардык нерселер, окуя, процесстер, чындык бардыгыбызга бирдей эле таасир этет. Бирок, ар бирибиз чындыктын картинасын өзүбүздүн өзгөчөлүктөрүбүз менен кабылдайбыз жана аны кайра түзөбүз. Тексттеги модалдуулук тандалган тилдик бирдиктердин катарынан, маанилеринен гана турбайт. Мында текстте чагылдырып бере турган чындыктын ар түрдүү объектилерин тандоодогу автордук баам негизги ролду ойнойт.

Концептуалдуулук менен катар **модалдуулук тексттин бардык түзүлүш этаптарында, экстралингвистикалык** жана **лингвистикалык материалдарды колдонууда кызмат кылат.** Модалдуулук жана концептуалдуулук категориялары бири-бири менен эң жакын жана өз ара карым - катышта болот. Бул анын прагматикалык багыты, башкача айтканда окурмандын жооп берүү реакциясын ойготуу багыты болуп саналат. **Бардык жанрдагы жана стилдеги тексттер адресаттын жооптук кыймылына ылайык түзүлөт.**

Модалдуулук категориясы тексттик белги **«автордук образ» деген түшүнүк менен тыгыз байланышта каралат. «Автордук образ»** деген түшүнүк кепти уюштуруп турган түшүнүктөрдүн ачык айкын болгондугу менен аныкталат. Кепти иштеп чыгаруучу, жаратуучу – баяндоочу - субъект- «автордук образ» деген иерархиялуу бөлүштүрүү акыркы айтылган категориянын, автордун образынын маанисин түшүнүүгө жардам берет.

Автордун образы, албетте, **кептин бирдиктери аркылуу жаралат**. Кептик бирдик текст белгилүү адабий тилдик норманын негизиндеги тилдик каражаттар менен түзүлөт. Демек, тил каражаттары менен түзүлгөн текстти окурман кабыл алуу менен автордун образын кошо жаратат. Башкача айтканда, автордун образы кошо кабылданат. Автордун образы – бул түзүүчүнүн кеп жаратуудагы өздүк билдирүүсү. Бул көп учурларда субъект деп аталып, субъектинин аң-сезиминдеги объективдүү чындыкка болгон мамилесинин жаралышы деп каралат. Демек, тексттин түзүлүшүндө берилип жаткан нерсени көрсөтүүдө тексттин бардык элементтерин бир бүтүндүккө бириктирип кармап турган жеке мамиле – автордук образ болуп эсептелет.

Көркөм чыгармадагы көп сандаган маанилерди бир бүтүн системага бириктирип турган - бул автордун көркөм концептуалдык системасы. Ал автордук аң-сезим менен берилет. **Автордук аң-сезим когнитивдик моделдерди жекече түшүнүүнүн иреттелген системасы,** курчап турган чөйрөдөгү чындыкты чагылдырууда **автордун дүйнө таанымы**, башкача айтканда, адамдын объективдүү **дүйнөгө карата жалпы көз караштарынын системасы,** ошондой эле жеке адамдын андагы алган орду, **жашоо позициясы, умтулуусу, баалуу багыт алышы менен байланышкан.**

Демек, көркөм текстке семантикалык анализ жүргүзүүдө “автордук модалдуулук”, “автордук образ” категориялары эске алынып, андагы прагматикалык айрым мүнөздүү өзгөчөлүктөр иликтөөгө алынды.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. *Абдыкеримова А.* Лингвистикалык поэтика. – Каракол: Б.ж. 2008. – 198 б.
2. *Алефиренко Н.Ф.* Этноязыковое кодирование и культура // Филология и культура. – Тамбов, 2001.Ч.2. – С. 7-12.
3. *Апресян Ю. Д.* Избранные труды. Т. 2: Интегральное описание языка и системная лексикография. – М:. Яз.рус. культуры, 1995. – 766 с.
4. *Арутюнова Н.Д.* Предложение и его смысл. – М.: Наука, 1976. – 383 с.
5. *Арутюнова Н.Д.* Язык и мир человека. – М.: Яз. рус. культуры, 1998. – 896 с.
6. *Арнольд И.В.* Стилистика декодирования. – Л: Изд-во Ленингр. гос. пед. ин-та им. Герцена, 1974. – 76 с.
7. *Арнольд И.В.* Стилистика современного английского языка. – М.: Просвещение, 1990. – 300с.
8. *Аскаров Т.* Эстетическое постижение мира: Избр. ст. исследования. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982 – 319 с.
9. *Аскаров Т.* Эстетическая природа художественной условности. – Фрунзе: Илим, 1966. – 157 с.
10. *Аскольдов С.*А. Концепт и слово // Русская словестность: антология / Под ред. В.Н. Нерознака. – М., 1997. – С. 267-269.
11. *Ахматов Т.К.* Кыргыз адабий айтымынын негиздери. – Бишкек: Б.ж., 2000. – 190 б.
12. *Ахматов Т.К.* Кыргыз адабий тилинин нормалары. – Бишкек: Б.ж., 2003. – 167 б.
13. *Баранов А.Г.* Когниотипичность текста проблеме уровней абстракции текстовой деятельности) // Жанры речи. – Саратов, 1997. – Вып. 1. – С. 4-12.
14. *Бак Д.П.* Авторское сознание в литературном произведении. Теория и история. – М: РГГУ, 2001. – 115с.

15. *Баласагунский Юсуф.* Благодатное знание / Изд. подготовил С.Н.Иванов; Отв. ред. А.Н.Кононов. – М.: Наука, 1983. – 556 с.
16. *Байбосунов А.* Донаучные представления киргизов о природе. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 185 с.
17. *Барт. Р.* Лингвистика текста // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1978. – Вып. 8. – С. 442-450.
18. *Баястанова Т.И.* Кыргыз табышмактарындагы текстик кыйытма ой (подтекст): - Филол. илим. канд. … дис. Автореф. – Бишкек, 2006. – 24 б.
19. *Бахтин М.М.* Эстетика словесного творчества. – М.: Искусство, 1979. – 424 с.
20. *Бенвенист Э.* Общая лингвистика. – М.: Просвещение, 1974. – 447 с.
21. *Болдырев Н.Н.* Когнитивная семантика: курс лекций по английской филологии. – Тамбов: Изд-во Тамб. гос. ун-та, 2000. – 172 с.
22. Большой энциклопедический словарь. – 2-е изд., перераб. и доп. – М.: Норинт, 1997. – 145 с.
23. *Брудный А.* Наука понимать. – Бишкек: Фонд «Сорос-Кыргызстан», 1996. – 322 с.
24. *Брутян Г.А.* Язык и картина мира // Научн. докл. высш. щк. Филол. науки. – 1973. – № 1. – С. 19-31.
25. *Вайсгербер Й.Л.* Язык и философия// Вопр. Языкознания. 1993. №2.- С. 23-36.
26. *Валгина Н.С.* Теория текста. – М: Логос, 2003. – 250с.
27. *Васильев С.А.* Синтез смысла при создании и понимании текста. Киев: Наук. Думка, 1988. – 237с.
28. *Вежбицкая А.* Семантические универсалии и описание языков. – М: Яз. рус. культуры, 1999. – 780с.
29. *Вежбицкая А.* Сопоставление культур через посредство лексики и прагматики. – М: Яз. рус. культуры, 2001. – 272 с.
30. *Виноградов В.В.* О теории художественной речи. – М: Высш. шк., 1971. – 240с.
31. *Виноградов В.В.* О языке художественной прозы: Избр. тр. – М.: Наука, 1980. – 360 с.

32. *Винокур Г.О.* Филологические исследования: Лингвистика и поэтика. – М.: Высш. шк., 1991. – 452 с.
33. *Воркачев С.Г.* Лингвокультурология, языковая личность, концепт: становление антропоцентрической парадигмы в языкознании // Филол. науки. – 2001. - № 1. – С. 64-72.
34. *Гак В.Г.* Прагматика, узус и грамматика речи // Иностр.яз. в шк. – 1982. - №5. – С. 11-17.
35. *Гальперин И.Р.* Текст как объект лингвистического исследования. – М.: Наука, 1981. – 139 с.
36. *ГребенниковЕ. А., Рябов Ю.А.* Поиски и открытия планет. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 115 с. – На кырг. яз.
37. *Гумбольдт В.* Избранные труды по языкознанию. – М: Прогресс. 1984. – 397 с.
38. *Гуревич А.А.* Категория средневековой культуры. – М.: Искусство, 1984. – 350 с.
39. *Дейк ван Т. А.* Язык. Познание. Коммуникация. – М: Прогресс, 1989. – 310 с.
40. *Демьянков В.З.* Когнитивная лингвистика как разновидность интерпретирующего подхода // Вопросы языкознания. – 1994. – № 4. – С. 17-33.
41. *Дешериев Ю.Д.* Социальная лингвистика. К основам общей теории. – М.: Наука, 1977. – 382 с.
42. *Звегинцев В.А.* О цельнооформленности единиц текста// Изв. АН СССР. Сер. лит. и яз. – 1980. – Т. 39, №1. – С. 13-21.
43. *Золотова Г. А.* Роль ремы в организации и типологии текста// Синтаксис текста. – М, 1979. – С. 56-61.
44. *Золотова Г.А.* Коммуникативные аспекты русского синтаксиса. – М.: Наука, 1982. – 368с.
45. Исследование по структуре текста / Отв.ред. Т.В.Цивян. – М.: Наука, 1987. – 302 с.
46. *Изенберг Х.* О предмете лингвистической теории текста // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1978. – Вып. 8. – С. 43-56.
47. *Исаков К.* Чыгыш ренессансындагы Жусуп Баласагындын орду: Филол. илим. канд. … дис. – Бишкек, 2004 – 163 б.

48. *Каменская О.Л.* Текст и коммуникация. М: Высш. шк., 1990. – 151 с.
49. *Караулов Ю.Н.* Общая и русская идеография. – М.: Наука, 1976. – 355 с.
50. *Караулов Ю.Н.* Лингвистические основы функционального подхода в литературоведении // Проблемы структурной лингвистики. 1980. – М., 1982. – С. 20-37.
51. *Кибрик А.Е* Когнитивные исследования по дискурсу // Вопр. языкознания. – 1994. - №5. – С. 126-139.
52. *Кирсанова И. В.* Многозначность семантики текста как реализация индивидуальных стратегий понимания: Автореф. дис. … канд. филол. наук. - Уфа, 2007. – 25 с.
53. *Кожинов В.*В. Об изучении «художественной речи» //Контекст – 1973. – М., 1974. – С 176-196.
54. *Колшанский Г.В.* Контекстная семантика. – М.: Наука, 1980. – 149 с.
55. *Колшанский Г.В.* Соотношение субъективных и объективных факторов в языке. – М.: Наука, 1975. – 231 с.
56. Краткий словарь когнитивных терминов / Под общ. ред. Е.С.Кубряковой. – М.: Изд-во МГУ, 1996. – 245с.
57. *Кубрякова Е.С.* Семантика в когнитивной лингвистике (о концепте контейнера и формах его объективации в языке) // Изв.Рос. АН. Сер. лит. и яз. – 1999. – Т. 58, № 6. – С. 3-12.
58. *Кубрякова Е. С.* Человеческий фактор в языке. Язык и порождение речи. – М.: Наука, 1991. – 238с.
59. *Кубрякова Е.С.* Части речи с когнитивной точки зрения.// Изв. Рос. АН. Сер. Литература и язык. – 1997. – №3. – С. 14-31.
60. *Кубрякова Е.С.* О тексте и критериях его определения. Текст: семантика и структура. – М., 2001, - Т. 1. – С. 72-81.
61. *Кухаренко В.А.* Интерпретация текста. – Л.: Просвещение 1979.– 328 с.
62. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү / КыргызССР ИА., Тил жана адабият ин-ту; Ред. Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1969. – 776 б.

63. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 2 томдук. – I том. / Кыргыз ССР ИА., Тил жана адабият ин-ту; Ред.: Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1984. – 624 б.
64. *Левин Ю.*И. Семантический анализ стихотворения. // Теория поэтической речи и поэтическая лексикография. – Шадринск, 1971. – С. 12-23.
65. *Леонтьев А.А.* Признаки связности и цельности текста// Сб. науч. тр. МГПИИЯ им. М. Тореза. – М., 1976. – Вып. 103. – С. 168-172.
66. *Леонтев А.А.* Высказывание как предмет лингвистики, психолингвистики и теории коммуникации // Синтаксис текста / Отв. ред. Г.А. Золотова – М., 1979. – С. 18-36.
67. Лингвистика текста: Материалы научной конф. 1. – М.: Изд. Моск. пед. ин-та иностр. яз. им. Тореза, 1974. – 230с.
68. Лингвистический энциклопедический словарь. – М.: Наука 1990. – 683с.
69. Логико-гносеологические идеи мыслителей Средней Азии – Ташкент: Фан, 1967 – 85 с.
70. *Лосева Л.М.* Как строится текст. – М.: Просвещение, 1980. – 94 с.
71. *Лосева Л.М.* О синтаксическом и семантическом аспектах исследования целых текстов // Лингвистика текста: Материалы науч. конф. – М., 1974. – Ч.1. – С. 176-184.
72. *Лотман Ю.М.* Анализ художественного текста. – М.: Искусство, 1970. – 384 с.
73. *Лукин В.А.* Художественный текст: Основы лингвистической теории и элементы анализа. – М.: Ось-89, 1999. – 192с.
74. *Лысухин И.И.* Членение текста на основе категории образа времени и пространства. // Семантика слова и смысл текста. – Саранск, 1986. – С. 77-89.
75. *Малов. С.Е* Памятники древнетюркской письменности. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1951. – 452 с.
76. *Маразыков Т.С* Кыргыз тилиндеги текстти уюштуруучу каражаттар: Филол. илим. канд. ... дис. автореф. – Бишкек, 1996. – 26 б.

77. *Маразыков Т.С.* Текст таануу жана анын айрым маселелери. 1-китеп. Бишкек: "Бийиктик", 2005. – 144 б.
78. *Маразыков Т.С.* Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы, 2-китеп. Бишкек: "Бийиктик", 2005. – 167 б.
79. *Маразыков Т.С.* Кыргыз тилиндеги текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар, 3-китеп.- Бишкек: "Бийиктик", 2005. – 166 б.
80. *Маразыков Т.С.* Текстке карата ар түрдүү позициялар жана тексттин белгилери. // Жыйн: Түрк тилдери жана адабияты. Бишкек, 2003. – 163-172- б.
81. *Маразыков Т.С.* Подтекст – текстти уюштуруучу каражат катары // Вестн. КГНУ. – 1995. – № 2. – 15-24-б.
82. *Маслова В.А.* Современные направления в лингвистике. – М.: Изд. центр "Академия", 2008 – 272 с.
83. *Маслова В.А.* Лингвокультурология. – М: Изд. центр "Академия", 2001. – 208 с.
84. *Мигдал А.Б.* Некоторые параллели // Художественное творчество. – Л, 1986. – С. 18-23.
85. *Москальская О. И.* Грамматика текста. – М.: Высш. шк., 1981. – 183 с.
86. *Мусаев С.Ж.* Тексттин коммуникативдик структурасы: Филол. илим. д-ру … дис. автореф. Бишкек, 2000. – 36 б.
87. *Мусаев С. Ж.* Текст: Прагматика, структура. Бишкек: Раритет Инфо,
2000. – 322 б.
88. *Мусаев С.Ж.* Кыргыз тил илиминин маселелери – Вопросы кыргызского языкознания. – Бишкек: Б.ж., 2010. – 756 б.
89. *Мусаев С.Ж.* Кеп маданияты жана норма.- Бишкек: Б.ж., 1999. – 241 б.
90. *Нарынбаев А.И.* Жусуп Баласагын – чыгыштын чыгаан ойчулу. – Бишкек: Б.ж., 2002. – 40 б.
91. *Николаева Т.М.* Лингвистика текста // Лингвистический энциклопедический словарь. – М., 1990. – С. 267- 268.

92. *Некрасова Е.*А. Приемы языковой изобразительности в стихотворных текстах. // Поэтика. Стилистика. 1988-1990. – М, 1991. – С. 64-76.
93. *Новиков А.И.* Семантика текста и ее формализация. – М.: Наука, 1983.– 221 с.
94. *Новиков Л.А.* Художественный текст и его анализ. – М.: Наука, 1988. – 216 с.
95. Новое в зарубежной лингвистике. Вып. 8: Лингвистика текста. – М.: Наука, 1978. – 480 с.
96. Новое в зарубежной лингвистике. Вып. 17. – М.: Наука, 1986. – 424 с.
97. *Ноздрина Л.А.* Грамматика и поэтика // Филол.науки. – 1993. – № 5. – С. 59-69.
98. *Ноздрина Л.А.* О категориальном статусе некоторых лингвистических явлений // Вестн. ВГУ.Сер. Лингвистика и межкультур. Коммуникация. – 2001. – №2. – С. 39-46.
99. *Нурахметов Е.Н.* Эмоциональный компонент в картине мира художественного текста// Сб. науч. тр. /МГПИИЯ им. М. Тореза. – 1989. – Вып. 341. – С. 81- 98.
100. *Нургожина Ш.И.* Эмоционально-экспрессивная лексика казахского разговорного языка: Дис. … канд. филол. наук: 10. 02. 06. – Алма-Ата, 1989. – 145с.
101. *Остин Дж.Л.* Слово как действие // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1986. – Вып.7. – С. 22-31.
102. *Өмуралиева С.* Текст: семантика, структура. – Бишкек: Б.ж., 2002. – 233 б.
103. *ӨмуралиеваС.* Ч.Айтматовдун көркөм чыгармаларына лингвистикалык илик. – Бишкек: Б.ж., 1999. – 159 б.
104. *Өмуралиева С.* Тексттин семантикасы жана структурасы: Филол. илим. д-ру. ... дис. автореф. – Бишкек, 1999. – 45 б.
105. *Өмуралиева С.* Тексттин лингвистикалык теориясы. – Бишкек: Б.ж., 2005. – 155 б.
106. *Өмуралиева А.* Кыргыз макалдарынын тексттик табияты (Тексттик этнолингвистикалык аспект): Филол. илим. канд. ... дис. автореф. – Бишкек, 2008. – 22 б.

107. *Павилёнис Р.И.* Проблема смысла: Современный логико-философский анализ языка. – М.: Мысль, 1983. – 286с.
108. *Павилёнис Р.И.* Понимание речи и философия языка// Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1986. – Вып.17. – С. 380- 388.
109. *Пиотровский Р.Г., Рахубо Н. П., Хажинская М. С.* Системное исследование лексики научного текста. – Кишинев: Штиинца, 1981. – 159 с.
110. *Пищальникова В.А.* Концептуальный анализ поэтического текста. – Барнаул: Изд-во Барнаул. гос. ун-та, 1991. – 88с.
111. *Поляков М.Я.* Вопросы поэтики и художественной семантики. – М.: Сов. писатель, 1986. – 478 с.
112. *Попов И.В.* Семантика слова и текста. – М.: Наука, 1989. – 286 с.
113. *Пустовойт П.Г.* Взаимоотношение слова и образа. // Поэтическая стилистика. – Воронеж, 1982. С. 16-24.
114. *Родина Т.М.* Художественная картина мира как синтетическая многомерная структура // Художественное творчество. – М.: Наука,
1986. – С. 57-68.
115. Роль человеческого фактора в языке. Язык и картина мира. – М.: Наука, 1988. – 216 с.
116. *Рыскулова Г.* «Манас» эпосундагы сезимдин жана кебете-кешпирдин туюндурулушу (психолингвистикалык аспектиде): Филол. илим. канд. ... дис. автореф. – Бишкек, 2008. – 26 б.
117. *Салиев А.* Учение о мысли. – Бишкек: Илим, 2000. – 687 б.
118. *Сартр Ж.П.* Что такое литература? // Зарубежная эстетика и теория литературы. XIX-XX вв. – М., 1987. – С. 313-334.
119. *Сейдакматов К.* Кыргыз элинин календардык түшүнүгү. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987. – 64 б.
120. *Сергеев В.М.* Когнитивные методы в социальных исследованиях // Язык и моделирование социального взаимодействия. – М., 1987. С 3-20.

121. *Серль ДЖ.Р.* Что такое речевой акт? Классификация иллокутивных актов. // Новое в зарубежной лингвистике. – М., 1986. – Вып.17. – С. 151-170.
122. Смысловое восприятие речевого сообщения (в условиях массовой коммуникации) / И. А. Зимняя, А. А. Леонтьев, Т. М. Дридзе и др. – М.: Наука, 1976. – 263 с.
123. *Соболев П.В.* Художественная картина мира: ценностная значимость//Художественное творчество. – Л., 1986. – С. 32-36.
124. *Солганик Г.Я* Стилистика текста, – М.: Флинта:Наука, 1997. – 256 с.
125. *Сорокин Ю.А.* Этническая конфликтология. – Самара: Рус.лицей, 1994. – 94 с.
126. *Спиркин А. Г.* Мировоззрение // Философский энциклопедический словарь. – М., 1973. – С. 375-376.
127. *Степанов Ю.*С. В трехмерном пространстве языка. – М.: Наука, 1985. – 335 с.
128. *Степанов Ю.С.* Константы. Словарь русской культуры. Опыт иследования. – М.: Яз.рус.культуры, 1997. – 824 с.
129. Структура текста. / Отв. ред. Т.В.Цивльян. – М.: Наука, 1980. – 278 с.
130. Текст: семантика, структура. – Пятигорск: Просвещение, 1981. – 200 с.
131. Текст: семантика, структура. – М.: Наука 1983. – 302 с.
132. Текст как отображение картины мира: Сборник науч. тр. / МГПИИЯ им. М. Тореза. – Вып 341. – М.: МГПИИЯ, 1989. – 136 с.
133. *Телия В.Н.* К проблеме связанного значения слова: гипотезы, факты, перспективы // Язык – система, язык – текст, язык – способность. – М., 1995. – С. 173-204.
134. *Тимофеев В.П.* Поэтические словосочетания. // Теория поэтической речи и поэтическая лексикография. – Шадринск, 1971. – С. 24-31.
135. *ТокоевТ.Т.* Кыргыз тилиндеги экспрессивдүү синтаксистик конструкциялар. – Б., ЧП „Абыкеев“ 2006, – 209 б.

136. *Торсуева И.*Г. Интонация и картина мира художественного текста // Сб. науч. тр. / МГПИИЯ им. М. Тореза. М., 1989. – Вып 341. – С. 5-11.
137. *Тураева З.Я.* Лингвистика текста. – М.: Просвещение, 1986. – 125 с.
138. *Тураева З.Я.* Лингвистика текста. Текст: структура и семантика. – М.: Либроком, 2009. – 138 с.
139. *Тураева З.*Я. Лингвистика текста на исходе • второго тысячилетия // Вестн. Киев. лингвист. ун-та. Сер. Филология. – 1999. – Т.2, № 2. – С. 3-18.
140. Түрк тилдери жана адабияты: Илимий макалалар: 2-чыгарылышы. / Түз. С.Өмүралиева. – Бишкек: Б.ж., 2003. – 357 б.
141. *Усубалиев Б.* Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. – Бишкек: Б.ж., 1994. – 200 б.
142. *Федосюк М.Ю.* Неявные способы передачи информации в тексте, –М.:Из-во Моск. гос. пед. ин-та, 1988. – 85с.
143. *Хайдеггер М.* Разговор на проселочной дороге. – М.: Высш.шк., 1991. – 192 с.
144. *Черемшина Н.В.* Эстетический анализ художественного текста и подтекст // Анализ художественного текста. – М., 1976. – Вып. 2. – С. 32-43.
145. *Шабликова Н.*П. Композиционный и образный строй рассказа как типа целого текста: Автореф. дис. … канд. филол. наук. – М., 2007. – 26 с.
146. *Шанский Н.М.* Лексикология современного русского языка. – 2-е изд., испр. – М.: Просвещение, 1972. – 328 с.
147. *Шериев Ж.* Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты. – Бишкек: Шам, 1997. – 200 б.
148. *Щербак А.*Н. Грамматический очерк языка тюркских текстов X-XIII в.в. из восточного Туркестана. – М.; Л.: Из-во АН СССР, 1961. – 204 б.
149. *Щерба Л.В.* Языковая система и речевая деятельность. – Л.: Наука, 1974. – 427с.

150. Язык закона / С.А.Боголюбов, И.Ф. Казьмин, М.Д.Локшина и др.; Под. ред. А.С. Пиголкина. – М.: Юрид. лит., 1990. – 189 с.
151. Язык – система. Язык – текст. Язык – способность. – М.: Б.и., 1995. – 287 с.
152. Языковое сознание и образ мира: Сб. ст. / Отв. ред. Н.В. Уфимцева. – М.: Наука, 2000. – 320 с.
153. Язык. Человек. Картина мира. Лингвоантропологические и философские очерки: Материалы Всерос. науч. конф. Ч.1. – Омск, Изд-во ОМГУ, 2000. – 224 с.

МАЗМУНУ

БАШ СӨЗ 3

I БӨЛҮМ. ТЕКСТ ЖАНА АНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

1.1. Текст изилдөөнүн объектиси 15
1.2. Текст жана ага мүнөздүү белгилер 23
1.3. Тексттин прагматикалык, когнитивдик аспектилери.....43
1.4. Дүйнөнүн тилдик картинасынын текст аркылуу чагылдырылышы.....58
1.5. Көркөм тексттеги когнитивдик мүнөзгө ээ категориялар.....66

II БӨЛҮМ. ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТТУУ БИЛИМ" ЧЫГАРМАСЫНЫН СЕМАНТИКАСЫ ЖАНА ТЕКСТ КАТАРЫ УЮШУЛУШУ

2.1. Жусуп Баласагындын аалам таануучулук жана дүйнө түшүнүү системасы.....75
2.2. Жалпы адамзаттык жана улуттук мүнөзгө ээ ("акыл-эс", "билим", "илим", "адилеттүүлүк" ж.б.) концепттердин текстти уюштурушу.....89
2.3. Көркөм чыгармадагы этика, эстетикалык маанилерди туюндурган "тил", "адеп", "мамиле" концепттеринин текстти уюштурушу.....105
2.4. Жеке автордук мамилени туюндурган концепттердин тексттик өзгөчөлүктөрү.....124
КОРУТУНДУ.....132
ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР. 144

Подписано к печати 31.05.2011. Формат 70 x 100 1/32.
Бум. Офсет. №1 65г. Печать офсетная.
Объем 5,6 физ. печ. листов.
Тираж 100 экз.

Avrasyapress
Эркиндик 45. Тел: 665372
www.avrasyapress.com
info@avrasyapress.com

